АДЫЛОВА  АЙТИЛЛА

# ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ДИЛИМДЕГИ СЫРЫМДЫ

**Ош – 2017**



## АКЫНДЫН ОРОШОН ОЙ-ТОЛГООЛОРУНА ПИКИР

Мына менин колумда Баткен кызы, Кызыл-Кыя шаарынын тургуну Адылова Айтилланын колунан жаралган экинчи китебинин ырлар жыйнагы турат. Поезия күйөрмандарынын пикирлеринен кийин анын ырлары дараметтүү экендигине ынандым. Башка акындарга окшоп сөздү шурудай тизмектеп, уйкаштырып жазбаганы менен ыр саптарындагы мазмуну окурманды кайдыгер калтырбайт.

Каламгердин руханий дүйнөсүнө тынчтык бербей эркиндик мейкиндигине каалгып кетүү үчүн далалаттанып алдан тайбас күчүнө ишеним менен жашоо турмушубуздагы оң жана терс көрүнүштөрдү ачык-айкын жаза билгендиги айкөлдүк эмеспи. Ушунчалык назик, ийкемдүү аял затынын кайталангыс ой-толгоолору инсан катары аң-сезиминин өзүнө гана таандык жашоо тажрыйбаларын кантип өздөштүрө алган деп ойлоп кетесиң. Ооба, ал үчүн инсанга Алла тарабынан соогаланган ой-жүгүртүү үлүшүнүн бай, көркөмдүк жактан толук кандуу, мааниси жагынан таасирдүү, окурманды ойлонто, толгонто ала турган идея зарыл. Менин жупуну оюм боюнча ошондой идеяларды Айтилланын ыр саптарынан көрө алдым десем аша чапкандык болбосо керек.

Анын ырларынын багыттары өтө эле масштабдуу. Мага окурман катары Айтилланын поэзия дүйнөсүндөгү жупунулугу эстен чыккыс таасир калтырды. Ыр саптарын

жазууда жөнөкөй, жагымдуу эне тилибизди пайдалануучу ырларын дагы да көкөлөтүп, өзүнө жарашыктуу ыр жазуунун стили бар экендигин далилдеп турат. «Сүйүү жазы» деген ыр саптарында мындай дейт:

Суктандым сулуу жүздүү элесиңди,
Суусадым бир көрүүгө карегиңди.
Жалдырап жалооруган көздөрүңдү,
Түшүнбөдүм сыйкырыбы сезимдеги.

Кабагым карыш салуу жүзүмдөгү,
Үшүдүм жазгы гүлдөй күзүндөгү.
Көздөрүм жолуң карап тажабадым,
Караан көрсөм жашынып карай берчү деген, - сөздөргө терең ой жүгүртсөк адамдын ички дүйнөсүндөгү купуя сырды, махабаттын улуулугун, анын кереметин, так даана жеткире алган. Ооба, Айтилланын акын болууга толук акысы бар. Себеби ага атак-даңк, акындык аркылуу чоң байлык же болбосо жогорку мансап керек эмес. Болгону ага рухунан оргуштап жан дүйнөсүн туйлантып турган акындык дараметн жай алып, эли журтуна анын айтайын деген ойлору жетип, окурмандары , ыр ышкыбоздору алардан эстетикалык рахат алышып, даамдарын жана сезимдерин канаттандырышса болгону, ага андан артык дөөлөттүн зарылчылыгы жок. Айтилланын акындык географиясынын гаризонттору өтө кең. Анын ырлары аркылуу кайрылбаган багыттары өтө эле кеңири десем жаңылыш болбостур.

Анын мекенчилдиги, жеринин жаратылышын жогорку сезимталдыгы менен сүйүүнү, ага суктанууну, сулуулугуна сыймыктануу, түркүн тагдырлар, ата-эне, үй-бүлө, бала-чака, айлана-чөйрө, дос-жар, махабат, каалоолор, насааттар, жашоо философиясы жана башка ушул сыяктуу багыттар ыр саптарында кеңири жаратылган. Азырынча «Мен акын эмесмин» деп өзү биринчи китебинде айткандай Айтилла төбөсү обологон акындык даражасына жетпегени менен али баары

алдында. Ыр жазуу чеберчилиги күн санап калыптанып бара жаткандыгы кубанарлык. Эми ошол жазган ырларын шурудай бир жипке тизүү жөндөмүнө ээ болсо, Кыргызстаныбыздын Жазуучулар Союзу, кыргыз эли, дагы бир таланттуу акын кызы менен сыймыктанып калса ажеп эмес. Акындык чыгармачылыктар менен түйшөлүп, жашоо идеалдарынын компоненттерин күндөлүк турмушубуздан терип алуу өтө машакат иш. Ал үчүн өтө чыдамкайлык, түгөнбөгөн түйшүктөрдүн баскычынан өтүү зарыл. Бул багытта Айтилла чыгармачылык эргүүгө берилүү менен жан-дүйнөсүндөгү руханий байлыгынын өзүнө таандык ыкмаларынын жардамында иреттөө аркылуу бир максатка келтирүүгө дарамети жетерине ишенсе болот.

Чыгармасын окуп чыгып ушундай бүтүмгө келдим. Алгачкы жазган ырларына салыштырмалуу кийинкилери бир топко идеалдуулугу, төп келгендиги, ырдын мүнөзүн ача билүүсү алга жылган. Бул деген, чыгармаларынын гармониясына жана алардын ньюанстык айкалыштарына аракеттенип жаткандыгынан кабар берет. «Көктөм сыры», «Шыпаакер Замирге», «Журтум аман болсун», «Эл ишенген азаматтар», «Акча», «Жазгы жамгыр», «Базар Башы» жана башка ушул сыяктуу ыр түрмөктөрү, адам баласы башынан кечирип жаткан турмуштагы ар бир кыймылды кеңири чагылдырганы менен даана көрүнүп турат. Ушундан улам айткым келет, Урматтуу Айтилла чыгармачылыгыңыз ташкындай берсин! Ушундай акыныбыз бар деп, Сиз менен сыймыктанып жүрөлү.

***Касымов Тыныбек***
***Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн мыктысы, Кызыл-Кыя колледжинин доценттик милдетин аткаруучусу***

# ЭКИНЧИ КИТЕП

## АВТОРДУН ТАРЖЫМАЛЫ

Төрөлүппүн ай толуп түн киргенде,
Киндик каным тамган жерим Баткенде.
Мен кыргыздын кызымын сыймыктанган,
Базар-Башым учкан уям мекенге.

Уруум кыпчак Омоноктон атам Муса,
Атым койгон кубангандан Айтилла.
Бир туугандар алтообуз кудай берген,
Ар кимибмз үй-бүлөлүү ынтымакта.

Салам айтам окурманым баарыңа,
Жашым өтүп «пайгамбар» жаш убагымда.
Жүрөгүмдө кетпесин өзүм менен,
Ырлар жазып калтырайын алым барча.

Акындар жазышат ырлар канча,
Жазган ырым окубай таштап салба.
Акындардай жазбасам да ырларымды,
Күзгүдөн көрүп жаздым турмушумда.

Энелик мээр төгөм баарыңарга,
Ойлой берем толгонуп заманыма.
Кубанам сулуу жерим кыргыз элим,
Ыза тартам турмуштун катасына.

Өтөт өмүр бир күн келээр гүл замана,
Өнүп өскөн кыргыз элим суктанарга.
Жыйналып бир муштумдай кыргыз элим,
Алсаң алтын, жесең аш журтуңарда.

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Жазгым келет Ала –Тоо кыргыз жерин,
Бүркүт учкан аска зоо кең мекеним.
Жашыл арча тизилген карагайын.
Аркар. кулжа аралаган капчыгайын.

Жазгым келет Ысык көлдү, Соң- көлүн,
Чалкып жаткан көк мелжиген берметин.
Сары- Челек, Арстан-Бап жерлерин,
Сулуулугу суктанткан бүт элимдин.

Жазгым келет токой жаңгак мистесин,
Тилди жарган балы ширин мөмөсүн.
Кызгалдактуу адыр талаа жерлерин,
Сыры терең ачылбаган кендерин.

Жазгым келет төкмө акын аалымын,
Эл ойлогон жоон билек баатырын.
Элде бар жакшы-жаман алгырын,
Баатыр эне мээр төккөн асылын.

Жазгым келет кыргызымдын дастанын,
Айтып бүтпөс тарыхы кең кыргыздын.
Намыска бек эркек аял баатырын,
Желегин желбиреткен асылдарын.

## ШАХАН КЫЗ

Турмушуң бала базар шахан кыз,
Эптүүсүң жоктон барды тапкан кыз.
Жер тытып күн-түн кылган эмгегиң,
Кадырыңа жетер бекен бала кыз.

Ак эмгектен келин алып кыз берген,
Намыстуусуң элден калбай эптеген.
Карап туруп тагдырга тан беремин,
Бирдей болуп кош араба тарта бекен.

Жогуңду билгизбеген эптүү кыз,
Ыйласаң да күндү күлүп тоскон кыз.
Мажбур кылды турмуш ойноп артисин,
Кем кылбаган бүлөң бүтүн кылган кыз.

Өткүн өтүп күн чыкса бир бактыңыз,
Түйшүгүң жок бир ырахат аласыз.
Баары артта бир кинодой тартылган,
Эстегенде бир жылмайып аласыз.

## ЧОГУУ ЖАШАГАН АБЫСЫНДАР

Бир коргондо үч абысын жашаганда,
Бала базар коргону ызы чууда.
Эрте туруп чоң келин эшик карап,
Турбаган го экөө деп, - кабак салат.

Эңкейген энекеси короо жакта,
Уй саап кыбыраган колдо чака.
Чайын демдеп чарчаган энекебай,
Алайын деп дем алганы очок жайда.

Күн чашке үч эшике карай салса,
Бири турат колдо бала сүйлөп ага.
Чоңу карап кичигине үңүрөйүп,
Кабак салат бир-бирине тең тайлаша.

Урматы жок сый деген келин балада,
Карыганда кыйын болду энеге да.
Бөлүп салып үй салганга чамасы жок,
Шордуу эне карыганда тартты санаа.

## ЖАКШЫЛЫК КЫЛ

Жакшылык кыл адамга жакшылык,
Жакшылык кайтат өзүнө амандык.
Калтырбайлы көңүлдү калтырбайлы,
Көңүл назик адамдын жаңылбайлык.

Сүйлөйлүчү ойлонуп бир сүйлөйлүчү,
Оорутпай өлтүрөт дейт элдин сөзү.
Сылык сөз сыйлуу  кылат жаманды да,
Жаман сөз уят кылат күлбөйлүчү.

Жакшылык кайтар жакшылык,
Салам алик дайыма бир туугандык.
Адамдар ээ жакшылар бу кылгандык,
Чоң бакыт сый, урмат бул адамдык.

## АККАН СУУ

Жаратканым бергенби аккан сууну,
Тамырына айланган суу жеримдин.
Ак пахтадай булутка аралашып,
Жамгыр  болуп жуунуп сулуулугу.

Ырыскыбыз элимдин аккан суубу,
Суу берген өмүр адамга жылуулугу.
Эл жашарып апапакай тазаланып,
Жашоо жок суусуз өмүр улуулугу.

Кудай берген шаркыратма сулуусу,
Шарпып агып мөңгүлөрдүн дарысы.
Чалкып жаткан балык ойноп көлдөрү,
Алла берген кыргызга суусаган жок чөлдөрү.

## КӨЗҮМ КҮБӨ БААРЫНА

Көзүм күбө баарына,
Жакшы жаман кайгыга.
Эне сүйүп баласын,
Бала ыйлаткан энесин.

Көзүм күбө баарына,
Жүрөк дарты бугуна.
Ата-энесин таштаган,
Шордуу эне атасы да ыйлаган.

Көзүм күбө баарына,
Ширин турмуш багына.
Шүгүр кылып жашаган,
Жакшылар көп жамандан.

Көзүм күбө баарына,
Эл ойлогон адамдар.
Таза эмгегин сыйлаган,
Эл ыраазы мактаган.

Көзүм күбө баарына,
Жашыбы же карыбы.
Баары ыйманда болсо экен,
Улуу кичүү ызатта.

## ЭЛ ЭМНЕ ДЕЙТ

Эзелтен адеп сый урмат деген,
Сыйлаган уул кызы кызмат менен.
Эл эмне дейт уят деген,
Жүрчү элек сый адеп менен.

Уурулук кылбагын балам сен,
Салам бергин улууга ызат менен.

Эл эмне дейт,-уят деген,
Ала жипти аттабагын балам деген.

Жүрөктү кең кылгын жок дебеген,
Берекең кетет баары жок дегенден.
Эл эмне дейт,- уят деген.
Жок оросу толбойт сыйла деген.

Күндөй күлүп тоскун конок деген,
Буудай наның  болбосо жылуу сөзүң.
Эл эмне дейт,-уят деген,
Меймандос болгун дайым тууган менен.

Адамдан урмат кетти адеп деген,
Сыйлабас уурулук кенебеген.
Акча деп туугандан мээр кеткен,
Эл ойлобос сый кетти уят элден.

## АНДЕЛЕК

Алып келди базардан атакеси,
Сары анделек бере салды Азизбекке.
Томолотуп ойноду эч көрбөгөн,
Баласы го коондун ата деди.

Тоголотсом топ экен анделегим,
Жыттап көрдүм атаке атыр экен.
Качан өсүп чоңойот атасындай,
Союп жейбиз баарыбыз ата деди.

Чоң коондун иниси да анделегиң,
Союп берди бир тилим атакеси.
Шилекейин агызган Азизбеги,
Кандай ширин атаке дагы деди.

Сугунуп жей берген Азизбеги,
Ичи чанак дем албай атаа деди.
Сойчу ата тойбодум анделеке,
Инисинин баласы кичик деди.

## КҮТТҮМ БАЛАМ КҮТТҮМ

Жайда өчтүң Азизим гүл чырагым,
Жазда күттүм келбедиң жол карадым.
Жатам ойлуу нөшөр жааган жамгырмын,
Чарк эткенде ойгоном чагылганым.

Жай, жаз өттү жаш туйлаган кулунум,
Күздө күттүм келбедиң жол карадым.
Саргайып жалбырактар түшкөн сайын,
Сар санаага батып жүрөм кагылайын.

Кыш келди кычыраган оо садагам,
Өчкөнбү отум, ишенбейм күйүп жанам.
Карай берем жолуңду тажабадым,
Көзүм жетпейт түн караңгы кагылайын.

Жебе сымал жылдар өттү чырагым,
Эбак эле өчкөн тура гүл бурагым.
Күтпөйм эми сен күтчү мен барайын,
Жаннат бакта жүрсө дейм жаратканым.

Өтөт жылдар өтө берет оо чырагым,
Дуба кылам арбагыңа кагылайын.
Жаратканга тооба кылып шүгүр этем,
Эне боздоп тирүү туруп ууланганым.

## БАЙЧЕЧЕКМИН

Жаз көктөмдөй жаштыгым бир келгенин,
Жарк этип жерден чыккан байчечекмин.
Олоң чачым белден түшүм салаалап,
Шамал ыргап бетиме желпингенин.

Күз болуп саргайдым күчүм кетип,
Айдоо жердей бетке бырыш тартканын.
Күндөр өтүп жылдар шамал өчүргөн.
Жаштыгымдын бир тез өтүп кеткенин.

Кыш келип үшүдүм тонум кийип,
Ак бубак чачым түштү ыйлап кейип.
Жаз көктөм жаштыгым келсе кана,
Эч нерседен бей капар байчечексиң.

Өттү өмүр төрт мезгил тез айланып,
Бир жарк этип жаз айы ачылганын.
Калат баары көктөм жаз байчечеги,
Ар жыл сайын ачылганы жабылганын.

## КАЙНЕНЕНИН ЖАМАНЫ

Кайнененин жаманы келиниге,
Бетке айтып ата-энесин кемсинткени.
Баласына жамандап күүлөп салып,
Эрдигиби эненин токмоктотуп өз келинин.

Кайненнин жаманы киришкени,
Менден бийик болбо деп тирешкени.
Эрте кечке тынбаган келинине,
Башка келин аламын деп керилгени.

Кайнененин жаманы баласынан,
Күйүккөнү келинге тамагыдан.

Жалаа жаап ашыкча жамандаган,
Өз баладай көрбөй анын ушактаган.

Өз энедей мээр берсек баш сылаган,
Түбөлүктүү кызыбызга апалаган.
Өз каныбыз неберебиз эне аталап,
Бактылуубуз баарыбыз балабыздан.

## НАСААТ КЕП УККАНГА

Жакшы сөз жан эргитип айтканда,
Насаат алып сөзүңдү бир укканда.
Кем болбойт жашоодо акыл сөз,
Ашык болбойт акыл айтса жолуңда.

Насаат айтса аксакалы укканга,
Болот сабак келечеке жаштарга.
Сөз айтпачы төшүн каккан нааданга,
Кайран сөз акылы жок тилалбас айбанга.

Элде сөз бар жаманга айткан эсил сөз,
Айырмасы жакшы-жаман адамда.
Жакшы адам кулак салат айтканда,
Сапатыбыз инсан болуп жашаганда.

## ЖАКШЫ БОЛ КЕЛИНДЕР

Жаман келин эр сыйлабас энесин,
Күндө жаңжал уясынан көргөнүн.
Кайненесин баласына жамандап,
Өгөйлөтөт апасынан өз баласын.

Жаман келин күндө майрам жасанган,
Иши жок базар бойлоп дос табалган.

Шылтоо көп туулган күн жана башка,
Эне безер шум музыка укканыдан.

Жаман келин улуулардан сөз талашкан,
Түртүп өтүп аксакалдан жарышкан.
Үй турмушу бүт баарына кыбыраган,
Эне байкуш жүдөп кетти карыганда.

Жаман келин күн чашкеде ойгонгон,
Жеген идиш жуулбастан топтолгон.
Коргон палит шыпырылбай тозуган.
Жалкоо адат качан калат баладан.

Айылга айтпай жаманыны жашырган,
Эне байкуш жакшылыгын ашырган.
Көп энелер зарлап ыйлап келинден.
Укканымды жазып койдум зериккенден.

## ЫНТЫМАК ҮЙДӨ БАКЫТ БАР

Бакыт бар ата-энең күлүп турса,
Эркелетип башың сылап кучагыда.
Севет толо нан жапкан апакемдин,
Колунан нан жесең бир тойосуң да.

Бакыт бар таза эмгек атам тапкан,
Жеткирген бала базар мээр чачкан.
Бир алма тапса дагы бизге сунган.
Ынтымак бар бакыт бар атам тапкан.

Бакыт бар ынтымакта биз чоңойгон,
Алыбызча төрт түлүк мал короологон.
Эч нерседен бейкапар өткөн жаштык,
Бакыт бар бактылуубуз биз чоңойгон.

Балдарым маңдайымда апаласа,
Ойлоп кетем ата-энемди жаштыгыма.
Бактымды балалыкта эч сезбепмин,
Бактылуумун азыр мен балдарыма.

## МЕКЕНИМ

Мекеним гүлдөп турса кучак жайган,
Меймандос төрү кенен конок жайдан.
Алакандай кыргызым ырыскың мол,
Тең келген чоң өлкөгө ынтымактан.

Ак элечек айымдары Ала-Тоодой,
Төрт түлүк мал түгөл жүрөт өзөн бойлой.
Аска зоодой аксакалы даанышманы,
Ынтымактуу эл башкарган акылманы.

Сыры терең кендериң толуп жаткан,
Суктантып сулуулугуң элди тарткан.
Ата журт кыргыз элим тааныгандар.
Суктанып бир көрүүгө тамшанышкан.

Арча бойлоп агып жаткан сууларың,
Алла берген жерим сулуу кыргыздын.
Шуру мончок шаркыратма сууларың,
Көз уялтат кабат түшкөн тамдарың.

Желбиресин желегиң бийик зоодой,
Ырыскыңды теңир берсин Ала-Тоодой.
Ата журтум кыргыз элим амандыгың,
Ынтымактуу элден болсок жаратканым.

## АК ЖООЛУК

Ак жоолук башка салса балаң келип,
Көңүлүң тоодой толкуп төгүлөсүң.
Мактанып келин кыз кошунаңа,
Көрсөтүп кубангандан бир күлөсүң.

Ак жоолук башка салса жаңы келин,
Көзгө сүйкүм көрүнгөн Ак- куу деймин.
Ыйманың бар садагам мөлтүрөгөн,
Суктандым ийилип салам бергениңден.

Кабар алсак бир ооруган энеден,
Көңүл го бир жоолукча дуба берген.
Эстен кетпейт адамдын жакшылыгы,
Ак жоолук адамды дабалаган.

Ак жоолук карыга да жашына да,
Жакшы тилек ак жоолукту салганда.
Сыйыбыз сыйлаган туугандыгы,
Ак жоолук дайыма башыбызда,
Ак жоолук түшпөсө экен башыбыздан.

## АТА-ЭНЕМ БОЛСО АЗЫР

Той кылдым келин алып кыз берген,
Ойлоп кетем жакшы күндө ата-энемден.
Кийгизмекмин атама шырып тонду,
Ак калпагы башында дуба берген.

Сыйлашты кудалар сарпай берген,
Сыйлашмак эне-атамды куда төрдөн.
Дасторкондо жайнаган дүйүм тамак,
Төрдө сый жеп отурмак бал боорсоктон.

Апакемди ойлоймун жетип келген,
Түйүп нанын курутун сарпай берген.
Апамды азыр болсо түр көйнөктөн,
Тагат элем шакек, сөйкө күмүштөрдөн.

Ата-энең кашыңда балам деген,
Бала үчүн бүт өмүрүн арнап келген.
Озурун баласынан көрөр кезде,
Насип кылбай бул дүйнөдөн кете берген.

## ГҮЛДҮ СҮЙДҮМ

Гүлдү сүйдүм өз кесибим тандаган,
Түркүн гүлдөр көңүл ачып жайнаган.
Жасап берем гүлгө көйнөк кийгизип,
Тойго кетет эки жашка кубанган.

Гүлдү сүйдүм терип кызыл агынан,
Жоогазынбы жалбырактуу розадан.
Белек сунат баарысы апасына жарына,
Куттукташып өздүк майрам гүл сунган.

Гүлдү сүйдүм аяп аны жасаган,
Бир керемет букет чыкты карасам.
Сатып алды бир жигит кубангандан,
Төрөлүптүр наристе, алып кетти колумдан.

Гүлдү сүйдүм өз кесибим тандаган,
Гүл сүйкүмдүү гүл керек баарысына.
Гүл көңүл бир жарк этип кубанганда,
Кубанамын кошо мен гүл сунганда.

Гүлдү сүйдүм уул-кызым жолдогон,
Кубандырды баарысын аш тойлордо.
Түрдүү букет жасашып катар тизип,
Эрте таңдан жакшы ниет ойлогон.

## БАТКЕНИМ

Кагылайын өскөн элим Баткеним,
Кубатка толо берсин жаш демиң.
Сагындырган кандай күч бар демиткен,
Өрүк зарың  гүлдөп турса ачып төрүн.

Атыңды уксам мен кубанып делгиремин,
Эмне сыр бар сагындырган ата тегим.
Кубат берген өрүк зарым кулпуна бер,
Кызың барса сагынып жайып шагың.

Сыймыгымсың өскөн жерим Баткеним,
Өсө берсин алдыга толуп күчүң.
Байлыгың ачылбаган сыры терең,
Үмүтүм чоң келечегиң дайым кенен.

## КЕҢ ДҮЙНӨДӨ

Кең дүйнөдө өкүнгөн бар өксүгөн,
Ичтен сыздап жүрөк ооруп ыйлаган.
Кең дүйнөгө батпай оонап сыгылган,
Айтпай дартын буулугуп кысылган.

Кең дүйнөдө жыргаган бар чардаган,
Бар байлыгын батыралбай кысынган.
Ач кадырын ток билеби ал адам,
Дүнүйөсүнөн көз тумандап калгандан.

Кең дүйнөдө онтогон бар ооруган,
Дүнүйөсү караңгы бул ааламда жашагандан.
Айыктырар адамы жалгыз Аллам,
Ара түшүп жакыны да сакайтпаган.

Кең дүйнөдө жамандан көп жакшылар.
Кайрымдуулук өздөн ашып кылгандар.

Дарысыңар дартка даба элиме.
Кең дүйнөдө көп болсо экен ыймандуулар.

## ЖАШТЫК ДООР БИР КЕЛГЕН БАЛАЛЫК

Чурулдашкан бир топ кыз баладан,
Тал чыбыктан чачпак такчу кыз бала.
Жерге сызып бир секирип жетчүбүз.
«Лаппай» дечү жалпак ташты ыргыткан.

Ал кезекте топ секелек топ кыздан,
Ойночубуз чакмак ташты көп таштан.
Колубуз чаң сыздап ооруп турса да,
Утуп алмай утулгандар ызаадан.

Түркүн оюн кыял менен жашаган,
Ырдап бийлеп таза доор балалыгың.
Кандай бакыт эч нерседен бейкапар,
Жаштык кезиң таза сезим ойногон.

Талашчубуз мен эжекей сен доктур,
Же болбосо мен космонавт асманда.
Азыр баары бир кесипте ата-эне,
Аттиң арман балалыгым алыста.

## АЙЫЛЫМ

Айылым өрүк зарлуу кең чарбагым,
Көз жеткис талаа түзүң жаңы багың.
Элиң өсүп катар түшкөн ак тамдарың,
Жаштар өсүп жаңы бүчүр алганын.

Айылда акылманым аталарым,
Насаат берген жаштарга бата аларым.

Ыйман ырыс дөөлөтүбүз эне-аталар.
Кубат берет баарына дубалары аталардын.

Айылым уксам атың алыстан кубанамын,
Жакшы кабар уксам мен күч аламын.
Өрүк кагың  жегенде ойлоп кетем,
Өрүк зарда жегендей ийип шагын.

Өсө берсин өркөнүң сенин дайым,
Келечегим байлыгым менин айылым.
Ааламга жол айылдан башталат дейт,
Жолуң ачык ар дайым өрүк зарым.

## ЫЙЛАГАН АК- КУУ

Эй адамдар эске келсе жарандар,
Өкүнбөсүн өткөнгө өтүп кетсе катаңар.
Башка түшсө бир көрбөскө айла жок,
Колдо кушту ак сүйүүсүн учургандар.

Эй адамдар жолдо бакыт тапкандар,
Кадырына жетпестен капаста куш баккандар.
Дүйнөдө эмне кызык суусуз жашап Ак-Кууга,
Калат баары өтөр-кетер бул заманда.

Эй адамдар тең-теңи менен деген сөз бар,
Алып качпа Ак- Кууну суусуз чөлгө.
Ак- Куу ойлойт кең чалкыган көлүн дайым,
Алып качып убалына кала көрбө.

Эй адамдар элде көрдүм Ак- Кууну ыйлаткандар,
Канат кагып учалбай кыйналгандар.
Мен теңедим Ак- Кууга көп кыздарды,
Ара жолдо бактысы жок жашагандар.

## КЫЗ БАЛА

Орундуу өскөн жайым өрүк зарым,
Ата энем күлүп турган мага дайым.
Канчалык урматтаса бир тууганым,
Ата энемдей байлыгым жок күлө абадым.

Толкуп жүрөк өскөн жайым кагылайын,
Эркелеген койнуңда өскөн жайым.
Урмат сый канчалык коноктосоң,
Койнуңда мурдагыдай жүрө албадым.

Кыз бала кай жерде өссө багың,
Бала менен бактылуусуң ошол жайың,
Кадыр барктуу өнүп өскөн өгөйлөбөй,
Бир шаар курган энелер баатыр дайым.

Аман болсун бир тууган жакындарым,
Бактылуумун  бала менин байлыктарым.
Өнүп-өссүн өскөн жайым өрүк-зарым,
Күлүп жүрсүн ата-энелер сагынарын.

## КЫЗЫЛ-КЫЯМ

Кыш чилде бороон улуп кычыраган,
Кызыл-Кыям алтын кениң күйүп турган.
Тоотпой канча суук канча жылдар,
Үйү жылуу кара алтының  күндөй жанган.

Бой тиреп кабат үйлөр катарлашкан,
Кары жашы ар улуттан амандашкан.
Ынтымактуу жылуу үй Кызыл-Кыям,
Конок келсе күлүп тосуп кучак жайган.

Ар жыл сайын өсүп-өнүп жашарган,
Жакшылар көп акылманы тазарткан.

Баатырлар көп докторубу сакайткан,
Мээнеткеч дыйкандар көп, акындары ыр жазган.

Кызыл-Кыям кылымдарды карыткан,
Аты улук нечен тарых камтылган.
Ыңаалаган жаш наристе төрөлүп,
Жылдан жылга жаңыланып жашарган.

## АЛА – ТОО СУЛУУЛУГУ

Жашыл арча кыш болгондо тоңбогон,
Ала -Тооду жашыл арча коoздогон.
Тизип койгон жашыл шуру сыяктуу,
Арча кайың, карагайы топтолгон.

Ак мөңгүлүү аска зоолор жаңырган,
Мөлтүр суусу агылып ар тараптан.
Куштар сайрап бир керемет коoздугу,
Ала-Тоого жар салып төгүп ырдан.

Сыймыгымсың Ала –Тоо бир жаралган,
Теңир берген сулуулукка жете албаган.
Күн тийип таң шооласы жадыраган,
Түн кирсе ай чыгып жылдыз чачкан.

Көк шибер кызыл-тазыл түркүн гүлдөн,
Көз кумарың кандырат ачык түстөн.
Дартка даба дары чөптөр аңкыган,
Бал челеги толуп балга таттуудан.

## БОЛГУЛАЧЫ АМАНДЫКТА

Кыргызыма оор кайгы түштү башка,
Айла жок тартпаска кудай алса.
Күнөөсүз жаш ымыркай уктап жатса,
Түш көргөндөй кеттиби жаннат жайга.

Үмүтү бар келечектен жаштар канча,
Кош бойлуу жаш келин күтүп бала.
Ажалы пешенеге Алладан жазылганбы,
Төрөлбөстөн жаш наристе ичте калса.

Томолой көз ачканча жетим калса,
Ыйлап эне боздоп бала сыздап жатса.
Оо кудайым сабыр бергин өз пендеңе,
Көз ачканча үйү жок талкаланса.

Сабыр берсин теңирим кыргызыма,
Жаннат бактан жай берсин алганына.
Эстен кетпейт элиңдин дуба кылып,
Эсен  болсун калганы амандыкта.

## БАЛАЛЫГЫМ

Бийик тоолор кучагында турган айылым,
Кызгалдагы жайнаган адыр жайың.
Козу, улак жайылып тоо бооруна,
Тоодон сонун көрүнөт катар тамың.

Керемет сулуулукту бергенби өрүк зарым,
Ачылыптыр аппак болуп гүлдөп багың.
Көк шиберде ойногон улан-кыздар,
Эсте калды жазылгандай кабагым.

Баары сенде калыптыр балалыгым,
Кайра келбес бир өткүндөй жаштыгым.

Сенин демиң ар дайым сагындырган,
Жылмайып дайым күтөт балалыгым.

Таза доор бир кайрылбас балалыгым,
Таанудыңбы адыр тоом жаштыгымды.
Таш бооруна жазганмын чегип атым,
Сагындыңбы бала кыял кучактайын.

## КҮЗГҮ НӨШӨР

Жаады жамгыр күзгү нөшөр тынбаган,
Шамал ыргап жалбырактар саргайган.
Кыз жүрөгү уйгу-туйгу запкыдан,
Чынар бакта ыйлай-ыйлай пааналаган.

Күзгү нөшөр кыздын сырын жашырган,
Айталбаган ичте сырын камтыган.
Жамгыр менен жашы кошо жуурулуп,
Агып жатты толкуп жүрөк жалындаган.

Күзгү нөшөр өгөйлүктүн запкыдан,
Шамал ыргап беттен сүйүп сылаган.
Өзгө батпай толкуп ыйлап бөскөргөн,
Нөшөр күбө кызга кошо сыздаган.

Күзгү нөшөр кыз Аллага ыйлаган,
Жазылганбы жетимдикти ыйгарган.
Ата-энем бар мен бактылуу кыз эмес,
Кордук көргөн көздө жашым ыйлаган.

## ӨЛүМ ЭСКЕРТҮҮЧҮ

Адамбыз бей-капар бака-шака,
Оюн күлкү той тамаша жыргаганга.
Башта бар ар бир өлүм эскертүүчү,
Чыгат эстен курук доомат какшатканда.

Адамбыз бул дүйнөдө жашаганда,
Иш өткөндө өкүнөбүз аттиң айтып.
Ар бир өлүм эскертүүчү кылсак бата,
Кадам бассак эстен чыгат күлүп гана.

Адамбыз кам сүт эмген жаралганда,
Ичи тардык уурулукпу алдаганда.
Ар бир өлүм эскертүүчү адамзатка,
Эстен чыгат баарысы ойлойбуз акча гана.

Адамбыз күчтүүбүз алсызды сабалаган,
Маскаралап айыбын таап табалаган.
Ар бир өлүм эскертүүчү билгин аны,
Башка келет жооп берчү күн санаган.

Адамбыз капа кылып эне-атаны ыйлатканы,
Ушак айтып гуйбу сөзү тажатканы.
Ар бир өлүм эскертүүчү ойлон жаштар,
Жакшы болуу өтө кыйын билгин аны.

## ИЧИ ТАРДЫК

Кең талаа асман ачык аба таза,
Жакшылык ишке баары кылат даба.
Көрө албас көзү түшсө тынчыбаган,
Жакшы ишке тоскоолдугун кылат кара.

Бир пенде маңдай тер мээнет тапса,
Сооп иштен кылып берсе жанга.
Иши жүрүп дуба алып кубанса,
Жамандар көп буттан алып чалса.

Адамдар  көп сулууларга суктанган,
Мээримдүүлүк жылуу сүйлөп кубанткан.
Сылык сүйлөп жакшы сөзү сакайткан,
Ушакчылар дил оорутуп ыйлаткан.

Жакшылар көп элимде дартка даба,
Жигиттер көп дили таза адамга.
Жакшынын душмандары аябай көп,
Заматта көралбастан кылат айла.

## САГЫНУУ БАР

Сагынам күн өтпөй эшик карап,
Жүрөгүм алып учуп санаа тартат.
Таттуусу уул-кызым байлыгымды,
Саат өтпөй сагынычым кучак жаят.

Сагынам бир вызнбир тууган жакындарым,
Санаа тартам көрүшкөнчө бир кабарын.
Сүйүнүчтүү кабар уксам айдай толом,
Бөлүшүп жакшы жайын толкундаймын.

Сагынам кайын журтум туугандарым,
Аман бекен тынчтыгын ал сураймын.
Күтөмүн төрдө конок алтындарым,
Сиз деп сүйлөп урмат менен сыйлаймын.

Сагынам досторум теңтуштарым,
Бала бойдон сагынычым жаш курагым.
Жолукканча шашыламын жаш балача,
Ырдап күлүп карылыгым  унутамын.

## АЛЫП САТМАЙ ЗАМАНА

Таң эртең шашып барган базарчыдан,
Таң калдым күн чыкпастан шашканынан.
Эмне келсе дыйкандан тартып алмай,
Жемишиби же жашылча алганыдан.

Бири келди көтөрүп айран сүт, курутун,
Колдо калта карын май, сүзмөсүн.
Үч аял жулуп алды үч тарапка жулунуп,
Ара жолдо  колу бош баш айланып ал күлүп.

Баасын бычып үч аял пас сурашып,
Кетти үчөөсү арзан алып кубанышып.
Саратанда жыйган сары май, куруттары,
Арзыбаган акча болду айран калып.

Мал жандыкпы  же тоокпу тукумудан,
Койчу баары алып сатар бул замандан.
Ынсабы жок тең ашык кошуп саткан,
Сатарман көп уялбайт алдагандан.

Кошмой базар качан калат адамдан,
Ыйман келип эл оңолор замандан.
Дыйкан сатып тең тараза акчасын,
Капчык толуп теңдештирсе Алладан.

Жашы-кары алып сатмай базардан,
Жаштарыбыз үлгү алат карылардан.
Күчтүүсү алдап жулуп алганда.
Үйрөтөбүз жаштарга көз көрүнө кылгандан.

## ТОО ГҮЛҮМ

Араладым бактардын төрүндөгү,
Издеп жүрөм, кызыл гүл, көңүлдөгү.
Табалбадым суйкайган көп гүлдөрдөн,
Таза абада жанып өскөн кызыл гүлдү.

Кайырма:
Тоодун гүлү  көрктүүсүңөр,
Желге ойноп бийлөөчүлөр.
Агы, көгү, кызыл түстө,
Аңкып жыты көңүлдөгү.

Санааркадым көрүнбөдүң, жүрөктөгү,
Сагынымын көңүл сүйгөн, көгүш гүлдү.
Таппай жүрөм аралап бакчалардан,
Тоодо өскөн, көңүлдөгү көгүш гүлдү.

Жыттайынчы буркураган тоо гүлүнү,
Кызганамын өзүм сүйгөн аппак гүлдөн.
Тоодо өскөн көңүлүмдүн кумарын,
Көзгө сүртүп өбөйүнчү көңүл гүлүн.

## СҮЙҮҮ ЖАЗЫ

Суктандым сулуу жүздүү элесиңди,
Суусадым бир көрүүгө карегиңди.
Жалдырап жалооруган  көздөрүңдү,
Түшүнбөдүм сыйкырыбы сезимдеги.

Жаз көктөмдөн күтөмүн байчачекти,
Жаз секелек кезимдеги селкинчекти.
Көңүл гүлү, желге ойноп, буркураган,
Өттү сүйүү байчачеги көңүлдөгү.

Кабагым карыш салуу жүзүмдөгү,
Үшүдүм жазгы гүлдөй күзүндөгү.
Көздөрүм жолуң карап тажабадым,
Караан көрсөм жашынып карай берчү.

Элесин карап түшкөн, сүрөттөгү,
Жылмайып күткөндөйсүң, бир өзүмдү.
Өзүмдү өзүң менен, көп гүлдөрдөн,
Жүргөндөймүн аралап, жаз көктөмдү.

## БӨБӨКТӨРҮМ

Кагылайын бойтоңдогон мөмөлөрүм,
Шириним балы тамган чөжөлөрүм.
Көргөндө көңүл ачкан  маанайымды,
Чүрпөлөрүм тукум улаар ата тегим.

Садагалар мотурайган бүчүрлөрүм,
Сүйлөсө тили ширин бөбөктөрүм.
Келечегиң алдыда өсө бергин,
Кыргызымда жаңы өнгөн данектерим.

Көрбөй калсам, таңым атпай сагынам,
Тамагымдан, наным өтпөй, кагылам.

Жаным, каным, силерге садагалар,
Апа атаңдан, артык көрөм, жакындарым.

Учуп чыксаң уядан келечекке,
Үмүтүм чоң силерден таза эмгекте.
Балапаным бактылуу бол турмушуңда,
Ак жол сага, Аллам берсин, береке.

## КӨКТӨМ СЫРЫ

Жүрөгүмдө катылуу сыр сени аяган,
Айтпайм неге сабырым суз саргайган.
Күтөм сени, сүйүү демим жүрөгүмдө,
Таш боор белең, башка гүлдү кармаган.

Күзүндөгү жалбырактар, саргайган,
Кышы келди, үшүп жүрөк,  тажабаган.
Сагынып сени менен, гүл аралап,
Көктөмдөгү  гүл болсом, сен караган.

Өмүрдөгү жашоо сыр эгер билсең,
Жүзүмдөгү жылмайуу аны сезсең.
Сен сүйгөн, кызыл гүлдөй, ачылган,
Катылуу сыр, жылмайганым аны билсең.

Жүрөктө сыр катылуу тынч уйкуда,
Ойготууга аргам жок мажбурлашка.
Уктай берсин жүрөктө түбөлүккө,
Катылуу сыр кулп салынган жүрөгүмө.

## ӨМҮРҮҢ

Арчадай картайбай жүрсө эмне,
Адамдын өмүр гүлү ченөө беле.
Тагдырың пешенеңе эмне жазса,
Арга жок көрүүгө ченөө бүтсө.

Ала тоодой, түркүк болбой дүйнөгө,
Арманы көп көрбөй кеткен бирөөгө.
Тагдырдын жазганынан таналбайсың,
Кимге кандай, жашоо берген өмүрдө.

Буюмчалык өмүр жок адамда ,
Жыртылбай сынбай урунткаң.
Жылдар өтөт, кези келет акырындап,
Токой күйүп, тоо кулап буюм сынса.

Алланын ченеп берген өмүрүнөн,
Арга барбы көрбөскө бул өмүрдөн.
Маңдайыңа жашоо жыргал бергенин,
Өмүр таттуу эч тойбойсуң жашоодон.

## ШЫПААГЕР ЗАМИР

Денем ысып араң басам көңүл кара,
Чырмап алды бүт денемди оору гана.
Канча жыл күрөштүм жеңбей оору,
Арга таппай жалынганым кудай гана.

Оорукана үйүм болду жатам кайра,
Өз баламдай Замирбегим болду бала.
Жымайыңкы,- сурап ал абалымды,
Эрте таңда сурап турат маңдайымда.

Баары тааныш, мед айым, кызым болду,
Кичи пейил, дартың сурап, жеңил колу.

Ажал менен аралашып, шыпаа берген,
Алкыш сага, Замирбегим алтын колу.

Аллам берсин, агызып өмүр сага,
Дениң таза, үй-бүлөңө, бакыт гана.
Алтын колдон айыгышып ооругандар,
Замирбегим, сакайта бер ак жол сага.

Илимиң өсө берсин, дартка даба,
Жөнөкөй дарыгерсин дилиң таза.
Миң ырахмат баарыңа шыпакерлер,
Уяң сенин, уктабай кылган даба.

## МЫСКАЛЫМ

Сары кызым садагам тыкан гана,
Окуп келет беш алып кубанганы.
Чай ичкенде төккөнү көнгөн адат,
Карай салат айыптуудай жалтактана.

Өтө зирек шашканы тынчыбаган,
Үйдү жыйнап идиш жууп арчыганы.
Тарс түшүрүп чыны сынган адатыго,
Коркуп кетип көздөрү алаңдаган.

Мыскалым тыкылдаган сары гүлүм,
Шайыр мүнөз куудулум кыт-кыт күлүп.
Бөбөктөрүн ойноткон сарамжалдуу,
Өсө бергин садагам ачып гүлүң.

Энеңе эркелесең кубат алам,
Күлгөнүңдө жашарып кумар жазам.
Келечегиң алдыңда өскүн эркем,
Кем болбогун ар дайым дуба кылам.

## ЭЛ ИШЕНГЕН АЗАМАТТАР

Заманың уйгу-туйгу алай дүлөй,
Түшүнбөдүм ак карасын кимде күнөө.
Айтышат баары тойбос жегич алгыр,
Ушинтип тоноп жатса бүгүн азыр.

Айыбы ишенген бийликтери кыргызымды,
Эл ишенип дуба берген улуу журту.
Эл ырысын жеген кыйын жигиттери,
Акыйнек айтышуудан чыкты жегендери.

Ишенбеймин өз уккан кулагыма,
Теле көрүп чочудум,кыңыр иш кылганына.
Жалганбы? А балким чындык чыгар,
Аллага жарык, тең тараза тартканга.

Эл дүрбөлөң түштү неге чыркырап,
Шамал ыргап тазабы же айыптап.
Түшүнбөдүм бийликке чыгаандарын камаган,
Сүйлөп чыкчу элин ойлоп зар какшаган.

Элиң ыйлап тынчы жок чындыкка,
Көлдөй толкуп шамал-бороон куюнга.
Ак ийилип сынбайт ак болсо эгер,
Акыйкат ак чечилет чындык утса.

## ЖУРТУМ АМАН БОЛСУН

Журтума тилейм тынчтыкты амандыкты,
Таза жүрөк коом таза бар байлыкты.
Элим деген эр азаматтар кыргызымда,
Тоо жүрөктүү көп болсо экен улан кызы.

Топурагы алтын асыл көп байлыгы,
Ата мекен ыйык кыргыз кылымдагы.

Эр Манастай жан күйдүргүн журтуңа,
Туусу бийик желбиреген аскадагы.

Тилейм дайым ыйман менен ырысын,
Бабалардан келаткан ар намысын.
Кыз абийири кымбат кыргызымда сулуулары,
Олоң чачтуу намыска бек кыргыз кызын.

Ак элечек энелерим үйдүн куту,
Сыймыктансын бала менен ырыскылуу.
Көз тийбесин элиме өсүп өнгөн,
Кыргыз элим аман болсун берекелүү.

Аман болсун кыргызым кырсыктардан,
Жаман апаат сел сыяктуу өрт жалындан.
Аллам сакта эли журтум тынч аман,
Ынтымактуу элден болсок көп жашаган.

## АКЧА

Акча таттуу баарынан айланайын,
Азгыратко адамды ар кандайын.
Достоштурган баарыны акча-акча,
Мушташтырат заматта канчаларын.

Эгер жоготсоң акчаңды шумдук кара,
Адашасың акылдан тез арада.
Бийге түшөт жыртыкыч да таң каласың,
Эмне кылбайт адамды акча-акча.

Акчаң болсо күчтүүсүң  күлкүң шаңдуу,
Изденесиң жолдорун акча табуу.
Бүтөт баары, окуу, жумуш акча менен,
Чардайсыңар жыргайсыңар ааламда.

Көккө учасың акчаң болсо заматта,
Акча жоктор кейип-кепчип заманга.
Мээнет менен татуу тапкан акчасын,
Сарамжалдуу жеткиришет айдан-айга.

Акча жат кылат, жакынын тааныбаган,
Тууган достор көбөйөт акчасын сагалаган.
Тоготпостон кембагал  деп туугандарың,
Мүшкүл келсе башыңа, өз жакының асыраган.

## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Күн түнөрүп жаады жамгыр,
Тыным албайт жууп чатыр.
Өрүк гүлү, ачылбай жамгырдан,
Күлүмсүрөп бети суу тамчылаган.

Кубангансып бактагы өскөн гүлдөр,
Моюн созуп жарышып көк майсалар.
Кол чатырын көтөрүп жүгүрүшөт,
Адамдар айыптуудай пааналашат.

Ыргалып буудайлар жамгырга,
Эл ырысы даны толсо кырманга.
Какшаган суу жетпеген адыры,
Жаандан ичип турду суусуну кана.

Аллам берип жерге жамгыр төгүп,
Күн нуру жадырап беттен өөп.
Сулуу айым жаз жасанып боенгон,
Көйнөк кийген жалбырактан сүйүнүп.

Орошон ойлор келет жаан карап,
Жазамын ыр төгүлүп жүрөк кагып.
Термелип терезеден карай берем,
Жазгы жамгыр жазайынчы сени карап.

## БАТКЕНИМ АЛТЫН БЕШИГИМ

Баткеним  алтын бешигим эл чоңойгон,
Сулуу жерим бейиш төрү гүл оронгон.
Таң эрте нур төгүлүп күн желеси,
Айгүлүм ачылыптыр нурун төккөн.

Баткеним алтын бешигим ата тегим,
Төрүң кенен кучагыңда эркелеген.
Мейман достуу кучагың кенен жайган,
Берекең дасторкондон мээр тапкан.

Баткеним алтын бешигим жаштар өскөн,
Ак сакалы ыймандуу бата берген.
Сулуулугу суктанткан өрүк зарым,
Ачылыптыр аппак пушту өрүк гүлүң.

Баткеним алтын бешигим жери кенен,
Жайлоосу чалкып жаткан төрү менен.
Элиң өсүп алдыга ырыс ынтымактуу,
Тең келесиң чоң өлкөгө Аллам берген.

## ЭНЕ ТИЛИ

Эрте таңдан короодо кыбыраган,
Тынымы жок ишин кылып бак караган.
Күбүрөңдөп сүйлөймүн эшик карап,
Чай ичпеди абышкам деп,- кабатырдан.

Мен байбиче абышкам ээрчинишкен,
Небиреден бактылуубуз зерикпеген.
Бакчадан келе салып кыйкырышат,
Дед, бабушка орусчалап сүйлөшкөн.

Киргиз эмес кыргыз деп үйрөтөлү,
Эне тилин эне атадай сүйлөтөлү.

Дед бабушка дебестен эне  ата деп.
Байлык дөөлөт эне тилге көндүрөлү.

Жаштардын сүйлөгөнү орус тилде,
Заманыбы, модасыбы, күнөө кимде.
Улутуң кыргыз кылым каарыткан,
Кыргызым сүйлөгүлө кыргыз тилде.

Өзүбүз түртүп тилди өгөйлөсөк,
Өзгөлөр басынтпайбы, көөп сүйлөп.
Жоголбосун тилибиз кыргыз деген,
Кыргыз болуп кыргыз тилде сүйлөсөк.

## КЕЛИН КЕЛДИ

Келин келди үйүмө жарык жанып,
Балдарымдын жары болду алла кошуп.
Апалашып үйрүлөт өз баламдай,
Кызым болду келин эмес жарпым жазган.

Садагам апалаган келин балам,
Чүрпөлөрүм айым- күнүм жакындарым.
Жаркырап күлүп тоскон коногумду,
Жатындаштан жакын көрдү келин балам.

Сыйлашат ата апалап жууп кирим,
Сарамжалдуу таза туткан үй ишин.
Ооруп калсам бири медик дарылаган,
Санаа тартат сакайганча келин балам.

Эртен таңдан наны бышкан кызарып,
Жесең тойбой  балы бардай кубанып.
Турмуштун эбин тапкан эпчилдерим,
Жоктон бар кылган даяр кылып.

Кыз өстүргөн кудаларга миң ырахмат,
Тарбиясы эне берген  кызы кымбат.
Келин эмес кызым болду баш сылаган,
Кошо каарып бакты берсин миң ырахмат.

Ыраазыбыз дуба берип балдарыма,
Аллам берсин кайтаар дүйнө кылганына.
Озур көрсүн балдарынан жыргалды,
Жүрүшсүн кол кармашып сый урматта.

## ЫЙМАНДУУ КАРЫЛЫК

Жүзүңдөн  нуруң кетип тырыш баскан,
Кара чачка кар басып кышы түшкөн.
Туман басып көзүңдүн  каректерин,
Жазы кетип кышы келди кабак салган.

Кабарыбы Алланын кышын берген,
Пайдасы жок канча табып дарыгерден.
Каарылык Аллам берген бир дөөлөтпүз,
Жаштарга ынсап тилеп дуба берген.

Насип кылган көрөт каарылыкты,
Өткөргөн баштан баары суук ысыкты.
Канча адам ачуу- таттуу туздуун,
Ширин сөзү уруш талаш чындыкты.

Күбөсүбү, канча каталарын жашырган,
Кечиримдүү аксакалдар көп жашаган.
Көптү көрүп угуп бышып жеткен,
Жалбыракпыз саргайып түшө турган.

Ыймандуу ырыскылуу кары болсок,
Үлгү болуп жаштарга насаат айтсак.

Коргон толуп небере, чебере, кыбырадан,
Урпактарга айтып жүрсө сабак болуп.

Не керек, бизге башка жат бакыттан,
Бала менен бактылуу базар жашаган.
Күлүп турса урпагыбыз тукум улап,
Дарыбыз го бал сөз менен дарылаган.

## КЕРЕГИМ САГА АЙТАМ

Бир туугандан жат кылган келин бала,
Шыбыр кеби күйөөсүнү арбап алса.
Төрт күн төрдө жат кылып кайын журтун,
Көзгө илбей жакшы жагын көмүп салса.

Атиң арман эне боздоп өгөйлөнсө,
Жылуу сөздөн алыс болуп сөзү өтпөсө.
Орун жок төрдөн эмес эшик кагып,
Кире албай өз үйүнө муңканып колдо наны.

Күбүрөп балаңдан көр балам деген,
Көрдүңбү, эсенби, балам деп сурай берген.
Эненин айкөлдүгүн мен көрдүм көзүм күбө,
Чаң жугузбай тынч болсо экен балам деген.

Бийлик колдо бир туугандан жат кылган,
Аллага ачык таразыдан тең тарткан.
Кемсинтип кайын журттан алыстаткан,
Келме - кезек келээр өзүңдөй бөлүп салган.

Мындайлар көп жаздым жашка сабак,
Болбогула ажыратып эки тарап.
Очок оту ынтымак бир казанда кайнаган,
Бирдей жеп, дасторкондо бол ынтымак.

Катындын кулу болгон туугандар,
Чыгалбай чынжырынан аялынын.
Бөлүнүп бир туугандан алыстаган,
Ичте арманы жүрөт маңкурт сагынычтан.

## БӨЛҮНБӨЙЛҮ КЫРГЫЗДАР

Бишкек, ата-эне өскөн кыргыз сенин коргонуң,
Окутуп канча балаң чоңойтконуң.
Кыргыз эмес бөтөн элди батырган,
Койнуң кенен ыйлаганды сооротконуң.

Түндүк дебейм же түштүк жаратkandan,
Алланын пендесибиз кыргыз деп каны аккан.
Бир тууганбыз кыргыз деп жылдыздардай,
Жаралыппыз окшош болуп толгон айдай.

Манастын урпагыбыз намыска бек,
Жигиттери эл коргоп баатырлары жоон билек.
Парасатту кыздары олоң чачтуу мээримдүү,
Тээ илгери жоо сайган баатыр Сайкал.

Элде бар бузукулар бир карынды чириткен,
Бөлүп жарып бал аарыдай тозуткан.
Таттуу жашап эриш-аркак ар элден,
Ынтымакты бузбасынчы бузукулар чочуткан.

Түндүктө түүшөлсө жүрөгүм сыздайт,
Кабарын угалбай кулагым тыңшайт.
Уйгу-туйгу эсим кетип ээлигемин,
Эгиз балам бөлүнгөндөй ичим туйлайт.

## 7-АПРЕЛЬ КООГАЛАҢЫ

Шамал ыргап дарак башы шуулдап,
Көздөн эмес жүрөктөн жаш куюлат.
Термелип терезеден карай берген,
Кулак салат чакырыкпы озондогон.

Табигаттын тар көчөсү ылай баткак,
Өчөшөбү жамгыр нөшөр бакырыкты.
Кара чапан баш ийип тагдырына,
Жамгыр жууп жашын аны сынап.

Бирок жоогазын жерде жатты суналып,
Эне ыйлап доол шамал үнүн угабы.
Жаз айда жаңы ачылган жоогазын,
Элим деп, - төшүн окко, жанын кыябы.

Эр жүрөк жаңы ачылган жоогазындар,
Сулуусуң табигаттын эми ачылган.
Жер эне да ыйлап турду жашып төгүп,
Ак үйгө наалат айтып, дарактары шуулдап.

Адам эмес табигат да таарынгандай,
Алладан каргыш тийер ок аткандай.
Убалы койбойт жаш өткөн уландардын,
Чын дүйнөдө күткөн чыгаар өч алганы.

## КҮН БАЛАБЫЗ ЧОҢОЙГОН

Эркелеген энеге бала дайым,
Эси кетет энесиз жоктоп аны.
Эне жыты табылгыс дүйнө кезсе,
Кучагында жылуулук толуп айы.

Чочуп кетсе апа деп, - кыйкырышат,
Төбөлөшсө апа дешип ыйлашат.

Жаралыппыз балага болуп калкан,
Кубанса да апа келет бакырышат.

Эне сүтү мээр берген балага,
Ата каны аска зоодой намысы.
Бала үчүн эч түгөнгүс байлыгы,
Өз энедей эркелетсин ким аны.

Эркелеп койнубузда өссүн бала,
Актасын эне сүтүн болуп таза.
Ыймандуу кең, көк  асмандай,
Күнү тийсин элине жылуу гана.

## БИР  ТУУГАНЫМ

Жакыным бир  тууганым асылым,
Жанга жакын кабар алчу бир тууганым.
Ооруп калсаң  күйпөлөктөп эси кеткен.
Жатындашым мээр салган бир тууганым.

Жакшы жаман ишиңде тике турган,
Намыс үчүн жанын берип күйүп жанган.
Алтыным эң жакыным бир тууганым,
Кабар уксам жакшы жагын мен кубанам.

Ата-энемдей ай өтпөй кабар алган,
Төрү кенен тосуп алып кучак жайган.
Көңүлүмдү көтөрүп бала чактан,
Бир күлүшүп алабыз  өткөн чактан.

Өмүрүңө өмүр берсин бир тууганым,
Көрүп турсам көңүлүм ток сага дайым.
Балаңардан бактылуу өмүр сүрүп,
Жүрөлүчү кабар алып, алы жайым.

## АТЫР ГҮЛҮМ

Атыр гүлүм жаралыпсың кандай сулуу,
Сулуулугуң суктанткан ширин жыттуу.
Кызыл, пушту, сары, ак, ар түрүнөн,
Үзгүм келди кызыл түсүн көзгө жылуу.

Атыр гүлүм ачылыпсың бакта сулуу,
Кучак толо үзүп бердим эне улуу.
Бир ырахат көңүлдөгү кубанычтуу,
Эне бакыт кубанганда өтө сулуу.

Атыр гүлүм кыз колунда белек сүйүү,
Эки жүрөк кагышканы ырахаттуу.
Кыз көңүлү гүлдөй назик гүлүңдөп,
Эки жаштын махабаты  өтө таттуу.

Жигит кызга белек кылса атыр гүлүн,
Кыз сүйүсү атыр гүлдөй  ачып жүзүн.
Атыр гүлүм кубанткан кары жашын,
Баа жеткис белегимсиң атыр гүлүм.

## КЫЗГАЛДАК АЙ КЫЗГАЛДАК

Кыпкызыл адыр толо ачылган,
Кызгалдак ачылыптыр жасанган.
Бир керемет суктандырган сулуулук,
Дем аласың кучак жайып кубанган.

Кучак толо терип берди кызгалдак,
Гүлү түштү көтөргөндө тез жабырап.
Бир күндүк ачылабы ай кызгалдак,
Төгүлбөй гүлдөп турчу бир аз убак.

Арманы болот тура гүлдө дагы,
Жүрөгүнүн ортосунда кара дагы.
Бир күн гүлдөп гүлү тез төгүлөбү,
Көзгө сүйкүм кыпкызыл кызгалдагы.

Кызгалдак ай кызгалдак сени кара,
Билгизбейсиң ачылып күлүп кана.
Эртең эмне болооруң тез күбүлүп,
Сездирбейсиң ачылып көркүң таза.

Көргөндөрдү суктантып ачыла бер,
Жаз көктөмү сулууланып жайыла бер.
Кызгалдактар Алла берген сулуулук,
Караганда кызарып эл көңүлүн ала бер.

## СОРГОК БАЛА (БӨБӨКТӨРГӨ)

Жаз эрте иш кайнаар убакта Абыл ата,
Жалгыз коюн сойду, күчтүү жумуш кылаарга.
Абыл ата кемпири Калый апа,
Жашаптыр жалгыз уулу Абдылда.

Адыл ата эрте таңдан маңдай тердеп,
Тыным албайт талаа иши кетменден.
Калый апа этүү тамак берип нанын,
Жөнөтөт Абдылдадан ысыгында жесин деп.

Абдылда соргок үйрөнгөн адат калабы,
Шашпай жеди этин терип аяйбы.
Нанын жеди жарымын жыргап гана,
Атасына алып барды жарым табак тамакты.

Таң калды Абыл ата сойгон койдон дайын жок,
Наны жарым тойбой калат бир аз тамак.

Абыл ата алы кетти начар тамак иши оор,
Ичинен капа болот кемпиринен начар тамак.

Эртеси Калый апа даяр кылып тамак,
Кыйкырат баласына келбей калат.
Алып жөнөйт бир өзү кобурап абышкага,
Араң жетип дасторконун жайа салат.

Абышкасы таң калып тамшанып жейт,
Эттүү тамак жасапсын кемпирим дейт.
Ээ абышка өзүм жебей күндө этин терип,
Сага салгам абышка ишиң күч деп.

Кургур Абдылданын иши го сениби деп,
Үйгө кайтып Калый апа араң басып.
Эртеси, гүрүч аш, жасады, эти мол,
Нанын берди тандырдан ороп бекем.

Абдылда, салам айта бар абышкама,
Асманда жылдыз койуу ай бүтүн караганда.
Абдылда жолдо жейт этин терип соргок,
Нандын жарымын согуп коет шаша-буша.

Ата салам деди, - энем сизге жылдыз коюк,
Ай чыгыптыр толгон бүтүн деди күлүп.
Аа салам айта бар энеңе жылдыз сейрек,
Ай жарым чыгыптыр бизде деди күлүп.

Бышылдап айтып келди саламын энесине,
Атам жакта ай жарым чыгыптыр бул эмнеге.
Жылдыз сергек аз көрүнөт деди атам,
Энеси түшүндү баласынын соргок жегенине.

Уятың жок жедиңби этин терип тамактын,
Нандын жартысы калган го кургур сенин.

Абышкам арыктап кеткенго алы кетип,
Тамагын жолдо жепсиң терип этин.

Уялып Абдылда, жардам берди атасына.
Калый апа  эттүү тамак жасап талаага.
Алып барды ата- бала экөөнө ысык гана,
Уялынкы жер карап тамак жеди Абдылда.

## АТАКЕМ

Атакем Ала-Тоо өстүм куунак,
Бала кезим эркелегем билбей чунак.
Жети бала чоңойттуң ата кандай,
Жетимиш сом айлыгың биз санасак.

Атакем мээр төктүң балам деген,
Өзүң жебей балаң үчүн бөлүп берген.
Эне болуп азыр мен таң каламын,
Жеткирипсиң жетимиш сом айлык менен.

Жети бала жеп турса түтөт бекен,
Кийим десе өзүң кийбей алып берген.
Алтынымсың атакем берекелүү,
Жетимиш сом түгөнбөгөн Алла берген.

Атакем жеткирдиң чоңойтуп жети бала,
Көрөөрдө көрбөй кеттиң болдук капа.
Жети эмес бир  балага ойлонобуз,
Эрдигиңе таң каламын ата сага.

Балдарың баары ата балдарына,
Канча тапса жетиш кыйын бакса бала.
Атакем миң ырахмат таазим сизге,
Бейиш төрдө жүрсөң болду берип Алла.

Иштериң почта ташып атакем ай,
Ишиң оор билгизбейсиң аткан таңдай.
Кырк жыл кылган эмгегиң мактанарлык,
Чыдамың зор жетимиш сом айлыгыңай.

## КАЛАТ БААРЫ

Бул аалам кимге түркүк ээ досум,
Ар үйдө боло берет күндүк уруш.
Өзүңдү ойло жан жаның сенин,
Бала менен түйшүгүң түйшөлтсө досум.

Өтө берет өткүн дүйнө эрте кечи,
Тагдырга тан берели бүт таарынычты.
Күлкү менен өткөзөлү бул өмүрдү,
Ар бир күн алтын убак бир билели.

Дарты жок адам барбы ээ досум,
Ойлонсоң оору даяр тосуп жолуң.
Өзүбүзгө өзүбүз кубат берип,
Жүрөлүчү жаштардай эсен болуп.

Балдар да өзү менен жашап аман,
Ара түшө албайт жаныңа миң айланса.
Калат баары топтоп-жыйнап тергениң,
Бир жаның кудай гана сактаган.

Ойлонбойбу күндүк өткөн кыжылга,
Ай он беши жарыгын ойлоп жакшыга.
Кечиримдүү сабыр  жакшы ээ досум,
Алтын күндөр тез өткөн бул ааламда.

## ЫЙМАН БЕРСИН ПЕНДЕГЕ

Ойку кайкы өзөн түз жерлери,
Бузулду там салынып нечендери.
Заводу канчалаган ыштап түтүн,
Ак булутту көө басты көрбөй жерди.

Машине көп кумурскадай кайнаган,
Алакандай жер калбады айдалбаган.
Жерлер талаш эгин айдап суулар,
Күн көрүнбөйт булуттан жаап ыйдан.

Пейли кетти адамдан ынсабы жок,
Каарыбы Алланын жаан суудан.
Көчкү басты канчасын алып сели,
Оюп жерди тойбой жалмап жутуудан.

Өзгөрдү табигат да кыжырланган,
Суу басып канча шаарлар кыйраган.
Ыссык жерлер суук болуп тоңуган,
Тоңгон мөңгү жылуу болуп бузулган.

Эй жараткан пенделерим ыйманга,
Ыйман жок таштандыда ыйлап бала.
Биз эмне болуп баратабыз мусулман,
Дин бөлүнүп башы каткан жаштарга.

Таппай калды жаштар жолго басаарга,
Кайсы дин туура багыт аларга.
Күчү жетпейт жол башчылар канткенге,
Айла кетти тентип акча табарга.

Ыйман кетти кыргыздын кыздарынан,
Айланды көпөлөкө түндө учкан.
Бар беле эзелтеден кыргыз кызда,
Акча деп түнү каңгып дене саткан.

Күнөө көп көтөралбай жер силкинет,
Ыйлап нөшөр чагылган жаңжал салат.
Шамал берет учуп чатыр белгиси,
Кечирет Алла баарысын талдап берет.

Күнүн берет жадырап кечиримдүү,
Мактоо  болсун бир Аллага ал себептүү.
Күнөөкөр пендесибиз Аллам кечир,
Ыйман ынсап чындык берчи берекелүү.

Заматта бар кылганды жок кылган,
Бир өзүңсүң Аллахым сынап турган.
Ааламды топтой толгоп коесуң,
Кечир баарын пенделерди күнөө кылган.

Пендеси ач көзүңдү туман баскан,
Иш кылгыла ыйман менен ынсаптан.
Боорукерлик кылгын жан табигатка,
Өчөштүрүп албайлы бүт кудайдан.

## КӨПТҮРГҮ

Жаз көктөм өрүк гүлү аппак болуп,
Ак кардай себеленет желге учуп.
Чабалекей чурулдашып бир сайрашат,
Жаңы конуш уясына учуп конуп.

Апакем очогуда сүтү жайнап,
Алоолонуп күйүп жатты кыгы жанып.
Алып келчи көптүргү аяш энеңден,
Жаңылайын көптүргү жаап наным.

Так секирип жөнөдүм балалык кез,
Жел учуп чачтарым учуп  бир тез.

Кызыл гүлдүү көйнөгүм жаңы кийген,
Болсо керек кирбишин сонун жибек.

Апакеме ыраазы болуп баратам,
Карап коем көйнөгүмдү улам-улам.
Желдей учуп сурадым  аяш энемден,
Көптүргүсүн  жаңылашка  апакемдин.

Бурма аяш энем отуруптур пахта сабап,
Кел кызым чай ич деп бир жылмайып.
Кызыл гүлдүү көйнөгү куп жарашып,
Кара кемзир ак түймөсү кадалып.

Нанга шыбап берди мага толтосун,
Көптүргүсүн  ороп берди күн көрбөсүн.
Ачпай бар күн көрсө нан бузулат,
Айт апаңа ысык нанга барамын чайын койсун.

Апакем сүткө ийлеп камырын,
Бышырды мандалактай ысык нанын.
Көптүргүсүн жаңылап экөө койду,
Дасторкондо каймагы ысык наны.

Келишти бир заматта чогуу баары,
Бурма, Жамила, Асал Газбү курдаштары.
Ынтымактуу отурушат дайым бирге,
Сары майда ысык нанга  «жалчуманы».

Ошол кезек бир туугандай отурган,
Ар кимиси ысык нанга чакырган.
Сагынышат көрбөй калса бир-бирин,
Бөлүп жечү ысык тамак узаттырган.

Азыр жок мээрим ошол кездеги,
Тааныбайт кошунасын ким теги.

Ачык эшик кете берчү айыл тойго,
Апалар алтын экен ал кездеги.

Шыңгыр күлкү сүйлөшкөнү кулагымда,
Кайра-кайра чай кайнаткам апаларга.
Азыр баары акча-акча заман болду,
Мээр жок кандай жашоо бул заманда.

Апалардын ысык наны эсимде,
Даамы кетпейт таңдайдан азыр деле.
Азыр баары дрож болду химикат,
Көптүргү жок дрож наны оңой эле.

## АК ЖОЛ

Канча жыл каттадым төркүнүмө,
Адыр тоолору жакын көзгө.
Жол азабы кыйнаган оңкул-чуңкул,
Бузулган машинелер ар бир жерде.

Чайкаласың жеткичең кимде күнөө,
Токмок жеген адамдай чарчап өлө.
Аз келгенсип таможный тосуп жолуң,
Жеткичекти кеч кирет азап жолдо.

Кудайга жеттиби өттү жылдар,
Жол башчыбыз жолу ачык кылгандар.
Миң мертебе ырахмат ак жол дайым,
Алыс жолум жакын болду шүгүр-шүгүр.

Жолум ачык шамал жиреп Баткеним,
Тоосу жок эркин куштай учамын.
Зымырып самалетто жүргөндөй,
Тегиз жолдо түштөгүдөй тез жетемин.

Узун жолдо катарлаш бензовоздор,
Жолду түрүп салышат саратанда.
Араң курган жолубуз талкаланса,
Калабызго мурдагыдай чуңкур жолдор.

Жолубуз бузулбаса деймин санаа,
Алыс жол жакын болуп катоо гана.
Сактайлы жолубузду ак жол бойдон,
Жетекчилер көзөмөлдөп турса дайым.

## ЭНЕКЕМ

Эне деп жазыштан эч тажабаймын,
Канча ырым сизге арнап жазайын.
Жүрөгүмдө турасыз дайым бирге,
Бир жылмайган күлкүңүз кубат дайым.

Энелерди көргөнүмдө эзилемин,
Өзүм эне бала кездей өзүмдү элестеймин.
Чачым сылап жылуу колуң мээр берген,
Күндөн жылуу колуңду мен өбөйүн.

Ооруп калсам оюмда эне жаным,
Аллахым энедей ким жаралсын.
Энемин бала сүйгөн неберемди,
Энедей мээр берген садагамсың.

Үйүмө кирип келет бала жаным,
Эне деп кучактаса үйүм жарык.
Ошол бакыт балкыган балалык ай,
Теңдеши жок ааламда эне дайым.

Эне айым эне күнүм биз төрөлгөн,
Өттү күндөр балалык кез энем өпкөн.
Сагыныч балалык кез тартылгандай,
Ойлоп кетем кинодой энекемди өткөргөн.

## ӨМҮР ШАШАТ

Жашоо өтөт карабай шашып кайда,
Токтобой айланган шыр эмне пайда.
Бүгүн күнүң эртең жок, өтүп кетет,
Кыйкырыкпы, бакырыкты, укпай шашса.

Өмүр өттү билинбей артта калды,
Балалык кез жаштыгым алыстады.
Бир окуган жомоктой эсте калат,
Кайран дүйнө кайда шашып баратат.

Убакыт аз кылууга иштер канча,
Таң атканы кеч кирип өтүп жатса.
Таттуусу ай дүйнөнүн көзүң тойбойт,
Жүз жашың да өтүп кетет көз ачканча.

Жазайын ал жеткенче кечиктимби,
Өтүп кетти өкүнөмүн нечендери.
Аттиң ай, кайда барат, шашып өмүр,
Токтой турчу жазайынчы көп китебим.

Сезимдерим айланып аалам кезет,
Жыйнай албай чачылганын оюм терет.
Мүдүрүлүп шашамын өтүп күндөр,
Жоготконум табалбай боорумду эзет.

Жаштыгым ай жоготтум сүйгөн ырым,
Кеесин табам кееси жок түштө көрөм.
Арман дүйнө өтөрсүң шашып кайда,
Шаштырбачы табаар бекем жаштык ырын.

## КАЙЫН ЖУРТУМ

Кубат алдым жылуу сөздөн жүрөккө,
Кайраттандым күлкү кирип жүзүмө.
Жакшы сөз жан эргитип сакайткан,
Жакшы адамдын жакшы сөзү көңүлдө.

Кубандым кубат алып сууга канып,
Төрдөн орун бөлүп жейин ырысым.
Айландым алтын сөзү насаат айткан,
Кагылайын кайын журтум асылым.

Бири кетсе бири келет кабар алып,
Алым сурап ак жоолугун башка салып.
Бир туугандай жакшы көрөм кайнилерим,
Алтынсыңар кайне эжелер, кайын сиңдим.

Жакшы сөзүм үйгө келсең кубанган,
Колдон келсе бергим келет сурасаң.
Кайын журтум күндөй күлүп  тосоюн.
Туугансыңар оор жүгүмдү колдон алган.

Төрүмдүн төрүндөсүң бирге отурган,
Кубанчымды кубаттап бөлө турган.
Алыс кылсын Аллахым жаман иштен,
Жакшы жаман ишимде боло турган.

Кадырдан болдум жеңе эмес энедей,
Сыйлашат сый коногу тегиз бирдей.
Ыраазамын миң ырахмат кайын журтка,
Жылуу сөзү сыйлоо - урмат энесиндей.

## КАЛТЫРБАЙЛЫ КӨҢҮЛДҮ

Калтырба көңүлдү жаман айтып,
Көңүл гүл соолуй түшөт өңдөн кайтып.
Калаган көңүл чыккан жан сезесиңби,
Тил жаман сөөгү жок сүйлөй берген.

Көңүлдү калтырбайлы бул өмүрдө,
Кереги не бул жашоодо жаман сөзгө.
Адамбыз кам сүт эмген сүйлөй берген,
Баары адам жакшы  жаман бул жашоодо.

Жүрөктөн кетпейт дак, көө шыбап салып,
Дагы калат жууса да кетпейт көңүл  калып.
Сүйлөсөк сүйлөйлү  ойлоп сүйлөп,
Тил жаман оорубай өлөсүң жаман сүйлөп.

Кереги жок жаман сөзгө бул жашоодо,
Болсоң дагы жакшы жаман бул өмүрдө.
Жаман болуу көз ачканча кылып күнөө,
Жакшы болуу өтө кыйын ойлоп сүйлө.

## ЭГИЗ ГҮЛҮМ

Ачылыптыр өрүк гүлү аппак кардай,
Гүлдөп турса окшоп кетет сакурадай.
Башка өлкөдө бар бекен өрүк гүлү,
Аппак пушту тизип койгон ак шурудай.

Жазда ачылып бажырайган өрүк гүлү,
Жарашыптыр ачылып тоонун гүлү.
Айгүл тоодо ачылып гүл майрамы,
Теңиримдин белегиби эки гүлү.

Ай гүлү, өрүк гүлү, даңкың чыккан,
Сулуулардын сулуусу гүлүн ачкан.
Сыймыгысың элимдин гүлдүн гүлү,
Гүл майрамы майрамдалып көңүл ачкан.

Гүлүдөн да мөмөсү бышса шакта,
Эл ырысы ийип кызыл халба бышса.
Таңдайыңдан кетпейт экен бал сыяктуу,
Даңкы кеткен өлкөгө болуп даңаза.

Айгүлү ачылса ашык баары гүлгө,
Келишет Айгүл тоого гүл көрүүгө.
Өрүк гүлү, ай гүлүм, көзгө сүртөм,
Жаз келгенде ашыгы көп экөөңөргө.

## СҮМӨЛӨК

Буудай өнүп сүмөлөк кайнап жазда,
Апаларым суранышып бир Алладан.
Эли журтуң амандыгын ырыскысын,
Жамгыр сурап дуба кылат жаратканга.

Келин кыздар ойношуп ынтымакта,
Тилек тилеп көөлөшүп апаларда.
Кыткылыктап бөбөктөр ойноп күлүп,
Ыйман, мээр, топтолушкан бир башкача.

Мээр көздө коңшу-колоң ар улуттан,
Кыргыз өзбек, татарбы, тажик дунган.
Казан толо сүмөлөк топтоп баарын,
Ынтымагы ар элден бир кайнаткан.

Түн караңгы ай жарык от тутанып,
Кайнап жатат сүмөлөк чыгып даамы.

Бир казанда буруксуган ашы бышып,
Аш жешип баары чогуу отурушуп.

Жадырап күн чыкты жаздын жыты,
Апалар дуба окуп казан ачты.
Бир керемет гүл түшүптүр сүмөлөкө,
Жоруду, токчулукту элге аман тынчтыкты.

Чыны толуп ооз тийдик таттуу сунуп,
Бал кошкондой даамы сонун сүмөлөктүн.
Бөлүп куюп жөнөштү идиштерге,
Келээр жылга кылабыз деп,- дуба кылып.

## АЙ ТЕРЕКТЕР

Ай теректер ыргалып катарлашкан,
Шамал жүрсө шуулдап кол чабышкан.
Күбөсүңөр баарына өтүп жылдар,
Көлөкөлөп отурган кемпир чалдар.

Ай теректер сууктабы ысыкта жалбырагың,
Канча түштү күбүлүп канча чыкты.
Мал айдашкан улан-кыздар кечээги,
Чоңоюшту өзүң менен кучакташкан.

Ай теректер сен көргөн кемпир чалдан,
Бирөөсү жок өтүп кеткен бул ааламдан.
Шуулдап ыйлайсыңар башың чайкап,
Эмнегедир жаш-уландар чогулган.

Ай теректер кимге силер керексиңер,
Бир топ балдар ара кармап келдиңер.
Сенин дагы жетип күнүң бүттүбү,
Кыйып салып үй устунга керектер.

Ай теректер шуулдады жүрөгүм,
Көзүн көрдүң эне атамды канча адамды.
Суналып барчаланып кулап түштүң,
Көздө жашым аяп кеттим теректерим.

## БАТКЕН ЖАЗЫ

Баткенимдин жазы бир башкача,
Адыр түз талаасы көк майсада.
Өрүк гүлү ачылып тегиз бүрүн,
Кэре-кэре дем алам жарпым жаза.

Өрүктөр да  сагынгансыйт мага күлүп,
Көпөлөктөр учуп жүрөт гүлгө конуп.
Баткендин жазы кооз бир керемет,
Сулуу гүлү күн тийгенде аңкып жыты.

Арык бою аркы өйүзү берки жагы,
Жабалактап чыгыптыр жалпыз дагы.
Терип жүрөт кыз келиндер дартка дабаа,
Жалпыз самса буркурап жаздын жыты.

Айтып бүтпөс сулуулук Баткен жазы,
Сулуулукка тойбойсуң кантсең дагы.
Күлүп мейман тосо бер өрүк зары,
Тең келбейт гүлдөгөндө сага баары.

## САБЫР КЫЛЧЫ

Сабыр кылгын баарына бары жокко,
Баары болот бешенеңе жазган болсо.
Алланын сыноого мүшкүл салып,
Бар мүлкүңдү жок кылып алып койсо.

Сабыр берсин бир Алла чөкпө жокко,
Аракеттен маңдай териң тапсаң олжо.
Ким төрөлүптүр бай болуп энесинен,
Акырындап бутка туруш басып жолго.

Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичиптир,
Баштан өткөн элдин кеби чындыктыр.
Акырындап теңирин берсе теңдеп,
Жоктун баары болот кылсаң сабыр.

Эч ыйлаба кайгы тартсаң сен жаңылып,
Жакшы сөзүң ыйман сага  кайтып.
Мээнет чырмап ооруп калсаң эгер сен,
Аллахым себеп сага айыктырып.

Бирөөгө жаман айтпа кыл жакшылык,
Жамандык кайтат сага өч алыштык.
Жакшылык колдон келсе сылык сөзүң,
Сабыр кылуу ыйман ынсап кылат токтук.

## ЖАЗ КҮЛКҮСҮ

Короом жашыл жаз жыттанып,
Жаан токтоп аба таза  күн чыгып.
Жаз иши көп короомдо гүлдөр эгип,
Уул кыз келиндерим ишин кылып.

Күлкүлөрү жаңырып көчөт эгип,
Ынтымакта азил сөздөр акыйнегин.
Бактылуумун эшитип күлкүлөрүн,
Ырыскысы келе берсин теңир берип.

Балдарымдын күлкүсү кубат мага,
Өпкөм көөп барамын ылдам шаша.

Жеткичекти мыйык күлкү жүзүмдө,
Жаз күлкүсүн балдарымдын кулак сала.

Кубат алдым жашарып балдарыма,
Кошулдум кыт-кыт күлүп өз алымча.
Боор эзген күлкү сөздөн ыйлап ийдим,
Бактылуумун шаңдуу күлкү коргонумда.

## АРБАКТАРДЫ СЫЙЛАЙЛЫ

Адамдар, өткөндөрдүн кадырына жетели,
Өткөндү барктабай тирүү кадырың билеби?
Дуба тилейт өткөндөр  тирүүлөрдөн,
Ата бабам айтып келген өткөндөрдү эстейли.

Өткөндөр бар барктуу акын канчалаган,
Эли үчүн канын төккөн баатырлардан.
Өткөн ата баба, умай эне, жылдап өткөн,
Тилейт тура арбайы дуба тилеп урпактардан.

Иш оңобу, өткөндөрдү барктабасак,
Курсак тойбойт маркумдарды сыйлабасак.
Адамдарга дуба окуш ушунчалык кыйынбы,
Эртең өлсөк саргайып тирүүлөрдөн дуба жок.

Эң алгач арбайларды кылбагын наарaзы,
Андан кийин жолуң жүрөт арбайлар ыраазы.
Эч унутпа келет кезек бир күн башта,
Унутпагын оо дүйнөгө бараарыңды.

Дүйнөнү байлап бербейт сага эч качан,
Түркүк эмес байлык дөөлөт канчалаган.
Мен мен деген, акча менен жашабайлы,
Өтөт баары  ааламдан, падышаңда канчалаган.

Өткөндөр жакшы ыйман абийирлүү акылман,
Тургандыр сактап бизди апаатардан.
Биз билбейбиз көзүбүз көр жашаган,
Урпактары унутпасак эстеп дайым дубадан.

## ЖАКШЫ АТЫБЫЗ КАЛСЫН

Бул жашоодо атың калсын жакшы деген,
Кызматың элиң үчүн болсун бекем.
Мактансын урпактарың сени менен,
Өтсөңда элиң сени дайым эстеген.

Жашабайлы өлгөндөй тирүү кезибизде,
Абийирдүү ыйман менен таза дилибизде.
Кадыр барк болсун дайым адамда,
Жаман атка калбай жакшы өзүбүздөн.

Бир келдик дүйнөгө бир жаралып,
Бүгүн күнүң эрте жок тез таң атып.
Ким билет кайра ким жаралат,
Жакшы болуп жашайлы из калтырып.

Урпак башын ийбесин жаман атка,
Сыймыктансын жолун басып азаматка.
Жакшы ииз калсын төшүн каксын балабыз,
Иизге түшсүн жакшы болуп жакшы атка.

## НЕБЕРЕЛЕР КЫЛЫГЫ

Мейман келсе коем деп конфет алдым,
Неберем Азиз, Назыркем, колдон алды.
Ар түрүнөн конфеттен колго бердим,
Калганыны сервантка салып койдум.

Мейман келди үйүмө курдаштарым,
Дасторконго тапканымды төгүп чачтым.
Үйгө кирдим конфетке коемун деп,
Куру калыптыр конфети жок бош пакетим.

Эртеси көрсөттүм бош пакетти,
Мен уят болдум мейманга жок конфетим.
Азиз, Назиркелер билбейм деди,
Ууру бөбөктөрүм конфет жедиңерби.

Бир - бирине айтышып акыйнегин,
Балдарым ай ширин бекен конфетим.
Ооба дешти кыйкырышты экөө бирдей,
Мени уят кылдыңар го эх силерди.

Экөө бирдей качышты сыртка карап,
Эми сурап жейбиз эне, мени карап.
Каткырышып күлүшүп өз кылыгына,
Уялгандан күлүшөт аңдып карап.

## АНАР

Багымдагы анарым кызыл бышты,
Көтөралбай мөмөсүн ийип шагы.
Дартка даба дешет жесең анар,
Кыпкызыл даны толо ох кычкылы.

Мөмөсүнай туптунук кызыл шуру,
Кармалаймын жипке тизсем  сонундугу.
Таккым келет мойнума катар тизип,
Кыпкызыл жанып турган анар шуру.

Дасторкондун көркүн койсоң ача турган,
Бир карасаң  шилекейиң агыздырган.

Дарылыгы канча элди дабалаган,
Ширесин ичкен сайын иче турган.

Атын койгон кыздарга ырымдашып,
Быша бергин даның толуп кызарып.
Эл оозунан түшпөйсүң кызыл шуру,
Алмаздан да ашыксың кызыл жанып.

## ТООК
### (тамсил)

Тоок; Коко,. коко, коко, коок,
Бала туусам башы жоок.
Жылмакай аппак топ,
Тообо кылдым коко – коок.

Тоок; Коко, коко, коко, коок,
Тумшугу жок, көзү жок.
Сары түк жок кашы жоок,
Чочуп кеттим коко коок.

Короз; Поко, поко, поко, поок,
Күрк болсоң эртерээк.
Жөжө болуп баш чыгаар,
Чочубагын поко-поок.

Короз; Поко, поко, поко, поок.
Сары мамык чач болоор.
Тумшук чыгып каш болоор,
Жөжөлөрүм поко, поок.

Тоок; Коко, коко, коко, коок,
Күндө туусам күндө жок.
Айлам кетти аргам жоок,
Майек калыптыр коко коок.

Короз; Поко, поко, поко, поок,
Издейинчи бекем жай.
Топтоп жөжө чыгарай,
Чөжөлөрүң өзүң бак.
Поко, поко, поок.

## КЫРГЫЗ САЛТЫН САКТАГАН

Кыргызымдан айландым кылымдардан,
Кыргызым сактап келген каада салтты.
Түндүгү бийик боз үйдө жашап келген,
Кылымдардан урпака келе жаткан.

Кыргызымдан айландым кудалашкан,
Сактап келген үрп адатын бабалардан.
Келин алып кыз берген тоюн тойлоп,
Комуз күүсү чертилип обон салган.

Кыргызымдан айландым көчмөн элим,
Бүркүт таптап келесиңер мүнүшкөрүм.
Ат жалында ойногон азаматтар,
Ат оюндан алдырбас жигиттерим.

Кыргызымдан айландым кыз келиндер,
Кулун байлап желеге кымыс сунган.
Курут майы чөбөгө сүт айраны,
Жаап нанын казанга гүпкө бышкан.

Кыргызымдан айландым конок тоскон,
Кой союп баш быжы оловодон.
Боорсогу сары майда бышып отто,
Каймак шыбап солкулдаган жука нандан.

Кыргызымдан айландым сактап салтын,
Унутпастан урпака келе жаткан.

Жаңы заман кайтарып чапаныны,
Уул кыздар куп жарашып кийип жаткан.

Кыргызымдан айландым айымдарга,
Салт санаасын сактаган  апаларга.
Коңур чачка байланган күмүш чачпак,
Оймо чапан жарашкан басканыңда.

Кыргызымдан айландым толгон салты.
Келиндери берип салам сый урматты.
Аксакалды ызаттап алган бата.
Сактап келет уул кызы кыргыз салтын.

## ЖАННАТ ЖЕРИМ

Ала -Тоо алтын уям мекеним.
Белегиби, Алланын бейиш төрү бергениң.
Сагынамын көрбөсөм бөтөт элде,
Санаркаймын сагынып тез жетемин.

Мээримиң колу- бутум чырмап алып,
Чагылбайым кучагыңдан сагынып.
Сулуулугуң суктантып карай берем,
Аябаптыр Алла бизден төгө салып.

Сууларың агып жатат шаркырап,
Обон салып шыңгыр үнүң угулат.
Торгой, улар, кошулуп сайраганда,
Симфония жаңыргансып угулат.

Керилген адыр тоолор жаңырып,
Арча кайың өсүп турат агылып.
Кереметүү жер бар бекен өлкөмдөй,
Бөтөн өлкө көзү тойбой суктанып.

Даңкың кеткен Ысык-Көлүм деңиздей,
Балык ойноп көлдөрүң көп эгиздей.
Шаркыратмаң кайсыл бирин айтайын,
Шаркырап тоодон түшөт тең бирдей.

Бөтөн элде жүргөн менин мекендешим,
Сагындыңбы садагам туулган жериң.
Аркар, кулжа, аралаган жайлоолоруң,
Күтөт баарың сагынып өз мекениң.

Жайлоолору айтып бүтпөс баары сенде,
Кымыз балы жайлоонун жок эч жерде.
Гүлү аңкып ачылып бал аарысы,
Бал челекте дартка дабаа биздин элде.

Кыргыз элим мейман дос кучак жайган,
Конок келсе бар тапканын кое салган.
Коюн союп коноктоп күткөн дайым,
Суусундукка кымызын куя салган.

Кыргыздар намыстуу калк чиренген,
Жүрөгүндө жалы бар эзелтеден.
Кыргызым кагылайын атың улук,
Намыс үчүн жаның берип чегинбеген.

Теңирим берген баарын кыргызыма,
Жаратылыш байлык кени сандыгында.
Оюлган жок дөөлөтүңөр канчасы,
Кызыккан көп кызыгышып байлыгыңа.

Байлыгың жетип ашат урпагыңа,
Айтып бүтпөс ачылбаган запасында.
Кучак жайган меймандоссуң кыргызым,
Кудай берет төрүң кенен кыргызыма.

Суук көздөн сактасын Аллам дайым,
Дуба кылам ичимден  кыргыз элим.
Көздөрүнө көкөнөк тикен деймин,
Көрө албаска бакылга түрмө деймин.

Өсө бергин алдыга жолуң ачык,
Жол башчылар ыймандуу болсун казык.
Телегейге тең бирдей бөлүп жарбай,
Топтоп элиң топ кылып жыйсын ынак.

## ӨЛҮМ ШАШАТ

Дүйнөдө жашоо келип кетиш,
Мөмөсү бышып турган жемиш.
Жатсаң жылуу жайың жумшак,
Ойго келбейт эч кайра кетиш.

Билесиңби өлсөң калат жериң тегиз,
үстүңдө көрпөң топурак эгиз.
Таза ыйман менен кетсең ааламдан,
Жаннат бакта түрдүү-түмөн жер жемиш.

Ыйман ынсабың болсо сенде эгер,
Бул дүйнөдө болсоң боорукер.
Гүл аралап жаннат багы ачылган,
Жалган дүйнө калат баары бекер.

Күнөөсү көп кенебес текеберди,
Жалганчыбы ууру-баңги жегичтерди.
Какшатып күнөөсүздү алсыздарды,
Өлүмүн ойлобогон нечендерди.

Алла чакырганда өз жайына,
Жер катып жайын бербей жаткырганга.

Тообо кылдым ташпы-жылаан кабырында,
Азар кылат жер да жаман адамга.

Бул дүйнө жалган баары калат-калат,
Бекер баары келгендер баары жатат.
Айтчы ким, бул дүйнөгө түркүк болгон,
Өлсөң өз үйүңө батпасың алып шашат.

## ЖОКЧУЛУК МҮДҮРТКӨНДӨ

Башыңа иш түшсө мүшкүл пендесине,
Жарык аалам, караңгы түн билгенче.
Таң атпай, санааң санга, бөлүнүп,
Ар ойлор, чырмап башың, чеңчелинде.

Көз багым болуп, бирөөгө ишиң түшсө,
Кызыл жүзүң, саргайып, көңүл чөксө.
Жүрөгүмдө жалым бар, мен ким элем,
Мен ким болдум, акча кулу, тизе бүксөм.

Колдо болсо баары дос үйүм мейман,
Тууганым көп күлкүм шаң кылбай арман.
Башка салса, баш көрдү, качып достор,
Ала качып жүздөрүн  араң берет аламан.

Оңбу солбу кара агы баштан өттү баары,
Көрөсүңөр аман жүрсөң жокту дагын.
Сыр айтсаң сырың айтып жакынында,
Жоктук алың  бечарасың көз каранды.

Алың кетет акчаң жок  болуп муктаж,
Кубаты жок сөз күбүр сени ушакташ.
Жек көрүп өзүңдү кызыксыз жашооңдо,
Түрү суук, көрүнөт, жакынында  узакташ.
Баарын жеңет эне баатыр жеңилбеген,
Чечет акча, солду оңго, жаманды жакшы деген.

Адамда оруулук, таза, болсо баары эгер,
Чиркин дүйнө ак булуттай, бололучу дегем.

## КАРА ШОРО

Кара шоро арчаларга көз жетпеген,
Төрүң кенен, карагай кайың эгиздеген.
Шарпып аккан, сууларың тунук муздак,
Дартка даба, канча адамга шыпаа берген.

Белегиби Алланын шыпаалык суун берген,
Ичкен сайын кубат алып, иче берген.
Карап тойбойсуң сулуулука сөз жетпейт,
Төгүлүп, ырлар келет, булбул болуп сайрай
берсең.

Желге ойноп кымыз жыты жайлоодо,
Гүлдөрүн ай, ачылган, түр - түр бул тоолордо.
Келгилечи бир көрүүгө Кара Шорого,
Көрбөгөндөр арманда калбагыла бул жайлоого.

Ашык болот көргөн адам Кара Шором,
Какшап ырдап, Ырыспай агам обон созгон.
Сулуулугуң сулуу кыздай ашыгың көп,
Баа жеткис, канча ырлар, ырдай берген.

## АЯЛ ЗАТ

Аялзат жүрөгүң кең дүйнө батырган,
Боорукерсиң бүт ааламга кайгырган.
Күлсөң күн желеси жылыткандай,
Мээримиң теңдеши жок таң калам.
Башка салган тагдырың аял сага,
Тоодой түйшүк жаралса да чыдап ага.

Чындык үчүн чыркырап  намыска бек,
Чыгасың төшүң тосуп чыгып алга.

Балаң үчүн төксөң мээр жетпейт сага,
Тоодой күчүң балаң үчүн болуп калка.
Аял зат бир жаралган сулуу эне,
Энеден жаралат аалам баары кара.

Кубанам күндөй күлгөн аял көрсөм,
Дилим ооруйт ыйлаган аял көрсөм.
Аялбыз кубансакда кайгырсакда ыйлаган,
Көз жашыбыз даяр дайым төгүлгөн.

## БАЛБАН ЗАМИР

Атың угуп, кубандым «Жаш Күч» сага,
Жоон билек балбандары  топ-топ бала.
Атыңар куп жарашып өзүңөргө,
Ааламга таанылдыңар жаш күч алга.

Теледен көрдүм мен балбан балам.
Энесиндей толгондум мушташкандан.
Бразилия атуулун жеңип чыкса,
Тирилгенсип атакем бир кубангам.

Күйөрманы болдум  «Жаш күч» сага,
Атыңдан айланайын, Замир балам.
Намыска бек, элиң үчүн күрөшө бер,
Кыргыз желек, желбиресин жеңиш сага.

Атыңдан балбан чыксын  сен үйрөткөн,
Патриоту чыга  берсин жаш балбандан.
Тоодой жүрөк жолборс сүр  чыга берсин,
Жаш күчүңөр күчкө келип  жеңип келген.
Энеңе миң ырахмат сени тууган,
Намыс үчүн жанын да бере турган.

Ак булуттай  ак эмгек таза күчүң,
Атың чыксын эр Манастай  көз тийбесин.

## ЖАРАТКАН АЛЛА

Жер шаары томолок айланып,
Көк мейкин көз жеткис ааламдын.
Адам ата жаралгандай адамзат,
Сынообу Алланын түр- түс тил адамын.

Кум дөбө шамал соккон чөл дабанын,
Сууда жашап бир нанга  зар какшаган.
Тамчы сууга зар болуп эрме чөлдө,
Курт, жылан, кам катала, жеп жатканын.

Кийими жок ыйманы жок жашаган,
Каргышыбы Алланын жер четине сүрүп салган.
Теледен көрүп туруп кубанамын,
Кыргызым жаннат жерде  жашап калган.

Аллага шүгүр  дейли кыргыз элим,
Ийип мөмө буудай наны  ырысын.
Аккан суу Аллам  берген агып жаткан,
Миң мерте тообо деймин жаратканым.

Теңирим аябаптыр ыйман ырысын,
Жаннат жерим таза аба сулуусун.
Колдо бар  алтын баркын билели,
Зар болбой бар кадырына умтулгун.

## ӨТТҮ БАЛАЛЫК

Жаштардын жаштыгына суктанам.
Бүчүрлөр өнүп жаткан алга кадам.
Жетишип жылдан жылга,заманыбыз,
Эстүү чыгып бөбөктөрдүн тыңдыгынан.

Биз билбейбиз араңдан сурап басып,
Телефонду балдарым белек кылган.
Бөбөктөрүм үйрөтөт кол ойнотуп,
Түшүнбөй туруп калам баш айланып.

Кайран жаштык бейкапар түшүнбөстүк,
Салыштырып таң калдым биз эскилик.
Ойноо жок үйдөн чыкпай акча табыш,
Бешиктеги бөбөктөрда «Айфон» чукуш.

Жаштык кандай сонун келсе кана,
Таза аба көк майсада ойноп кана.
Ар замандын жаштыгы өтүп жылдар,
Өз жылында өзүбүзгө бактылуудa.

## ӨЧПӨС ОТ

Кан майдан кечкен аталарым,
Жоголгондой алтыным ызадамын.
Төшүңөрдө катар таккан медалыңар,
Эске салат өткөндөгү алоо отту.

Өлбөс атың калат урпагыңа,
Жылдан жылга арабыздан азайууда.
Аталар башка койсок силерди,аздык кылат,
Бак алып келдиңер элибизге жеңип гана.

Аталар ырысым төр коногум,
Дөөлөтүмсүң түгөнгүс алтын зоом.
Карылыктын чеңгелинде араң басып,
Жигит элең кычыраган жеңип баарын.

Патриотту элимдин жеңиш ураа!!!
Жеңиш менен кайттыңар намыс мына.
Эрдигиңер эстен чыкпайт өчпөс оту,
Эстейт дайым урпагыңа сабак болуп.

## БАТКЕН КООГАЛАҢЫ

Күбөсү болду балам Баткен согушуна,
Кызмат өтөп жүргөн эле Армияда.
Эшитип душмандардын  кол салганын,
Төбө чачым тик турду энемин да.

Таң атпай же кеч кирбей өтпөй күнүм,
Жалынганым кудай болду өзүм билдим.
Жаш жигитти өлдү десе октон учуп,
Каңырыгым түтөп кетти  шайым өчүп.

Атың өчсүн террорист деп каргадым,
Канча эне боздоп калды кагылып.
Эч кимге  салбасынчы кырчын өлүм,
Жигит гүлү соолуй түштү айрылып.

Максаты энелердин кандай болгон,
Курут майын баласына катып койгон.
Кара ниет душмандар оңбой өлсүн,
Эх эне… баламдын баласын сүйсөм деген.

Өттү күндөр жеңиш күндө энелер,
Кучагында гүл баласы энесине эркелээр.
Көздө жаш эстеп өткөн  ата баласын,
Баатырларды эстеп турду жаш энелер.

## ТАҢ КАЛГАН КОРОЗ
### (тамсил)

Калый менен  Субан күндө жаңжал,
Турмушу өтүп жатты кылып арман.
Акчаң кана, арам деп ыйлап жаңжал,
Нургуч алып башка салды шайтан.

Бакырык, кыйкырык Субан тепти,
Карсылдап идиш сынып кетти.
Ой, боой… ыйлап Калыйдын бети көкмөк,
Субан сөгүп үйдөн чыгып кетти.

**Короз**; Короодо короз таң калып карайт,
Ой Субан  бир катынга алың жетпейт.
Мен башкарам он беш мастек эч чырсыз,
Менден үйрөн  менден деп төшүн  кагат.

**Короз**;Эй, Субан лох, өлмөксүң үч катын алсаң.
Кокоо… бир катындын нургучу башың жарса.
үч катын тытып сени барчалап салмак,
Субан байке өлсөң мастектерим  ачка калмак.

## ТАБЫШМАК СЫР

Баары табышмак жашоо ааламда,
Адамдын акылы жетпейт канчасына.
Башка планетанын сынообу ким билет,
Жер табышмактуу маалымат сыноо укта.

Күбөсү элдин тарелканы көргөн канча,
Кайдан келди далили жок табышмакта.
Жоголду адам кайра келиптир деген имиштер,
Дүйнөнү суу каптап куюн апааттар канча.

Уктасаң түшүң аян берсе баарын,
Күбөсү болосуң ойлобогон жерден дайын.
Көп өздөп кеткен адамын оңдоп,
Теңдеп койот мүдүртүп баарын.

Алла деймин башкарган  пендесин,
Чайпап жерди тообасына келтирген.
Кудай  таанбаган эссиздерди бир Алла,
Жүгөнүн тартып турат жаман пендесин.

## КАЛТЫРБАЙЛЫ КӨҢҮЛДҮ

Сыйлашайлык урматтайлык ырдайлык,
Баары бекер көңүлдө кир калтырбайлык.
Көңүл назик өмүр жашоо керемет,
Назик көңүл чоң байлык.

Сыйлашайлык урматтайлык ырдайлык,
Байлап бербейт дүйнөнү бир күндүк.
Бүгүн күнүң эртең жок күн кыскарган,
Жакшы сөзүң жакшы менен  сырдашайлык.

Сыйлашайлык урматтайлык ырдайлык,
Жакшы сөз жан эритип жыргайлык.
Жашоодо боло берет түркүн тагдыр.
Жеңип баарын  жамандыкка барбайлык.

Сыйлашайлык урматтайлык ырдайлык,
Сүйлөбөйлү артык сөз  ыйлабайлык.
Калтырбайлык көңүлдү эй адамдар,
Жаман сүйлөп жүрөктү  үшүтпөйлү.

## ЭШИК АЧАМ ЖАКШЫГА

Эрте турсаң ырыс болот деген Алла,
Эшигим ачып коём таң заарда.
Балдарым тынч уйкуда мемирешип,
Тургузам башын сылап ырыскыга.

Кирсин ырыс эшигимден таң эрте,
Жакшы адамдар жакшы кеби дем бизге.
Кут келсин эшигимден үзбөй кадам,
Алла берсин таң эртеден береке.

Эшигим ачык пейли таза адамга,
Мээр төгөм  күндөй күлүп жакшыга.
Төрүм кенен дасторконум жайылуу,
Жакшыларга нан ашым дайында.

Эшик жабам ичи тар көралбаска,
Кыйтык издеп ушакчылар жаманга.
Эшик жабам арам оокат уурудан,
Кулп саламын  жамандан алысташка.

## КҮН КЕЛЕТ

Ыңаалап жаралып бул дүйнөгө,
Кубанып эне атанын сүйүнгөнү.
Бакыт барбы балада бактылуу күн,
Өмүрүңдө майрам күн бала күлсө.

Өтө берет ойуш-кыйыш жашооңдо,
Тагдырың тар көчөдө же талаада.
Үйүндө бактылуу күн эне атаңдын,
Койнуңда жыргал күн,бейкапарда.

Жашоо келет өз жолуң тапкан.
Түз жолбу же чыйырбы  кыйшыгынан.
Өтөт өмүр бирде күлүп же муңайып,
Кагыласың жыгылып кылып арман.

Күн келет кубаныч толуп турган,
Эне атаң жок, сен менен бөлө турган.
Күн келет кайра айланып  өзүңө,
Өзүң да, ата энең алдына бара турган.

## АЛЫҢ ЖОК

Сабак болуп билбегеним көргөндө,
Ой сезимим  кызганычым жек көрүүдө.
Тоо жаңдыгым бүт денемди  куйкалап,
Аракетим алга карай дем берүүдө.

Ой менен баарын кылам көз көрүнө,
Алым жетпей тилим күүлөнүүдө.
Жүрөгүм турат гүл жаштыгымдай,
Тил жүрөк, дем берип, жетелөөдө.

Аянам кээде көр турмушка баш салууга,
Моюн бербей акыл тилим башкарууда.
Баарын түгөл, жумуштарын кылсада,
Тынчсызданам ой санаам мажбурлашта.

Өтөт өмүр   санаа менен,
Эне бала үчүн  баарын жеңген.
Жүрөгү согот дайым амандык деп,
Улгайып дили - тилим, балам деген.

Көз каранды  болуп баарына абалыңда,
Жаш баладай болосуң  балаңа да.

Ынсап тилеп Алладан амандыгын,
Алың жетпей отурасың кол дубада.

## ЖҮРӨК СЫРЫ

Балам деп төшүң кага бербе,
Айланып үргүлсөңда кенебеске.
Балам деген адамың бир какканда,
Жүрөгүң тоңо түшөт жер тербете.

Жакпайсың жатка баары бир,
Миң айланба төгүлүп турмуштур.
Каны башка жасалма балаңдын,
Баласы бала болот каның бир.

Көз багымсың бирөөнүн баласына,
Тагдырдын мыйзамы ар кандайында.
Уул бала сырткы тон болот экен,
Ички сырың  ичиңде жатат кара.

Жакшы жаман өтө берет пешенеңде.
Ичиң уйгу- туйгу жүрөк титиресе.
Өзүң менен бөлөсүң ай санааңды,
Бетиң күлүп сездирбей эне мээрде.

Бала ширин балаңдан да баласында,
Мөмөсү жайнап турат  балы тама.
Энелеп сүйлөгөндө жарпың жазып,
Кайгы капаң унутасың дилиң таза.

Турмушу сынообу ар кандайы,
Ар адамдын тагдыры маңдайдагы.
Көрбөшүңө айла жок пешенеңде,
Ат теппесин маңдайга кылып кайгы.

Адамбыз үмүтүбүз чоң Алладан,
Суранабыз жакшы тилек кудайдан.
Кудай деген кур койбойт берип Алла,
Жакшыга жанашалы жараткандан.

Түгөнбөйт иш адамдын кыбыраган,
Өлсөң гана тынч уйкуда эс алган.
Малым, акчам өтүп өмүр сезбейсиң,
Бир күн бузулган машинедей ташталган.

Сен кимсиң? Ким элең, алың калбаган,
Сөзүңдүн да күчү жок ким тыңшаган.
Жатасың ысыгыбы суукпу өзүңө бек,
Берсе жеп бербесе жок кол караган.

Көбүн көрдүм урпакка укса сабак,
Карыларым боздогон салып кабак.
Келме кезек күтпөгүлө жаштарым,
Кадырлап карыганда сыйлап урматтасак.

## ЖАҢЫ КҮН

Таң жарып асман ачык аба салкын,
Жер агарып күн желеси кайра жанып.
Кечээ күнүң бүгүн жок турмуш жаңы,
Башталат кеч киргенче тынбай жаның.

Саламдашып эрте таңдын атканы,
Амандашсак тууган урук жаратканга.
Кабар алып эне атаңдын абалынан,
Насип кылган жаңы күндү күтүп дагы.

Көз ачып жумганча ким бар ким жок,
Турбай түбөлүк уктап калганга айла жок.
Жаратканым жаңы күндү насип кылгын,
Күлүп күндө жашайлычы арманы жок.

Кыбыр эткен пендеси шүгүр дейли,
Байлап бербейт дүйнөнү жок дебейли.
Турмуш өтө берет таң атып кеч кирип,
Жаңы күндүн кадырына жетели.

## БАКТЫЛУУБУЗ БАЛА МЕНЕН

Балдар ай айланайын атыңдан,
Балы тамган тилинен садагам.
Баласыз кызыгы жок дүйнөнүн,
Бала базар үйүң толо жаңырган.

Күн күлкүсү балдардын каткырган,
Жан дүйнөң кубанычка балкыган.
Бала жыты кучактасаң магдырап,
Мас болосуң садагалар жытыңдан.

Көкүрөкө башың койсоң кубанам,
Кумар жазып капалыгым унутам.
Башын сылап мээр төгүп балаңа,
Бактылуулук бир Алладан суранам.

Дүйнөнүн балдары агы кара,
Алла берген белеги бир татына.
Энелер бактылуу бала менен,
Эне бала кучакташса бактылууда.

Садагалар эр жетип өсө берип,
Аппак кардай тазалык эч кетпесин.
Бактылуу күн тийсин дайым ааламга,
Ак жол сага, узун болсун өмүрүң.

## ТООБА КЫЛ

Тообо дейбиз жамандан алыстап,
Колдо жака сөзүбүзгө тообо деп.
Жаңылсак жаңылып жаштыкта,
Тооба кылып ыйманга жакындасак.

Өкүнөбүз өткөн ишке салават,
Айла барбы ар бир ишке тооболап.
Тообаңа жанып турсаң жаңылганда,
Туура таза ыйман болот адамзат.

Жаман ишке чоочуп кетем  тообалап,
Балдарымды коргоп турам кудайлап.
Жер жүзүндө тынчтык болсун  ылайым,
Тообо деймин дайым тилеп Аллалап.

Тооба, тооба, оозумда, көнгөн адат,
Жаман сөздөн, адамды айыктырат.
Жазып койдум, жаштарым тообо сөзүм,
Зыяны жок, сактайт сени тообаңа кайт.

## АР КАНДАЙ

Ким билсин өмүрүң кандайын,
Жакшы жаман бир өзүңө дайын.
Өмүрүң өтө берет ачуу таттуу,
Баары жогуң ар азапты тартканың.

Бир үй ый, бир үй күлкү, жашоодо,
Бейкапар жашоодобуз өмүрдө.
Ар ким өзү билет кандайын,
Жетим ыйлап колдо бары көпкөнүндө.

Сагыныч бар бирөөдө кусаланган,
Боору таштар билер бекен алы жайын.

Өмүрдө  өтөт экен ар кандайы,
Жарыгы тийбейт тура башканын.

Киммин мен адаммын бил өзүңдү,
Акыл эси ыйман таза дилди.
Адамбыз адам болуп адамдарга,
Жашайлычы  көңүл улап мээримдүү.

## АЯЛ ЭНЕ БААРЫБЫЗ

Аялдар үйдүн куту мээр берген,
Кут береке аял болсо үйдө кенен.
Күндөй күлүп эне мээр жылыткан,
Очок оту жанып турган берекең.

Кыз төрөлсө кубангыла дайыма,
Мээр төгөт эне атага кыз бала.
Келечекте кыргыз айым бир керилген,
Эне болот баш сылаган балдарына.

Үйгө жарык берген аял энең,
Берекең түгөнбөгөн энең менен.
Байлыгың түгөнбөгөн эч түгөнгүс,
Сүйөнгөн тоо алтының эне десең.

Балдарга айы күнү байлыгыбыз,
Амандыгын күндө Алладан сурайбыз.
Эне, бала, кучакташып бактылуу,
Эсен аман бололучу баарыбыз.

## ОРОЗО АЙ

Орозо келди биз күткөн ай,
Ыйман ырыстуу таза ай.
Ширин даам дасторкондо,
Баары чогуу бактылуу ай.

Таарынычты унуткан ай,
Урушкандар жаршкан ай.
Туугандардан ал сурашып,
Карылардан бата алган ай.

Отуз күндүк орозо ай,
Ыйман берген элиме ай.
Дил тазарып  Аллам эстеп,
Жетим башын сылаган ай.

Орзодо кылсаң  сооп ишин,
Алла ыраазы жүрөт ишиң.
Жаратканга шүгүр дейли,
Кабыл болсун орозоңор деймин.

Кечиримдүү орозо жакшы ай,
Мээр төгүп  туугандар көрүшкөн ай.
Топтолушуп ооз ачкан кандай сонун,
Татуу тамак аш болот ооз ачсаң ай.

## КЫЗЫЛ ГИЛАС

Кызыл гилас бышыптыр ийип бакта,
Мөлтүрөгөн мөмөсү шиңгил шакта.
Таттуулугуң агызып шилекейиң,
Көз кызартып жегенче шиңгил жакка.

Кызыл гилас сулуу кыздай  өзгө тартат,
Жалбырагы жаап жүзүн панаалашат.

Кардар келип жуучудай  калың бычып,
Орус, казак, кытайга жол тартышат.

Ашыгың көп  кызыл гилас мөлтүрөгөн,
Даамы кетпей таңдайдан тамшандырган.
Келээр жылга келебиз деп ашыктары,
Кол беришип кудалардай кайырлашкан.

Кызыл гилас быша бер  көз кызартып,
Ашыгың  көбөйсүн дүйнө тартып.
Ооз тийсин, канча өлкө, таң калышсын,
Кардырың, сулуу кыздай өзгө тартып.

## ЗАМАНЫБЫЗ ӨЗГӨРДҮ

Өтүп  өмүр орус дини башкарган,
Жүргөнбүз эркибиз жок кыйналган.
Тыйуу салып динибизге ыйманы жок,
Орозо кармаганды зордоп агай ачырган.

Өгөй бала баккандай атаң деген Ленин,
Үйрөттү канча сабак орус динин.
Аз калды кыргыз эмес киргиз болуп,
Тилибиз да кийген кийим эмне экенин.

Теңирим теңдедиби шүгүр дейли,
Заманыбыз келди бизге эркиндиги.
Таптык өз атабыз эр Манасты,
Урпактар ураан менен өссүн эми.

Келин кызы оймо кемзер  куп жарашып,
Ала-Тоодой көрүнөт ак калпагы.
Эркин сүйлөп кысынбай элиң таза,
Ак караны ажыратып калды мына.

Эл башкарган башчыга  ыйман берсин,
Пешене тер тапсын элим таза жесин.
Заманыбыз оңолуп элим өсүп,
Жакшы өлкөгө жетели теңир берсин.

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Жаздым ырым жаштыгымды айлымда,
Беш көкүл чач ойноо кезим топуракта.
Кадырына жетпедим ойноо кезим,
Жасап салып самалёт аккан сууга.

Айлым ай боз топурак алтын экен,
Окшобойт башка жерге өстүм сенден.
Ар кимдин туулган жери өзүнө алтын,
Сулуулугу суктанткан бейиш экен.

Көп ырларым жоготтум жаштыгым ай,
Кенебестик чырмап өзүм бейкапармын.
Кайта келбес жаштыгым өкүндүрөт,
Жоготконум издеймин дале таппай.

Катылуу жыты ырлар сандыгымда,
Өзүм окуп кайра салам өз жайына.
Акылым кеңеш берди бир күн мага,
Окусун жаш карылар жаздым кайра.

Окуурманга жакса эгер бир аз болсо,
Кубанамын көктө бийик эл колдосо.
Жаным менен жазамын ал жеткенче,
Пайдасы тийсе деймин  канча болсо.

Энелик мээр төгөм урпактарга,
Жазамын күндүк турмуш сабактардан.
Жүрөгүмдөн  жазамын  ал жеткенче,
Окуп койгун  окурманым таштап салба.

Жазыптыр бир «эне»деп айып таппа,
Насаат ырлар жаздым жаштарыма.
Мен акын эмесмин тизип жазган,
Чын көңүлдөн жазып койдум балдарыма.

Тушалып үйдө дайым отурган,
Оор денем чырмап салган оорудан.
Тагдырым пешенемде өтүп өмүр,
Терезеге караймын күн чыккандан.

Калемим жаза коём ырлар келсе,
Ой санаам жайлоо кезип көк мейкинге.
Жүгүрүп мурункумдай басып келем,
Көк майсада аба жиреп төшүм кере.

Агарып аткан таң менен коштоп,
Күн кызарып күн өткөн батып.
Өтөт өмүр, өмүр ачкандай барак,
Жаз келди жаннат отурам жазып.

Өтсө өмүр адамдын эч табылбас,
Оорубаса адамдар эч каарыбас.
Жаратканга шүгүр деймин отуруп,
Берди шыпаа жаратканым оорубас.

Эстеймин өткөн күндү кыйналган,
Адам жоктур пендесибиз ысык жан.
Чачылбаган адам жоктур өмүрдө,
Башка салса байланасың Алладан.

Жаратkандын дүйнөсү кимге кандай,
Өтүп өмүр бала менен күн чыккандай.
Бактылуумун шүгүр деймин сабыр жеңип,
Сыртка бастым ачылыптыр гүл багымай.

Дүйнөнүн кызыгы торгой сайрап,
Айланаң бышып жемиш  кайрадан.
Тойбой карайм ааламдын сулуулугун,
Шашып кирдим жазайынчы келди илхам.

## БАЛДАРЫМ БАЙЛЫГЫМ

Кубат алдым ширин сөз балдарымдан,
Таң эртеден жылуу сөзү саламыдан.
Күндөй жылый түшөм балдарыма,
Ысык мээр жылуу сөзү дабалаган.

Сагынам көрбөй калсам балдарымды,
Апалаган кайталоо сөз кулактагы.
Балдарымдын баласы данектерим,
Кучакташып энелешет тилде балы.

Аллам сакта балдарымды жамандан,
Кырсык беймаал курук жалаадан.
Жакшыга жанашып, жүрсө деймин,
Болсун деймин таза чынчыл адамдан.

Ыраазымын балдарымдан миң мертебе,
Келин, кызым, неберелер энелешсе.
Келме кезек көрсүн деймин келин алып.
Урмат, сый, көрсүн деймин кудай берсе.

Дуба кылам балдарыма таң эртеден,
Ыйман сурайм Алладан чоң береке.
Бактылуу болсун деймин кошо карып,
Сый урматы жоголбой дайым бирге.

## МЕКЕН ҮЙДӨН БАШТАЛАТ

Ынтымак болсо үйдө бакыт бар,
Чырлуу үйдөн берекең куту качар.
Кичик мекен башталат үйүбүздөн,
Урмат кылсак берекең нурун чачаар.

Кадырласак улууну сый урматта,
От башчыга баш ийсек кылбай капа.
Улуу кичүү ыйман сыйда болсо эгер,
Тоодой бакыт үйгө келет ынтымакка.

Жаман иштн жокту жеңет ынтымак,
Бир тууган бир үй бүлө болуп ынак.
Ынтымак бакыт сый кут берекең,
Үй бүлөңдө таза чынчыл мекен курат.
Уядагы көргөнүң чоң мекенге айланат.
Таза чынчыл кыргызым ынтымактан башталат.
Кут берекең чачылган кыргызымда,
Тоодой дөөлөт берекең Алла берет ырыстан.

Ынтымагы бар элдин бир жакадан баш чыгар,
Улут бөлбөй баарысы урмат менен иш кылар.
Ырыскылуу элимдин үмүтү чоң мекенге,
Бакыт ырыс дөөлөтүң ынтымакта кыргыздар.

## АЙ, АЙ КЫЗДАР

Ай ай кыздар, ай кыздар,
Сулуу кыздар наздуулар.
Беш көкүл кыз чунак кыз,
Балдай ширин таттуулар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Келечегиң кең кыздар.

Ак маралдай керилген,
Айдай болуп күн чыгар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Ашыгың көп таң калар.
Жуучуң келип эшиктен,
Апаң чайын кайнатаар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Теңиң чыгып кубанаар.
Ак батасын  беришип,
Ата-энең үйдөн узатаар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Ата-энеңе меймандар.
Пешенеңде кайсыл жер,
Келин кылып кубанаар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Тамакты таттуу кылгандар.
Барган жерде бактылуу,
Бир шаар кылып кургандар.

Ай ай кыздар ай кыздар,
Узакты жакын кылгандар.
Карым катташ көбөйүп,
Кучакташкан туугандар.

## МЕЙМАН КЫЗ

Кызым бар бактым менин апалаган,
Алым сурап  дайыма кабатырдан.
Бир көргөнгө шашамын эсим кетип,
Сагынычым батпай ичке сагындырган.

Сөзүн уксам телефондон кубанам,
Ал сурашып күлкүм шаңдуу жашарам.
Кудайга шүгүр деймин кыздарга,
Эне атаны дем берип дабалаган.

Кызым көп деп өкүнбөгүн жаштарым,
Билбейсиң азыр жаш кыздын демин.
Уулдан да күйүп бышкан кыз бала,
Сый коногуң пешенемде кыздарың.

Кыз бала чыккан кыз үйдөн алыс,
Көңүлүн көтөрсөк коногубуз калыс.
Жылдызы барган жерден бакыт таап,
Бата алып өсө берсин алтын казык.

## ШҮГҮР ДЕЙЛИ

Ач болсок да шүгүр дейли адамдар,
Тынч амандык бийик турат баарынан.
Көз тумандан байлык акча мансап деп,
Адашпайлы арам жебей алалдан.

Шүгүр дейли Алла берген ырыстан,
Шүгүр дебей алдым жуттум талашта.
Жегениңдин ашыгы таразада тартылган,
Жообу бар бериштин да алкымдагы тузактан.

Ырыскыбыз тапсак жеп тынч амандык,
Ыйманы бар адамдын таза чындык.
Сыйлап адам кадырына жетсек гана,
Жыргал тынч асман ачык үй тазалык.

Суктук карлык келтирет кызыктырып,
Эмне кылбайт адамды жолдон уруп.

Аягы карыз түрмө, ууру же селсаяк,
Жаман жол түрүн кара, бут тайдырып.

Пейилди тазарталы  ыйман менен дилибизден,
Ушак сөз көралбастык ич күйдүдөн.
Бакылдын багы  ачылбай  куураган,
Өтө кыйын жакшы болуу аз аздан.

**ЖАКШЫ СӨЗ**

Жакшы ооз  жакшы сөздү сүйлөсө,
Ыйманга бай ынтымакка үндөсө.
Жакшы аксакал жакшы сөзү оозунда,
Үйрөнүшсө дил тазарып  бал сөзгө.

Тойбос ооз сөз көптүрүп  үндөсө,
Элин алдап тойсода көз тойбосо.
Тойбос ооз дил карартып  сасыткан,
Напсин тынбай эл акыга кол сунган.

Түр ооз жакшы жаман пенденин,
Акпы кара билбейсиң бир тартканын.
Жакшы ооз булганат билбей туруп,
Бир болосуң бир тузакта илинип.

Жакшы адамдар жакшы сөз сүйлөйлү,
Оозубузду булгабай  өтө көппөйлү.
Напсибизди тыйсак  ыйман менен,
Оозубузду кең ачсак инсап менен.

## ТОЛГОНОМУН

Мен энемин чыдамым жок  баарына,
Турмуштун ачуу-таттуу зыкымына.
Кудайдын кулубуз ыйманы бар пендеси,
Динден чыкса шайтан уруп жолунан.

Толгономун эсим  кетип кайтарсам,
Жаман жолдон  ыйман жолго баштаган.
Жооп берчү жер бар кудай өзү сураган,
Алгым келет соопту тууру жолго баштасаң.

Ааламдын энесимин  баары балам,
Кылбасынчы жаман ишти адашпаган.
Толгоо тартам бир адашкан бала көрсөм,
Таза жолго түшсөк экен деп тынчсызданам.

Баарыбыз бир күн чын жайыбыз кудай алдына,
Сурак жооп дозок оту зулум  кыйноосунда.
Аллам өзү кечирсин жашайлычы жашарып,
Ыйманы бар ынсаптуу адам болуп дили таза.

Мен энемин күндөй жылуу бергим келет,
Аллам берген жаннат жери бир керемет.
Төгүп берген  ырыскысын тандап жейбиз,
Нан тепкилик кылбайлычы бейиш тээп.

## ТООНУН СЫРЫ

Жаратканым аябаптыр тоо кырларын,
Мөңгү суу аска-зоо көк муздарын.
Тизилет  кыргыз баатыр жоокериндей,
Канча кылым коруп элин тоскон дайым.

Өтүп өмүр  канча доор  алмашканын,
Күбөсү бирде ыйлап нөшөр жамгыр, карын.

Карсылдаган добулбас чагылганы,
Уруп шамал таңы атып күн чыкканын.

Жылдар өтүп көз ачканча канча кылым,
Мээрими күн желеси  табигатым.
Таңын берип жериме кучак жайып,
Өсүү улап  алга карай дабаладың.

Көрсөм  көзүмдө сулуу тоолор ажары,
Ичте сыры  катылуу канча кылымдагы.
Гүл ачылып арча кайың шаркыратма,
Күүлөр чыгып  баян берет азыр дагы.

Өткүнчүл өмүр өтүп  сүрөт көрсөң,
Сырлары жараткандын табигатка билсең.
Адамбыз жаралган баарын көрүп жасаган,
Тилсиз тоого сулуулукка  өгөйлүктү көргөзгөн.

Кыйып салып мунжу ыйлап арчасы,
Атылып илбирс кийик  канчаларын.
Тоо жемирип ташты талкалагандар,
Тилсиз тоо ичтен ыйлайт дарты кайгы.

## ТООЛОРУМДУ САГЫНАМ

Таза аба тоолорго чыгып келдим,
Кере - кере дем алып сүйүп келдим.
Кучагымды кенен жайып кучактадым,
Абасына кумарымды жазып келдим.

Кубанычым койнумда тойбой карап,
Арча кайың көк майсасы гүл аралап.
Куштар үнү сайраганда моокум канып,
Созгум келет үнүм барча ырдап-ырдап.

Керемет сулуулугу шарпып аккан,
Шаркыратма бетке уруп амандашкан.
Аккан суу тунугун ай мөлтүрөгөн,
Жаратканым шүгүр дейли ырыскыдан.

Өзүбүздө зам - зам суу дартка даба,
Ичкен сайын  ичкиң келет моокуң кана.
Мээлүүн соккон  шамалың чач уйпалап,
Кулагымда күбүр шыбыр үнү гана.

Аластайын арча жагып көз тийбесин,
Кыргыз жерим эң сулуу теңелбешсин.
Гүлдөп тажы жасадым өз башыма,
Гүлгө оронгон тоолоруma эркелеййн.

## БАЗАР БАШЫМ

Алтыным айылым Базар Башым.
Ата тегим өнүп өскөн балачагым.
Койнуң кенен өнүп өскөн алдыда,
Бала базар өнө бергин кагылайын.

Журтум аман күндөп күнгө өзгөргөн,
Ыйман ынсап жаштарымды бөлөгөн.
Өрүгүндөй балы тамып тилинен,
Азил кептер боор эзип күлдүргөн.

Өзгөрүп башка шаардан кем эмес,
Манас атам турат коргоп чоң элес.
Койнуң кенен чалкып жаткан канча жер,
Эгиз тамдар түшөт бир күн кеч эмес.

Токтогул бабам айткандар күндөр келди,
Келечегиң алдыда тоодой демиң.
Баткенимдин  жаштары өрүк зарда,
Таттуу турмуш курсун дайым заман келди.

## БАЛДАРЫМ БАКТЫМ

Балдарым ай  асылдарым жакындарым,
Акындарым бешенемде кагылайын.
Шириним ай бойтоңдогон чөжөлөрүм,
Бала кыял бала болом сагынамын.

Бийге түшөм бала болуп эркелешсе,
Канат бүтөт учкум келип бири өпкөндө.
Чогуу ырдап  бала болом обон созо,
Кучакташса моокум канат кашым кере.

Кут берекем жанган менин чырагым,
Асылдарым бир карасам айыгаарым.
Убактым  өтөт билинбей эрте кечи,
Үйүм базар чурукташса уям дайым.

Өсө бергин  садагам данектерим,
Бактылуу күн насип этсин сага дайым.
Күнүң чыгып, эне мээр койнуң кенен,
Эркин өскүн бийиктикке жолуң деймин.

## АСТРА

Араладым бактагы гүл багымды,
Ачылыптыр түр түсүнөн көгү агы.
Астралар агы  пушту кырмызысы,
Көзгө жакын көрүндү кыпкызылы.

Жыты аңкып жыттанганда бир керемет,
Үзүп чыктым небереме сонун букет.
Нур жүзү гүлдөй күлүп  гүл дестесин,
Мектебине жөнөдү жүзү күлүп.

Гүл көңүл  куттуктаса эже агайын,
Адеп сый гүл жайнаган гүл урматын.
Баратты балам менин гүл кучактап,
Карап калдым баламды кагылайын.

Чоңоё бер садагалар жылдан жылга,
Эр жетип өнүп өскүн кыргызымда.
Элиңе кызмат кылган ак пейилдүү,
Колдо гүлүң сүйүү тапкан бактыңа.

Астра гүлү сүйүү гүлү белекке,
Бир керемет ар түрүнөн гүл десте.
Кубанта бер ачылып  кары жашын,
Жыты аңкып берээр кезде керекке.

## ҮЧ КЫЛ КОМУЗ

Комуз күүсү дирилдеп обон салса,
Баян берет  өткөн кылым кыргызыма.
Канча доор баштан өтүп элиңдин,
Сайрап комуз төгүп сырын ыйласа.

Үч  кыл комуз чертилгенде күүлөнүп,
Кар, бороон, ышкырыгы бетке  уруп.
Кыраан кыргыз ачарчылык үркүндөгү,
Ыйлап бала эне ыйы  көз жумуп.

Тынчым алып алай дүлөй комуз күүсү,
Көздөн өтөт кыргызымдын не күнөөсү.
Ат кишенеп дүбүрт чапкан добушу,
Чертилгенде көздө жашым угуп күүнү.

Комуз күүсү жүрөгү кыргызымдын,
Бөтөн жерде эшиткенде кыргыз күүсүн.

Жүрөгүң обкуй түшөт мээр тартып,
Кыргыз күүсү кыргыз каны намысын.

Чертиле бер комузум сайрап тилиң,
Жакшылыкта той тамаша ачып дилиң.
Күүлөнө бер дирилдеп обон созгон комузум,
Кыргыз жерин сайрап дилден чертилгин.

## УЮТКУЛУУ ЭЛДЕНБИЗ

Даңкың чыгып алыска түптүү элим,
Тарыхың бар эзелден кыргыз жерим.
Манас айткан жашы кары канда бар,
Алмустактан айтып сабак өткөндөрүн.

Атың чыгып алыска кыргыз деген,
Баатырлары жоон билек кыргыз элден.
Ыр пирлери обон созуп сүйүүгө бек,
Акыны көп ыр төгүлгөн жүрөгүнөн.

Өнгөн элим уюткулуу ата тегим,
Санжыраң айтып берет билгендерин.
Алып сабак жаштарым өткөндөрдөн,
Намыска бек кыргыз деген эл экенин.

Кыргыз эли чертилгенде комуз күүсүн,
Баян берип кыргыз деген жүрөгүнүн.
Бүт тамыры зыркырап эшиткенде,
Согот жүрөк кыргызмын деп өз мекенин.

Ынтымактуу ыйманга бай элден болсок,
Бөлүп жарбай бир тууга̀ндай топтолсок.
Көз тийбесин элиме кыргыз деген,
Кыргыз туусу көк мейкинде желбиресин.

## СУЛУУ ЖЕРИМ

Жаз күнү жадыраган бир керемет,
Көңүл ачкан жай сулуусу сүйкүм элес.
Таза абасы кере кере дем алганда,
Сүйүү жазы жашарткансыйт күч дем берет.

Ачык асман мээлүн соккон  шамалы,
Обон салып түркүн куштар сайрашы.
Кучактасаң койнуң толо тоо арчасын,
Моокум канбайт батпай кучак дарасы.

Сулуулугуң суктантып кыргыз жерим,
Айтып бүтпөс кең жайлоо кенен төрүң.
Боз үйүң түтүн чыгып очок оттон,
Кулун ойноп кымыз бышкан энелерим.

Тоолор турат көктө бийик керилген,
Кар мөңгүсү бермет мончок төгүлгөн.
Добуш кылсаң үн кайтарат аска зоо,
Саламдашып келчи төргө өт деген.

## ЖАКШЫ БОЛОЛУ

Төгүлүп ырлар келсе жүрөгүмдөн,
Кубат алып кубанамын мен өзүмдөн.
Элим ток жашоосу бир жыргаса,
Тоодой толуп кубанам чын көңүлдөн.

Өмүр өтөт кимге кандай кимге арман,
Тагдыры маңдайдагы Алла жазган.
Көрбөскө айла жок канткен менен,
Алла жолун ачсын деймин берип ыйман.

Беш кол тең эмес узун кыска,
Адамда пейли болот түр-түр нуска.

Акылы жок наадан бар ар бир жерде,
Бири ыйлатса бири сүйүп көңүл ачса.

Жаманды жашырсаң үйдө канча,
Ачыгы чыгат бир күн эл наалатка.
Бир кумалак бир карынды айнытып,
Кара түшөт үйүңө кылып маскара.

Кечи болбойт тууру ак ачык жолуң,
Адамбыз адам болуп оңололу.
Уят кылбай эли журт өз намысың,
Кулдай иштеп хандай жаша ак жолуң.

## КОЁНЕК БӨБӨКТӨРГӨ

Апакеси коёнду,
Таң эртеден ойготту.
Сабагыңа барчы,
Жакшы билим алчы.

Коёнум турчу,
Бетиңди жуучу.
Чачыңды тарачы,
Аппак коён болчу.

Коён жөнөдү мектепке,
Бети башы капкара.
Тил албаган апасын,
Унутуп койду баарысын.

Коён отурат партада,
Эки колу партада.
Агайы сабак сураса,
Уктап калыптыр партада.

Адептир «б» дептир,
«Р»га тили келбептир.
Уят коён маскара,
Уят уят маскара.

## ӨЧПӨС ОТУМ ТУТАНАТ
## «АЗИЗ БАЛАМ ЭЛЕСИНЕ»

Жер айланып өтүп жылдар айдан айга,
Унутулгус жүрөк дартым от кайгыда.
Неберелер шаң күлкүсүн күндө көрүп,
Оюм арбап дабалады убактынча.

Кудайга тообо деймин миң дубалап,
Өмүр тилейм балдарыма садагалап.
Көрсөтпөсүн боздоп эне бала жоктоп,
Каалабаймын душманга да ыйлап ыйлап.

Кээде мен угуп калсам жаман кабар,
Жүрөгүм уйгу туйгу жараланам.
Жаңыланып боздоймун ойлоп күндү,
Үйгө батпай көз алдымда суук кабар.

Эне жүрөк тартпасынчы оор кайгы,
Көтөрө алгыс көз ирмем бала дартын.
Тоодой баатыр эне жүрөк сынат экен,
Жараланып ууланасың өлбөй дагы.

Каалабаймын эч кимге бала дартын,
Энелерим ыйлабасын ээ Аллахым.
Жүрөгүмдүн оту өчүп чогу турат,
Көз алдымдан кетпей дайым жаңыланат.

Дуба окуп тилеймин бейиш төрүн,
Гүл багында жүрсө деймин жаннат көрүп.
Жаш бойдон турасың эч картайбай,
Жүрөгүмдө жашайсың өлбөс чогум.

## АДАМБЫЗ АДАМ БОЛОЛУ

Адамдар бар жашаган таң каламын,
Кулп салынып, эшигине жабылганын.
Коңшу менен урушуп чыр чыгарып,
Мен менсинип пулга көпкөн адамдын.

Өздөн башка киши жок айран калдым,
Аралашпай айыл апага таң каламын.
Адамдык сапатыбыз адам менен,
Ыйманы бар мусулманда саламың.

Кимге кандай бул дүйнө байлап бербейт,
Калат баары дүйнө  байлык эч эрчибейт.
Адамдык сапатыбыз, сылык сыпаа менен,
Мен менсинип өтпөйсүң Алла сени тең көрбөйт.

Биз кудайдын кулубуз жараткандын,
Аллам өзү теңдеп коёт кандайын.
Жер талашкан көңүл кара адамдар,
Баарыбыздын үйүбүз жер топурак баргандын.

Ашык жер жок Алланын буйруганы,
Жаралаба жок адам ким билет анын.
Кандай жаннат жер Алла берген,
Жашайлычы өмүр берсин кудайым.

Кең бололу бул дүйнөдө тең бололу,
Кечиримдүү ыйманга бай бололу.
Адамдык мамилебиз  адам менен,
Жакшы болуп өтөлүчү сылык ыйман менен.

Табылат баары каалаган колдун кири,
Көңүл гана табылбайт кетпей кири.
Бир сөзүң көтөрөт көңүл ачып,
Жаман сөзүң жүрөгүңдү муздатканы.

## БИР ТУУГАН ЖАКЫНДАРЫМ

Бир тууганым жанга кубат медерим,
Ата энемден калган ыйык белегим.
Карааныңдан канча айлансам аз деймин,
Туу көтөрүп бир туугандын желегин.

Бир тууганым кээде ыйлап таарынып,
Жүргөн менен жүрөк согот сагынып.
Тоскоолдука башын ийбей жүрөктөр,
Эңсеп издейт бир мээримге багынып.

Бир тууганым жөлөп таяр акылым,
Эркелетээр нурун чачкан жакыным.
Силер менен дүйнөм түгөл жыпжылуу,
Сагынаарым мээр төккөн бир каным.

Бир көрөлү аппак таңдын атарын,
Жолуң ачык байсал болсун сапарың.
Бактылуулук нурун чачып үйүңө,
Жүрөлүчү аман эсен бир тууганым.

## ТАҢКЫ ЫРЫСКЫ

Таң атып жарык чачып ааламга,
Күн шооласы нурун төгөт баарына.
Короз үнү таң атканын жар салып,
Торгой бакта таң булбулу сайраса.

Мээлүн шамал кол чапкыла жалбырак,
Таза абада гүлдөр жыты буркурап.
Боз уландар малын айдап адырга,
Эл түйшүгү эрте таңдан башталат.

Кыбыраган кыр ашып маңдай тери.
Кырман толуп буудайга эл эмгеги.

Кыштын камын мол топтоп отун чөбүн.
Эне аталар төрдүн көркү берип демди.

Эл ырысы ынтымакта болсо ыйман,
Эл эмгегин, жер берет толуп кырман.
Таң эртеден болот дайым ырысың,
Туралычы кечикпей Аллам берген ырыстан.

## ЖЫРГАЛИЗИМ

Канча жыл совет доору убагында,
Кызуу эмгек, айтуучу аталар заманында.
Жетиш керек, коммунизм алга деп,
Мыйзам менен карашкан бир айлыгына.

Өткүндөй өттү күндөр айланып,
Доор келди кыргыз желек колго алып.
Күн өтүп жыргализим элге мына,
Эркин баары жыргап куунап жашашып.

Иштеп байлык канча иштеп тапканда,
Сөз кысым жок каалаганча айтканга.
Жыргализим оюн зоок сармарден,
Апаларым ырдап бийлеп көнүл ачса.

Эгемен элибизге жыргализим,
Тарыхы тил дилибиз кыргызымдын.
Салт санаабыз үрп адаты элимдин,
Манас айтат урпагы кыргызымдын.

Ыйман берсин элиме Аллам колдоп,
Жыргализим боло берсин байсал жолдо.
Жолуң ачык алгалай бер кыргызым,
Өркүндөй бер өсө бер кудай колдоп.

## АДАМГЕРЧИЛИК

Адамдын адамдык мамилеси,
Адамгерчилик сыйлоо дегендиги.
Чоң кичикти ызаттап урматтасак,
Сабатыбыз өзөктөгү адам теги.

Тогуз ай көтөрүп баксак бала,
Тарбиябыз алат ичтен угуп кана.
Сыйыбыз сыйлоо менен үйүбүздөн,
Көрсө уяда тарбияны дили кана.

Сапатыбыз адамдык ыйманда,
Урмат сый, салам алик, айтканда.
Кол кабыш көңүл улап урмат сый,
Ширин сөздүк кечиримдүү адамда.

Кудай конок, келсе үйгө адамың,
Жылуу тосуп ширин сөзүң кабагың.
Жардыга жакын болсок боорукер,
Адамдык сапатыбыз адамдык.

Айбандык адамдын ар кандайы,
Түкүрүнүп өз жерин, сыйлабайбы.
Ичип сөккөн маскара булгаган бар,
Уят кылган кыргызын булар кандай.

## ЖОК ДЕБЕЙЛИ

Адам бар колунда жок, пейли таза,
Сакайтат жылуу сөзү жүрөк жаза.
Түгөнбөгөн байлыгы бар эстен кеткис,
Адам менен адам болуу ааламда.

Жок, жок, жоок ооз, бар, сүйлөгөн,
Тийген кесел жок дегенче үйрөнгөн.

Бар десе тартып алмак  ким андан,
Кубанып жакшы ишин тең бөлмөк.

Бершен бол болсоң эгер жок адамга,
Бириң миң кылат, кудай алга.
Көңүл гүл сага муктаж адамың,
Ажат чыгып тынч уйкуда дем алса.

Жок дебе баарыңды жокко түшөт,
Толбойт ороң тапканың орго түшөт.
Кызганганың кара итке жем болуп,
Кең жолуң тар, бетиңден нуруң өчөт.

## АРАК АЧУУ ШАЙТАН ДОС

Катарлаш бөтөлкөдө кызыл актан,
Мактанышат ким күчтүү өтө барктуу.
Шайтан турат мактанып менсиз өтпөйт,
Жаңы жылы той тамаша тарс аттырган.

Бир көбүрүп аласың  алсыз шампан,
Менмин күчтүү коняк жылдыз таккан.
Бир ичкенде кызытам ойку-кайкы,
Ырдатамын айбандарча аңгыраткан.

Баарың алсыз мен виномун кызарткан,
Буттан алып шилекейин агызган.
Жыгытамын чочколордой балчыкка,
Уктатамын коңурукту тарттырган.

Аппак арак түркүн түрлүү аттарым,
Жакшы сүйлөп жаманыга даярмын.
Күйүтүнү басамын күйгөндөрдүн,
Тополоңду саламын ичкендердин.

Шайтан досум чакырам ызы чууга,
Адебини беребиз мушташуууда.
Ичке кирсем шер болом мен баатырмын,
Газды басам  жүз токсонго кырсыктарга.

Тынч турмушун бузабыз эки жаштын,
Биз аракпыз агы кызыл аталаштын.
Чырыбыз көп ишке ашса кубанабыз,
Эрдигибиз элди бузуш чоң максаттын.

Арактан алыс болгун  адамдар,
Турмушуң ачуу арак кылгандар.
Шайтан уруп жолдон сени азгырган,
Көз ачканча тайып буттан чалдырган.

## ҮЙҮМ БАЗАР

Өмүр  өттү шыр айланып дүнүйө,
Жаштыгым балам базар үйүмдө.
Жазы күзү, кыш чилдеси, абанын,
Сезбедим балам бактым күнүгө.

Кудай бирди  үч эркек эки кызды,
Шүгүр деймин маңдайдагы жылдызда.
Баары тең үй бүлөлүү алтын казык,
Өмүр берсин кошо жашап бактыны.

Коргонум бала бактым Алла берген,
Уул кыздан он бир болду небереден.
Тайне болдум кызымдын балдарына,
Чоң энемин балдарымдын балдарына.

Очок отум жанып коломтомдо,
Ачуу татуу жашап бир болгонго.
Жашаппыз кырк жыл бул өмүрдө,
Урмат сый  жылуу сөзүм жашоомдо.

Бактылуу каарылыкта төрдөн орун,
Батабызды берели ачып колум.
Ыйманы бар ынсаптуу бүлө күткөн,
Балдарыбыз базар болуп өмүр сүргөн.

Тең көрөлү балдарымдын бактысын,
Үй башчыбыз тоодой деми балдардын.
Күн нурундай жылуулукту  тартуулап,
Аман эсен жүрөлүчү миң айланып.

## АПАМДАН АЛДЫМ САБАК

Таза абадай дем алдым алып сабак,
Апакемдин насаат сөзүн угуп кулак.
Дем берип  акыл сөзү жүрөгүмдө,
Күн нурундай, жылуулугу кучак жаят.

Кем болбодум апамдан алып сабак,
Урмат сый, кайын журтка, болуп ынак.
Төрдөн орун, күлүп тоскон коногум,
Жылуу сөзүм, маанай ачкан жайып кучак.

Өзүм апа, чоң эне, болдум мына,
Акыл кебиң, турат дайым улгайсамда.
Ар бир сөзүң, эне мээр чын көңүлдөн,
Айтам сабак, балдарыма  чогулганда.

Алтыным энекебай таазим сизге,
Чынчылдык таза пейил берип бизге.
Урмат сый уул кыздан көрүп мына,
Акылың, Ала -Тоодой азыр дилде.

Дуба окуп, тилейбиз, дайым сизге,
Жаннат бакта  жүрсөңүз Аллам берсе.
Байлап бербейт өмүрдү адамдарга,
Жакшы сөзүң адамдыгың аны билсе.

## ТУУРА ЖОЛДО

Умтулуп жакшылыка кылар,
Туура жол чоң багытка сапар улап.
Турмуштун  таттал жолу артта калып,
Жашайбыз үмүт отуң өчпөй калат.

Кубанып жакшы күндө жылдыз маңдай,
Жаркырап,жарык чачкан чыккан айдай.
Төрт түгөл кемибиз жок эң бактылуу,
Бул жашоодо, өчпөй отум, таң аткандай.

Үмүт отум дайым жагам балдарыма,
Ынтымакта болсо деймин ар убакта.
Жадырап жаз көктөмдөй  агып көңүл,
Телегейи тегиз болсун сый урматта..

Аллам берсин агылып  жакшылыкты,
Адамдык, ыйман ынсап тазалыкты.
Тамырын, кенен жайып ийип бышкан,
Элим менен тең көрсүн чоң байлыкта.

Учугум уланабер кудай колдоп,
Ак жолуң алсаң сабак туура жолго.
Адам бол бир келген бул өмүрдө,
Тукум улап жаман болбой жакшы жолго.

## СҮРӨТҮҢ

Сүрөтүң карап турат карегимди,
Күлүмсүрөп тиктейт менин карегимди.
Жүрөгүм толкуй түшөт бир өзүңдөн,
Сүрөтүң аяп карайт билесиңби.

Карай берем көзүмдүн кыйыгынан,
Кызганчумун башкалардан коруган.

Айталбай ички сырым жүрөгүмдү,
Катылуу сыр сагынычтан муңайган.

Элесиң турат сенин топ сүрөттөн,
Карегиң мени гана карап түшкөн.
Тоодой толуп, кубанам мен өзүңдөн,
Мага карап, жылмайгансыйт жүрөктөн.

Жүрөгүм жаш тоодой толкуп согуп,
Өмүрүм өтүп жатат гүлдөй соолуп.
Өмүр жаз жашарып мурункумдай,
Сүрөтүң карап койом бир толгонуп.

## БЕШЕНЕ ТАГДЫР

Өңүмбү же түшүмдөй,
Өзүмө өзүм  ишенбей.
Таң калам адам тагдырга,
Табышмак экен билинбей.

Көрөйүн десең көрүнбөй,
Көрүнбөй келчү билинбей.
Маңдайыңа жазганбы,
Баары жогун ар кандай.

Акчаңа сатып алалбай,
Тагдырга таң калбагын.
Аллам, таразы, кылган ай,
Тең таразы кылган ай.

Акчалуу кармап аларман,
Сатылбайт тагдыр адамдан.
Акчага тагдыр сатылса,
Кур калмак кедей тагдырдан.

Ыйман ырыс ынсаптан,
Жоктон барды  кылгандан.
Жаман жакшы бешенең,
Ынтымактуу жашаган.

## МУҢАЙБАЧЫ ЖАШТЫГЫМ

Муңайба жаштыгым артта калган,
Бүчүр кезим обон созуп ыр ырдаган.
Аппак кардай, таза пейил балалык,
Бир жарк этип, чагылгандай жаркыраган.

Бактылуу күнүм өттү, жаштык менен,
Шыңгыр күлкү унутулгус, калды сенден.
Тажабайсың таарынычтан азыр деле,
Таарынбачы жүрөгүм өзүң менен.

Жүрөгүм жаш балалыгым ойумда,
Денем оор ийбейт башын жойууга.
Так секирип ташты талкан кылганга,
Балалык жок башым ийдим карылыкка.

Муңайбачы жаштыгым муңайба,
Эсте калды балалыгым ыйлаба.
Жеңип салды өтүп өмүр  картайып,
Эстен чыкпайт жүрөгүмдө сен гана.

## ТООЛОРУМ САГЫНГАНДА

Айткым келет сырымды тоолорума,
Үнүм барча кыйкырсам зоолорума.
Жаңырган жооп уксам кумар жазам,
Тоолорум, толкуп сага кучак жаям.

Ырдайынчы үн чыгарып уларча,
Кубулжусун желге ойноп асманга.
Гүл аңкып арча кайың аралап,
Эркелейин энемдей тоолор сага.

Жөлөндүм жүрөгүмдөн тоом сага,
Чачым сылап желпип желиң даба.
Турасың канча кылым өзүң гана,
Дабасың жүрөгүң кең өтө таза.

Мөңгү сууң, ичсең, дартка даба,
Тоолорум кучактайын сени гана.
Жаш ымыркай баладай изденемин,
Жытың жыттап, тоом сенин кучагыңда.

## МЕН МЕНСИНБЕ

Өркүнүң өссүн дайым сен  кубанып,
Мен менсибе төшүң кагып  мактанып.
Адам бөлбө  сен кедей деп мен мыкты,
Асмандын  астындабыз  жер айланып.

Оюбуз баарыбыздын  ар башкача,
Толкун болуп бул өмүрдө ашып ташпа.
Сенин алган  атак арам ырысың,
Тирилип кайра келбейт ааламга.

Бул өмүрдө адам болуп тең жаша,
Адамбыз асман бийик жерде гана.
Жер көтөрөт жакшы жаман баарысын,
Күн, ай, көрүп көк асмандай болуп таза.

## СУЛУУ АЙЫМ

Сулуу айым апасың  нур төгүлгөн,
Кучагыңда балаң сенин ойноп күлгөн.
Күн нурундай мээр төгүп балаңа,
Сулуулугуң  айдай болуп көрүнгөн.

Балаң үчүн айы күнүң көзүңдө,
Маңдайдагы жылдыз болуп төгүлгөн.
Бир жарк этип башкалардан өзгөчө,
Көрүнөсүң сулуу айым дүйнөдө.

Эне үчүн бала ширин бир канда,
Ажыраткыс эт тырмактан кандайда.
Балаң үчүн даяр эне баарына,
Айталбайсың сөз менен кол дубада.

Сулуу айым энесиң ойлоп күндө,
Боорукерсиң мээр төккөн дүйнөгө.
Энесиң айкөлдүгүң теңдеши жок,
Жүрөгүң кең Ала-Тоодой бүлөңө.

## ЖОЛООЧУ КЫЗ

Бир сулуу кыз көрдүм узун чачтуу,
Кара көзү каректери жылдыздуу.
Жолоочу кыз жолдо түштү кай жерде,
Жарашыптыр көйнөгү ачык гүлдүү.

Кызы экен Баткендин өрүкзарлуу,
Бир татына көзгө жакын ыймандуу.
Таттыбүбү эжедей жылдыз маңдай,
Өрүгүндөй бышыптыр өтө таттуу.

Көзгө сүйкүм элесиң узун чачтуу,
Турасың  көз алдымда аппак Ак-куу.
Бактылуу бир мырзанын багын ачып,
Келишкен жар болосуң эң бактылуу.

Ак жол сага жолоочу кыз жолдогу,
Ашыгың көп сага баары көргөнү.
Сулуулугуң суктантып өрүкзарда.
Бак берсин кудай сага ырахаттуу.

## БОЛДУМ КАЙНЕНЕ

Келин алдым балама болуп кайнене,
Мээр төктүм жүрөгүмдө бул эмнеге.
Апалап  кызым болду жанга жакын,
Кызымдан да жакын көрдүм болуп эне.

Апалап турса дайым маңдайымда,
Көрбөй калсам сагынам күтүп кана.
Бетинен өөп койом сагынгандан,
Көңүлүм ток турса дайым жанымда.

Баладан да балдары балдан ширин,
Эркелесе эне деп бактым менен.
Келин дебей кызым дейм садагалап,
Жакшы жагым үйрөтөмүн ачык дилим.

Үч келинге энемин  сүйүп жанып,
Болгум келет боорукер эне дайым.
Мээр төксүн балдарына болуп кайнене,
Келин алып  кыз берсин балажаным.

## ЫССЫК-КӨЛҮМ

Ыссык-Көлүм толкун болуп чалкыган,
Көрсөң көңүл ачып кучак жайган.
Кең ааламдай канча кылым өткөрдүң,
Койнуң кенен канча адамды батырган.

Катылуу сыр бир карасаң жай гана,
Дартка даба дарысың түшсөң шыпаа.
Жаратканым бериптир Ыссык-Көлдү,
Чет элдиктер келишет эс алганы.

Ыссык-Көлүм деңиз деймин толкуган,
Бермет шуру күн тийгенде жаркыган.
Алтын балык, сүзүп көлдө ойногон,
Ырлар келет жазсаң калем курчуган.

Сыймыгысың элимдин Ыссык-Көлүм,
Мактанамын мейман дос сенин элиң.
Күлүп күндөй тосо бер келсе конок,
Төрүң кенен  койнуң жылуу кыргызым.

## КАЙМАКТАРЫ КЫРГЫЗДЫН

Жазгым келет адамдын жакшыларын,
Ак сүттөгү  калпып чыккан каймактарын.
Адамдын өмүрүнө  өмүр кошкон,
Шыпаакерлер түн  уктабай сакайтканын.

Төрүбүздөн  каарылар урмат көрсө,
Жаштарыма ыйман менен ынсап берсе.
Бактылуу балалыкта ата – апалар,
Жетим болбой балдарыбыз куунак өссө.

Баатырсыңар апаларым көп балалуу,
Тоодой түйшүк бала менен ырахаттуу.
Ак сүтүң эмген аймалап балапаның,
Баатыр азыр илимпоз, акын өтө даңктуу.

Кыргызым уюткулуу ата тектүү,
Ала-Тоо аккан суусу көк арчалуу.
Кыргызым тоо жүрөктүү улан кызы,
Таза абадан дем алып  боз үйлүү.

Түгөнгүс айтып бүтпөс жакшы адамды.
Даңкы кеткен ааламга Чыңгыз дагы.
Манас атам Курманжан даткалардай,
Уланып келе жатат учугу урпактары.

## ЖАЗ АЙЫ

Кайра келди сагынган жаз жамгыр,
Күркүрөп чагылган отун жагаар.
Жуунуп жан жалбырак шамал ыргап,
Көк майсалар бой көтөрүп суугa канар.

Жаз жыты моокум канып жыттанган,
Гүлдөр гүлдөп сулуулугу тартылган.
Көпөлөктөр учуп конуп гүлдөргө,
Торгой сайрап жаз көркөмүн ашырган.

Адам аалам баары сулуу бул айдан,
Сүйүү таза табышкан ушул жазда.
Унутулгус көз ирмемдер жаздагы,
Жаап жамгыр эске салды жаштык кайда.

Гүл орошуп башына кыздар жазда,
Колдорунда түркүн гүл кызгалдактар.
Күркүрөп жаады жамгыр жаш балача,
Күлкү шаңы кайра келди жаз айда.

## АЛТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАР

Алтайдагы кыргыздар түп нускасы,
Тили дили кыргыздан журт уясы.
Санжырасы үрп адаты элинин,
Төөлөс, кыпчак, найман жети атасы.

Очок оту алыстаган арчадан,
Курут, айран, кымыз этин бышырган.
Дүбүрт үнү үйүр чапкан жылкылар,
Алтай эли  кыргыз каны тамырдан.

Асан, үсөн, Патма, Зуура эгиздей,
Түсү окшош бети тегиз тең бирдей.
Конок келсе Алтайдан кыргыз жерге,
Айырма жок таанымбай өз элиңдей
.
Аты окшош көлдөрү бар Алтайда,
Манас атам басып өткөн ал жайда.
Курамадан топтоп элин журт кылган,
Кыргыз эли Манас деген ураанда.

## КОР БОЛГОН МЕКЕНДЕШТЕР

Жүрбө кайда бороон улуп жаап карда,
Кар, жамгыры, нөшөр суук аязда.
Бетке соккон шамалың жандан өтүп,
Ышкырыгы көз ачырбай улуп кара.

Көздөн өтүп мекеним ай талаада,
Күнөстүү бышып жемиш жаннат жайда.
Өкүнүчүм өрттөп жаным куйкалаар,
Айла канча бөтөн жерде көз багымда.

Көр турмуш талаа тентип акча тапса,
Азабы чырмап денем суук жайда.
Шылуундарга алдандым сатты кулга,
Сокур тыйын акча жок ай талаада.

Азабы тепки уруш жумушу оор,
Кийим жок курсак тойбой калды кор.
Качуу сезим ойготту түн оокумда,
Баратам түнт токойдо үшүп колдор.

Чыктым жолго кыбыр жан жок түнөргөн,
Денем муздап татуу уйкуга көшөргөм.
Көзүм ачып аппак үйдө ойгондум,
Шүгүр дедим Аллага тирүү экем өлбөгөм.

## ДОС ДЕЙМИН

Дос деймин кыйын кезде бир болгонду,
Жанга жакын өмүргө тең болгонду.
Достун дагы досу бар чын дилинен,
Чөлдө суусуз калганда суу болгонду.

Дос деймин ооруп калсаң жаныңда,
Ширин сөзү айыктырат шыпаа дартка.
Шайыр күлкү жылуу сөзү жылыткан,
Күйпөлөктөп эси кеткен санаада.

Достор бар дос маскасын тагынган,
Сыр бөлүшсөң  бөтөндөргө жая салган.
Башыңа иш түшкөндө мыйык күлүп,
Табалап сыртыңдан күлүп алган.

Жанга жакын досум менин жолдошум,
Балдарым күйүп бышкан колдоорум.
Жаман жакшым  көтөргөн жакындарым,
Өз балдарым өз жолдошум коногум.

## АККАН СУУ

Агып жылдар сууларың суу башынан,
Ырыскысы элимдин кубат алган.
Катылуу сыр жаткандыр кылымдардан,
Өткөн доор суу күбөдүр бабалардан.

Аккан суу жамандарды тазарткан,
Ичсең даба жан жыргатып айыккан.
Гүлдөр жайнап денесинде жеримдин,
Мөмө бышып эл ырысы тоюнган.

Суусуз күн жок жер ааламда жашаган,
Кан тамыры агып суулар жашарткан.
Аллам берген ырысым аккан суудан,
Жашоо жок суусуз чөлдө кууранган.

## ИШЕНИЧ

Жакының жан күйгүзүп сөзү өрттөсө,
Алоолонуп күйүп жанып төбөлөшпө.
Кандашың намыска бек тике турган,
Сен дегенде сенден мурда өрттөнсө.

Душманың мыйык күлүп сүйлөсө,
Арбап сени жан дүйнөңдү дүрбөтсө.
Ишенип бүт сырыңды жая салса,
Жат сага тууган болбойт бөлөктөнбө.

Тууганың жан жакының өмүрдө,
Ким түркүк жашап калды дүйнөдө.
Ак караны байкагын баскан жолдо,
Баары жакшы боло бербейт бир кем дүйнө.

## ЖАКШЫ ОКУЙБУЗ

Таӊ калтырып балдарды,
Асан санап сандарды.
Күлсө тиши көрүндү,
Чоӊ атамын мен дагы.

Ырдап Ырыс баягы,
Санап жүздү беш алды.
Окшошуп калды күлгөндө,
Чоӊ энеси ал дагы.

Жакшы окуп сабакты,
Болобуз бала эӊ жакшы.
Тишибиз чыгат аз күндө,
Түшүрбөй жейбиз тамакты.

## ТУРНАЛАР

Асмандагы турнаны,
Карап Мыскал таӊ калды.
Сапка туруп тизилген,
Тил алганын карачы.

Апаа… турна учканы,
Көрчү көлдүн толкуну.
Ганы, Айгүл, келгиле,
Учалычы бер колду.

Кара жорго канатын,
Бийге түштү карачы.
Түшөлүчү биз дагы,
Сапка турчу тез Ганы.

## КУУ МЫШЫК

Толкун туруп уйкудан,
Таң калды карап мышыктан.
Сениби карап туураган,
Атама окшоп уктаган.

Кучактап мышык уктаппын,
Атам деп аны сылаппын.
Курулдап жатса алдымда,
Түшкө чейин уктаппын.

Сениби мышык шашпагын,
Атакем келсе айтамын.
Атамды туурап уктаган,
Куулугун көрчү мышыктын.

## КАРА БАЛА

Теледен көрүп таң калды,
Карачы апа баланы.
Чоочуп турду ордунан,
Чакычка түшүп алганбы.

Апаке көрчү аппакмын,
Жуунам дайым тазамын.
Теледен чыккан үч бала,
Капкара көрчү карасын.

Капкара экен апасы,
Урушпайт экен баласын.
Чакычтан балам тартам деп,
Түшкөн го байкуш апасы.

## АШКАБАКТЫ КООН ДЕП

Ашкабакты коон деп,
Союп бер деп Арапбек.
Чырды салып ыйлады,
Ширин коон жеймин деп.

Чоң бычакты алып келди,
Ата энесин кыйнады.
Бул ашкабак тамакка,
Жасап берем мантыда.

Көнбөй Арап чыр салды,
Жадный атам дей салды.
Союп берди чоң кесим,
Ыйлаба балам сен жакшы.

Кере тиштеп Арапбек,
Же жуталбай чоң белек.
Туруп калды мостоюп,
Бышпаптыр ата анделек.

Жей бер балам таттуубу,
Аябаймын сенден коонду.
Түшүндүм ата ашкабак,
Жасай салсын зор тамак.

## ТООЛОРУМ

Кучак жайып тоолорум коргон болуп,
Ак калпагы башында турат тоңуп.
Ак чепкени, бермет шуру төгүлүп,
Көктө башы турат тоом миңге толуп.

Самапал жок оргиналы тоолорум,
Көргөнмүн жасалмасын тоолордун.

Колдо кынап чөлдө турган «Пирамида»,
Ысык аба тердеп адам койгонун.

Салкын төрү койну кенен тоолорум,
Жашыл арча жытына мен тойбодум.
Тиш какшаткан агын суулар дайрадан,
Бермет шурун төгүп тоолор бергенин.

Сыры терең тоо үңкүргө киргенде,
Кирсең чыккыс сыйкыры бар билгенге.
А балким катылган сыр жатса керек,
Тарткан сүрөт «аркар» аткан мергенде.

## ЖЫЛУУ СӨЗҮМ АДАМГА

Айткым келет жылуу сөзүм адамга,
Көтөрөйүн көңүлүн тилек айтып аларга.
Жакшы сөзүм жан эргитсе аларга,
Тоңгон жүрөк эрий түшсүн заматта.

Көңүлдү калтырбайын суук сөздөн,
Жылуу сөзүм чачайын бул өмүрдөн.
Тил жумшак сүйлөгөнгө жакшы жаман,
Бирөөлөргө көрүнбөйүн ачуу сөздөн.

Ыр чачыла төгөйүн ырдап дилден,
Көтөрөйүн көңүлдү азил кептен.
Жүрөгүм дүбүрт уруп чапкан аттай,
Шамал жиреп өтөйүнчү бул өмүрдөн.

Өгөйлөймүн кабак салып таарынычты.
Кереги эмне жүрөк ооруп ыйлашты.
Нур төгөлү жылуу сүйлөп бул өмүрдө,
Күндөй күлүп үйрөнөлү сыйлашты.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Киндик кан тамган жер асылдыгы,
Ар кимдин өзүнө алтын өз уясы.
Аба жыты топурагы алтын экен,
Туулган жер кимге кандай барктуулугу.

Кайда жүрсөң сагындырган айылды,
Кайда болбо дүйнө кезсең Дубайбы?
Көз алдыңдан кетпейт жериң сагынтып,
Өрүк зарда агып суулар жаннаты.

Бөтөн жерде көрсөм кыргыз адамды,
Сезип жүрөк каны кыргыз тууганды.
Көзгө жылуу көрүндү бир жарк этип,
Атам Манас урпагы эл кыргызды.

Койнуң кенен туулган жер ысык деми,
Өз жериңде каза болсоң алтын жери.
Бөтөн жерге батпайсың өгөйлөнүп,
Өз жериңде эркелеген эне демиң.

## ТУРМУШТА БОЛО БЕРЕТ

Жашоодо бирде бар бирде жок тапканда,
Өз аты өзүндө жогу болот бул турмушта.
Өмүрдө өтөт баары сыноосуда,
Кор кылбастан сарамжалдуу кылганга.

Кагылбас идиш болбос жууганда,
Жашоодо баары болот турмушта.
Жокко чыдап сабыр канаат кылганга,
Ынтымактуу ырысы бар бул турмушта.

Урушсаң да билгизбестен урматта,
Мейман келсе кабак түйбөй тосушта.

Кабак салбай күндөй күлүп жылмайсаң,
Түр даамдан тойгузгандай сыйлашта.

Ушак айтпа жокту айтып апаңа,
Апа сыздап жүрөк ыйлап капада.
Таарынып жөнөп кетпе айтышсаңар,
Өтүп кетет жуулган кир кургаганча.

## АДАМБЫЗ ЖАРАЛГАН

Канча кылым басып өткөн замана,
Ойуш-кыйыш ченеми жок жер айлана.
Ай күбөбү, күн күбөбү жылдыз жанып,
Шамал улуп жер бетинде куюнуда.

Жаралган канча жандык жашаса,
Жашайт өлөт өмүр суусу түгөп калса.
Баары өзүнчө жашоо таттуу өмүрдө,
Үмүтүң күч өлгүң келбейт эч убакта.

Келген өмүр кимге кандай жашаган,
Адамбы акылы бар кыбыр эткен жандыктан.
Ырыскысы өзүнчө бир-бирине кол салган,
Ырайым жок айбандар баласын да жеп салган.

Дүйнөдө акылдуусу адам болуп жаралган,
Колдон келет баарысы канаттуудай уча алган.
Суу үстүндө жүрүүгө балык болуп кете алган,
Жөө жүрүшкө аттанып темир тулпар айдаган.

Адамды алгырлыкпы көрө албастык кыйнаган,
Жеп коет баарын жырткычтарча жалмаган.
Билип көрүп бир көзүң бир көзүңө душмандан,
Жаралыппыз адам болуп бир өткөн замандан.

## АЙНУРУМСУН

Жөлөнөрүм сиңдимсиң сырым ачкан,
Толкуп жүрөк ыйласам көңүл жазган.
Ооруп калсам апакемдей айланасың,
Айнурумсуң бешенемде нуруң чачкан.

Капалансам кабак салып кошо тарткан,
Күлсөм күндөй болуп көңүл ачкан.
Той берсем жөлөк болуп аянбаган,
Айнурумсуң бетим сүйүп жоолук салган.

Жакшы кабар угайын жакынымдан,
Бала кыздан урмат-сый көр кагылайын.
Сен бактылуу жашасаң мен кубанам,
Ойлой берем жаш балача сагынгандан.

Апакемдей кирип келсең эшиктен сен,
Тирилгендей толкуп жүрөк демиккен.
Пешенеме жаралган бир нурумсуң,
Жылдыз чачкан түн жарыткан Айнурумсуң.

## ЭКИ КЫЗЫМ ЧЫРАГЫМ

Кучагымда талпынган бүчүрлөрүм,
Эркелеп эне жыты дем берээрин.
Бойтоңдогон эки кызым кош чырагым,
Аллам берген байлыгым алтындарым.

Гүлүн ачты бүчүрүм кош чырагым,
Бир жарк этип күн ачылып кулпунганын.
Эркелешип кош ачылган сулууларым,
Бүлө күттү дубам алып чырактарым.

Мөмө байлап катарлаш ийип шагын,
Бүчүрлөрүм эне болду сүйүп багын.
Бактылуу өнүп-өссүн садагалар,
Сагынганда келип турса чер жазамын.

Эки кызым эки шаар гүлүн ачкан,
Бүчүр байлап коюнунда жыттап жаткан.
Кайын журтун сыйлаган кыздан болсо,
Өнүп өсөт бактылуу мөмө алган.

Келип кетеер коногумсуң өз үйүңө,
Мыйзамыбы алмашкан келин үйдө.
Эки келин кош чырагым маңдайымда,
Мөмөлөрү төгүлгөн жүрөгүмдө.

## КЕЛ ДЕГЕН АДЕП

Эзелтен меймандос кыргыз элим,
Салам айтып алик алган салты элимдин.
Канында бар элимдин сыйлашканы,
Жүрүң  үйгө чай ич деген адебин.

Улууларды урматтоо айтсак сабак,
Кичүүлөргө ызат кеп болгон анык.
Тарбиясы элимдин жаштарыма,
Кичигинде укса  кеп кылбайт уят.

Аталардан аксакалдар кеп кеңешин,
Уксак билсек жай бошотуу милдетин.
Кем болбойбуз дуба алып аталардан,
Парзыбыз го кайтар дүйнө келеерин.

Көкүрөктө колубуз салам айтып кел деген,
Чоң сыйлоодун адеби суусундукту ич деген.

Түртүп өтүп улууларды сөз талашып сүйлөгөн,
Кыргызда жок адепсиз жаштарыбыз билбеген.

Келиң келиң чай ичиң төргө өтүң,
Адамдык парзыбыз го көз мээрдин.
Ынтымактуу элимдин жакшы сөзү,
Сыйласак сыйлуу болуу өз милдетиң.

## АЯШ ДОСТОР

Чогуу жүрдүк жаш кезегиң сагынган,
Майрам сайын шылтоо менен чогулган.
Бала ээрчитип кыйналбаппыз баарыбыз,
Шаңдуу өтчү түн күзөтүп отурган.

Күндөр өттү ынтымактуу сыйлашкан,
Азил кептер боор эзип каткырган.
Түр даамдан берекеси ал заман,
Өттү кетти жаш кезек кайрылбаган.

Баарыбыз чоң-ата, чоң-энебиз балпайган,
Өткөндөр көп жүрөк сыздап ыйлаткан.
Башка келсе кача албайсың ажалдан,
Өткүн дүйнө сезим козгоп ойлонткон.

Акча дебей же жарышып там салган,
Алып саткан базар жок акча тапкан.
Чөнтөк кескен ууру жок кулп салган,
Ачык эшик биз кетчүбүз ал заман.

Айтабыз бала кызга өткөн жашты,
Жомок дейби билбедим тажаганды.
Азыр да жүрөк дегдейт эски доско,
Отуруп мурункудай эскерсек ошол чакты.

## ЫССЫК ТОКОЧ

Ысык нанын үзүп келди тандырдан,
Мандалактай кызарган жесең карын тойгон.
Миң айландым келинден бетине көө шыбалган,
Нанга кошо келиним тандыр чокко какталган.

Майда токоч жасаптыр кызгалдактай татына,
Кубанышып неберем кармай салды ысыкта.
Апа колум күйгүздү чогу барбы ичинде,
Май шыбасам бетинен агып кетти колума.

Токочтуу бала сүйгүнчүк бир тиштеген токочу,
Эсте калаар жаштыгы эне сүйүп ойлоочу.
Токоч колун күйгүзгөн балалыгы жаштыгы,
Карап калдым суктанып бала кыял мен дагы.

Неберемдей сүйүнөм ысык нанга кубана,
Нан сындырып узатат баласындай магада.
Чайым ичип баладай уктап кеттим аз гана,
Келинимден айландым үстүм жаап садага.

## СҮЙГӨН СУЛУУ

Көп сулуулар керилишип назданган,
Ичи кандай адам ылгап тандаган.
Адам баары аалам берген сулуулук,
Ар ким өзүн бийик көрөт жашаган.

Көп сулуулар түскө карап тандаган,
Турмуш куруп өкүнгөндөр канчалар.
Ичи тарып кызыл камчы ургандар,
Өтөт жашоо түн краңгы жашаган.

Жаратканбы пейли ак адамдар,
Ар түстөн ичи аппак жарандар.
Жашаган бар бактылуу очор бачар,
Мээрим менен үй бүлөнү кургандар.

Тандаган сулуу эмес сүйгөн сулуу,
Баары адам Алла берген акыл улуу.
Жаштар бар гүлдөн гүлдү тандаган,
Адашасың көпөлөктөй жыттап сулуу.

## АЯЛ КҮЧТҮҮ

Гүлсүңөр назик сезим ачылган,
Бала бакыт эне сүйүп талпынган.
Канча мээр бир өзүңдөн таба алгыс,
Бир жылмайсаң үйдүн ичи жарыган.

Жаз жоогазын кызыл гүлдөй ачылган,
Түйшүгүң күч эч тынбаган аялдан.
Кыйналсаңда билдирбеген энесиңер,
Күндөй күлсөң дүйнө дагы жылмайган.

Аялсыз үй караңгы жарыбаган,
Аял жок тоодой түйшүк бүт жыйналган.
Бала ыйлап ак сүтүнө ыңаалаган,
Гүлдөр соолуп бүт аалам ыйлаган.

Гүлсүңөр таза сезим бир жарк эткен,
Күндөй күлгөн энесиңер баа жеткис.
Назиктигиң кызыл гүлдөй жарк эткен,
Күчтүүсүңөр аалам жүгү сенде экен.

## ПОЭЗИЯ ЖАН ДОСУМ

Жазгым келет поэзия ыр саптарын,
Жүрөгүмдөн чыккан ырды жазайын.
Дүйнө аалам бүт энелер сыяктуу,
Мээр төгүп кучактасын ырларым.

Жазгым келет ачылбаган сырларын,
Гүлдөй назик таза сезим кыздарын.
Бүт аалам адамындай кыргыздын,
Ыйманы бар улан менен кыздарын.

Шуңгуп кирсем поэзия саптарга,
Бүт унутам кайгы капа жылдарда.
Бүт сырымды бирге бөлгөн ырларым,
Барып келем бүт ааламга сапарга.

Конок тосом ырым менен канаамда,
Түр тамактан жасап коем ырымда.
Капалансам ыйлап жазам жүрөктөн,
Бүт ырларым көңүлүмдү жазат да.

Поэзия досумсуң көңүл бөлгөн,
Эне болуп маңдай сылап көңүлдөн.
Бүт аалам бардык сырды батырган,
Жан досумсуң көкүрөктөн төгүлгөн.

## АЛТЫН АПАМ

Айландым апакемдей алтыныма,
Тоодой жөлөк мага кубат ырысым да.
Кадырың эми билдим алтын апа.
Мен күлсөм сен да күлүп жалгыз гана.

Ким өзүңдөй көтөрсүн эркелигим,
Ырдап күндү өткөзгөн балалыгым.
Өзүң жебей ырыскыңды бөлүп берген,
Ысык наның каймак менен жегеним.

Садагам алтын апам карегимсиң,
Тапканың бууп түйүп келгениң.
Ким өзүңдөй көтөрсүн эркелигим,
Кана эми болсоң азыр сен жанымда.

Чоң энемин эркелеткен өз балдарым,
Курман кылам өзүмдү жакындарым.
Эркелетсем неберем апа сендей,
Балам үчүн тоодой алтын байлыгымын.

## АТ АДАМДЫН КАНАТЫ

Тулпар таптап шамал жиреп чапсаңар,
Желпинип жалын жерге уйпаланар.
Канаты адамдын желип жеткен,
Түн караңгы ишиң чыкса кете берген.

Желеде кулун байлап жашоосунда,
Кең жайлоо таза аба арчалуууда.
Жылкы оттоп дары чөптөр аңкыган,
Кымыз суусун барсаң кыргыз, колго сунган.

Жылкысыз жашоосу жок кыргызымда,
Жарышта кыргыз күлүк озуп чыкса.
Улак тартыш эч кимге байге алдырбаган,
Ат тапташта кыргыз жигит азаматта.

Эзелден Манас атам ат жалында,
Канында бар кыргызым жашоосунда.
Ат таптап шамал жиреп келген кыргыз,
Жомогу жок кыргыздын аты чындык.

## ЭНЕЛЕР

Айтышат аял алсыз деп,
Кошулбаймын ал сөзгө бекер кеп.
Бийик көрөт намысты аял дайым.
Энелер күчтүү болот абиир менен.

Кырсыгы жок таң атсын деп күткөн эне,
Уктаарда дуба кылып жаткан эне.
Күн батсын аман эсен кырсыгы жок.
Бардык эне толгоо тартат бул эмнеге.

Аял эне намыска бек ач болсо да,
Өзү жебей коногуна жая салса.
Напсисинен бийик көрөт намысты,
Телегейге тегиз көргөн бир эне да.

Энелер баатырсыңар ааламда,
Тең келбейт баатырдын баатыры да.
Жок дебей баарын тапкан асылсыңар,
Кош канат боло берсин ааламыңар.

## АДАМЗАТ

Айландым жаратканга баарын берген,
Жарыгы нурун чачып күнү менен.
Асман тиреп аскасы жер суу кенен,
Күнү батса айы чыгып жарык берген.

Адамдар ырыскысы жайнап жерден,
Жер болбосо жашоо жок бул теңирден.
Кыбыр эткен жандыктын ырыскысын,
Баары жерден өлчөө менен бөлүп берген.

Жашоо кымбат аялдама келип кеткен,
Өтөт турмуш тойбойсуң көзүң менен.

Канча байлык жыйсаң да бул жашоодо,
Калат баары, бир өзүң уктап кеткен.

Урпагыңа калат баары адамдыгың,
Тукум улаар, туягың, жол улаарың.
Айланма жер айланып өтө берет.
Кимге кандай жашоо берет бир Алланын.

Адамдын адамдыгы Алла деген,
Арам жебей алалдык ыйман менен.
Бир келген жалган дүйнө өмүр берсе.
Өтөлүчү ынтымакта күлкү менен.

Шайтан көп канчасын жолдон урган,
Байлыкка көз тумандап бөлүп турган.
Арам тамак алдамчылар бул жашоодо,
Какшатып нечендерин ыйлаттырган.

## АДАМЗАТ (2)

Жазасын кимге кандай берерин,
Аллам иши тозок отун чечерин.
Жакшы болуу бир өзүңдөн адамзат,
Оо дүйнөдө кудайга жооп берерсиң.

Бул өмүргө кимдер келип кетпеген,
Бек, падыша, аалымдары мен деген.
Колдо акчасы сатып алса өмүрдү,
Жашабайбы түркүк болуп баарысы.

Тоолор күбө аскалары бой тиреген,
Турат үнсүз алмустактан теңирден.
Үнсүз тоолор күбө болуп баарына,
Көктө башы тоо жүрөгү сиңирген.

Чагылган жарк этип канжар сунуп,
Нөшөр жамгыр тоо ыйлатып жуунтуп.
Паана албайт тоолорум төшүн кере,
Көк мөңгүлөр куюлат агып сууң.

Жазды берсе жараткан көктөм сулуу,
Жасанып жаш балача аскам улуу.
Картайбайсың доор алмашып жатса дагы,
Жашарып койнуң кенен тоом сулуу.

Адамдар чыдамы жок эч тынбаган,
Жакшыдан жаманы көп тажабаган.
Чындыгынан жалганы көп сүйлөгөн,
Эй адамдар ынтымакта эриш-аркак,
Жашайлычы үмүт этип жакшылыктан.

## АКЫНДАРЫ КЫРГЫЗДЫН

Акындар таза жүрөк бир жаралган,
Белегиби теңиримдин жараткан.
Чыңгыз ага дүйнөнү дүңгүрөтүп,
Күн чыккандай ааламга нур тараткан.

Акындар жүрөгүнөн сызып жазган,
Чыркырап чындыкка тез курчуган.
Ааламды дүңгүрүткөн Чыңгыз хандай,
Калем курчуп бүт дүйнөнү багындырган.

Акындары кыргыз жерин сулуулугун,
Тарыхын жазып китеп улуулугун.
Турмушун алмустактан бүт таанытып,
Баатыр Манас кыргызым эр экенин.

Кут бергенби кудайым кыргызыма,
Жылдыз жанып маңдайдан туулганда.

Токтогул, Калык, Барпы жана дагы,
Эл сыймыгы унутулбайт кетпес кутта.

## АРАМ ТАМАК

Көр дүйнө кууп тойбогондор,
Ичи тар бузуку оңбогондор.
Иштегенди көралбай ичи тарып,
Жүргөндөр бар досторду чабыштырып.

Көр дүйнө акча артынан куугандар.
Ыймансыз көп коррупцияга кошулгандар.
Туугандар таарынышып калыс сөзгө,
Кыргызымды арада бар бузгандар.

Кыргыз тилин «киргиз» этип бузгандар,
Өз жериңди таш менен ургандар.
Бирөөнү алдап акча тапкан арамдан,
Аш болбойт жесең мындайлар.

## ӨКҮНҮЧ

Көпкөндөр май чайнап төшүн какса,
Тамакка акча таппай жарды ыйласа.
Калыстык башын кармап туңгуюкта,
Көксөгөнгө жеталбай кыйналса.

Жакшылар көктөсө мөмө байлап,
Калыстар көбөйүшсө бактап-шактап.
Дуба кылам Алладан эрте таңдан,
Жамандар болбосунчу арабызда.

## ШЫПАКЕР ИНИМ АШИРБЕКОВ ЗАМИРБЕКЕ

Таң атканын көрүп туруп кубанам,
Шүгүр кылам өлбөй калдым кудайдан.
Күндү көрүп терезеден нур чачкан,
Тооба дедим бир төрөлүп жаңыдан.

Кудай берди өмүрүмдү улаган,
Себепчи Замирбегим жылмайган.
Нурун төгүп пешенемди сылаган,
Өз баламдай мээр төктүм садагам.

Күндөй күлүп жашоого өмүр берген,
Калыс кылсын жамандан көз тийбесин.
Колуң жеңил сакайтып ооруганды,
Жүздөн ашкын, дуба кылам кудайдан.

Оору берсе Алладан ар кандайын,
Башка билбейт ооругандын азабын.
Жалынганым бир кудай шыпакерге,
Теңирим сени жамандыктан сактасын.

## КЕМ ДҮЙНӨ

Эңсеген көп дүйнөдө канча арманы,
Окубай акча таппай канчалары.
Чаң басып диплому сыр сандыкта,
Орунсуз кол көтөрүп башкарганы.

Арыктар көп семире албай жатканы,
Семиздер бар дары издеп азганы.
Байлар көп алтын үйдө бактысыз,
Жашаган бар тар кепеде тынч жаны.

Ыйлаган бар, тууган таппай бир башы,
Жадаган көп тууганан араздашып.
Бойдоктор бар үйлөнө албай колдо жок,
Кээ бирлери аял алат жаңылантып.

Балага зар ыйлаган көп канчалары,
Баласын таштап кеткен, эне-атаны.
Өткүн дүйнө өтүп жатат дайрадай,
Ак карасы, жакшылардын армандары.

Баркыбызга жетеличи адамбыз да,
Жокко чыдап шүгүр дейли барына.
Өтсө өмүрдөн жүрөк сыздап ыйлайбыз.
Тирүү кезде жетеличи сый-урматка.

## БАЛАМДЫН КҮЧҮГҮ

Алдырыптыр кай жерден издеп таба,
Кызыкканы баламдын итке гана.
Алып келди бир сонун аппак күчүк,
Алабай деген экен түрүн кара.

Салынган кабак башы бир башкача,
Талпайган буту сонун ала була.
Мойну жоон салабаттуу сүрүн кара,
Дүмү кичик башы жарты боз алада.

Ырыскысын жебей ага бере салат,
Иштеп келет үйгө кирбей күчүк карайт.
Базардан сатып келет өпкө - карын,
Жууп таза бышырып күчүк багат.

Атын койду эркелетип Балтегим деп,
Чуркатат күчүгүн «прогул» деп.
Тооба дедим мээрим түшүп Балтегине,
Бийик көрөт баарынан помпогум деп.

Үй жасады күчүгүнө тактай кагып,
Саман салды астына жылуубу деп.
Жардам сурап куруп алды атасынан,
Балтеги уктап жатты кабак салып.

## ЛӨЛҮ КЫЗ

Кара тору лөлү кыз акча сурап,
Каккылдады машинени кетпей карап.
Окуучу кыз болсо керек чымыр дене,
Түтөтүп ысырыгын жал-жал карап.

Кыш чилде үстү жука жепер гана,
Бутта галош тооба дедим акча суна.
Балдарым канча ысык кармасамда,
Суук тийсе жөтөлүшөт муну кара.

Машинеде күтүп калдым бир аз гана,
Лөлү кыз барды башка айдоочуга.
Айланып акча алды машинеден,
Жыйып алды акчаны эбин кара.

Келет кетет айланып айдоочудан,
Сурай калат өткөн кеткен жолоочудан.
Жүрдүк бизда жолубузга айдап балам,
Лөлү кызга таң калдым акча тапкан.

## ТИЛЕМЧИ ЭНЕ

Тилемчи эне отурат чоң базарда,
Күзгү суук кардон салган астына.
Көз карап өткөн кеткен адамдан,
Тыйын сурап бырыш колу үшүп гана.

Ооруп кетти жүрөгүм дуба алганда,
Акчам сунуп окшоштурдум энеме да.
Тагдыры бул энени мажбур кылган,
Кандай мүшкүл түштү экен карыганда.

Аттиң арман дүйнө эне ыйлаган,
Төрдө отурмак ысык чай жылуу жайдан.
Жетим бекен уул-кыз жок сыздаган,
А балким уулдары үйдөн кууган.

Мындайларды жазалайт жараткан,
Кете бердим акчам сунуп дуба алган.
Өткөн баары дуба алып карылардан,
Айланып кетсек болот апалардан.

## САГЫНДЫМ ЖАШТЫГЫМ

Сагындым сени жазда жааган жамгырым,
Күн күркүрөп жер жыттанган адырым.
Улан кыздар жымырашып качышып,
Өрүк зарда кыз күлкүсүн сагындым.

Топ кыздар жашыл горо туздап жеген,
Тиштти камап өрүк шакта желим терген.
Кандай сонун балалык кез өрүк зарда,
Бир киного тартылгандай ырдап бийден.

Убакытты билбеппиз ойноо жашта,
Кубалашмай алтын шакек ал заманда.
Балалык бала бойдон өткөн тура,
Акча табыш турмуш кандай билбей гана.

Сагындым жазды жаштык бала бойдон,
Азыр балдар сүйлөшөт саясаттан.
Бакчадан келе жатып ойношот телефондо,
Колу эпчил таң калам ойногондо.

## БАЛАЛЫГЫМ ӨСКӨН АЙЫЛЫМ

Саман шыбак катар тамдар айылдан,
Бактылуу күн ойночубуз жыйылган.
Түтүн чыкчу ар бир үйдөн кайнап чайы,
Алтын апам биз чоңойгон кара тамдан.

Апабызда топтолуп жастык сайган,
Тандырдан ысык наны каймагыдан.
Мээрими ошол заман дасторкондон,
Отурушчу ачык эшик кулп салбаган.

Шыңгыр күлкү ойночубуз түр оюндан,
Терип тезек капка салып толтурган.
Жарышып ким, канча көп терип салган,
Балалык кез эстен чыкпайт эч качан.

Аттиң арман үйлөр аппак сырдалган,
Апалар жок кара тамда дем алган.
Эки түтүн жанат араң от алган,
Апамдын курдаштары болсунчу аман.

Айылымда кыздар жок, шок каткырган,
Жат жерден келин келген тааныбаган.
Окшоштурдум балдарын жылмайганын,
Ачыл, Сайдимардин баласы го жылмайган.

Ынак өстүк бир туугандай сагынган,
Ар кимиси жумушуна тараган.
Артка кайтсак ошол күнгө баарыбыз,
Чиркин дүйнө өтөт экен бул заман.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Бир атадан жалгызмын деп апакемдин,
Айтып жүрчү жаман иште кейигенин.
Силерсиңер эже - сиңди ага иним,
Ала –Тоодой алтындарым балам менин.

Алтын апам кантти экен биз бөбөктө,
Колу иште жардам жок колу иште.
Эже жок сырдашып көңүл алган,
Сиңди жок жети бала кыйнаган.

Той кылсаң ким келет жакындарым,
Ага-иним болсо кана тууганым.
Жалгыз жаман чоңойсоңор өз балдарым,
Орду башка болот тура бир тууганды.

Алтын апам ыйлап кейип жалгыздыкта,
Сооротчу эле билгизбей жек-жааттарга.
Силерсиңер балдарым болгула ынтымакта,
Аттиң дүйнө ар адамда арманы болот тура.

## ЫРЫМ МЕНЕН  СЫРЫМ

Ырларым сырым менин жүрөктөгү,
Жазамын көңүл келсе өмүрдөгү.
Оюм менен учуп конуп кай жерлерге,
Дербиштерче аалам кезем кээ күндөрү.

Түн караңгы толкуп жүрөк демиткени,
Жаңыланам ыйлап кейип кээ кездери.
Жаза албай кыйналамын жаралансам,
Толкун жашым топтолгон жүрөк сени.

Күн чыкса жаркырап бир ачылган,
Жылмаямын күндөй күлүп жашарган.

Бала пейил таза сезим сагынган,
Ырым менен күбүр -шыбыр чер жазган.

Кандай тагдыр ким күлүп ким ыйлаган,
Ким ооруп  ким кыйналган адамдан.
Жазбы күзбү кыш бороон жамгырдан,
Калемим тыным албай жазылганы –жазылган.

Эне күлсө бөбөк карап бүт ааламдан,
Жер айланып тынчтыгы гүл ырымдын.
Жазайын толкун болуп ак кагазга сызылган,
Кыргыз жерим жүрөгүмдөн сүйө алган.

## БИРГЕ КӨРӨТ ЖЕР КӨТӨРӨТ

Күндөр өтөт билинбей жер айланган,
Жашоо кызык өтө берет чынбы жалган.
Бир Алланын сыноосу го адамдарга,
Кандай жашап кандай өтөт бул ааламдан.

Жер термелип адам басып кулап калган,
Суу басып бала ыйлап жетим калган.
Теңирим теңдештирип ар-кай жерден,
Өрттөлүп сулуу токой куйкаланган.

Адам өзү айыптуубу баарына күнөө кылган,
Каргышыбы Алланын жазганынан.
Жаман көп жакшыдан күнөө кылган,
Ыйманы жок дене саткан сойкулардан.

Уяты жок жалганы көп чындыгынан,
Алгыры көп алсыздарды көп кыйнаган.
Арам тамак жеп ичээр иш кылбаган,
Ууру банги арак кору эл кыйнаган.

Жакшынын жагы менен жер көгөрөт,
Жамандарды белги берип Алла кечет.
Жамандын аркасынан жакшы ыйлап,
Жакшылар баарысын бирдей көрөт.

## АШКАБАК АЗИЛ ЧЫНЫ АРАЛЫШ

Чоң ашкабак мактанат чоң базарда,
Коон жаман ичиң суу сен бышпаган.
Дарбыз чанак даамың жок үф сасыган,
Ичиң туздуу көп жегенсиң дарыдан.

Менин азыгым малдын кыгы ай талаадан,
Агып жаткан суу ичкенмин дарыядан.
Түптүү жердин ашкабагы күнгө бышкан,
Дартка даба дарылыгым айыктырган.

Укканмын силерге каптап салган,
Дарылардан бадырың күйүп калган.
Кудай сактап суу көп берип күйбөй калган,
Дарбыз, коон чоңоюпсуң дарыга шишип алган.

Адамдар билбей алат чоң дарбыздан,
Союп жешет кары жашы суусагандан.
Кыйнайсың ич оорутуп жан кыйнаган,
Алышпаса экен дейм, адамдар жаңылган.

## БАТПАГАН ЭНЕ КААРЫГАНДА

Мөмө байлап ийип бышса ар жыл сайын,
Ким сүйбөйт жаш көчөттү сүйүп дайым.
Жылдар өтүп кары дарак кимге керек,
Кыйып салат отунга чаап шагын.

Эне сүйүп баласын балкып өпсө,
Кучагында көтөрүп түн күзөтсө.
Аттиң арман картайганда алдан кетип,
Бөтөн болуп келиниге баласына өгөйлөтсө.

Эне жатып бир көрүүгө сагынганын,
Бала келип айтып кетет жок арманын.
Ысык тамак кайдан келсин энеге,
Эне байкуш чыдайт экен жазганын.

Каары эне кимге керек ташталган,
Чириген деп бутак шагын отко салган.
Эсиңер жок баласыңар өз энеңди кордогон,
Кайтаар дүйнө кайтарганда аттиң арман.

## СЕКЕЛЕК КЫЗ

Секелек кыз сулуу гүл эркелеген,
Эркелигиң эжеңе бир керилген.
Тоо маралдай чыгарсың ашкан сулуу,
Топ жигиттер жеталбай кала берген.

Секелек кыз секирсең так текедей,
Тармал чачың желпинип жүргөн желдей.
Күлсөң күндөй жарашат ачып жүзүң,
Айдай сулуу чыгарсың апакеңдей.

Секелек кыз суктандым эрте жаздай,
Ачып гүлүң эрте жазгы жоогазындай.
Көз тийбесин тоо гүлүндөй ачылган,
Эркелетсин ачып багың ханышадай.

Секелек кыз сулуулук баары сенден,
Суктантып эс акылың энең берген.
Ак жол сага сулуум эркелеген,
Бак берсин Аллам сага ченебеген.

## АЗИЗБЕК

Бойтоңдогон томпогум мамалактай,
Тилиң ширин бал тамган ай чырактай.
Талашасың аваңдан телефонду,
Бербей койсо таарынасың көк кабактай.

Сары балам кежирленип сен ыйласаң,
Күлкүм келет конфет берсе токтоп калсаң.
Сен төрөлсөң үйгө батпай кубанганмын,
Тирилгендей балам келип ыйлаганмын.

Азиз деп атың койгон авакеңдин,
Мүнөзүң бар башкача кежирлигиң.
Боюм узун өсүппүн жоокермин деп,
Көрсөтөсүң күчүңдү билегиңди.

Алтын балам алаксыдым бир сага,
Окшобосун өмүрүң өз балама.
Неберемсиң помпогум эркелеген,
Көп жашагын мээр салдым сага гана.

## АГАЙ ЭЖЕ

Агайым эжекелер ар күн сайын,
Мээр бердиң апакемдей мага дайым.
Жаш курагым эстен кетпейт эч убакта,
Шоктонгон окуучулук алтын чагым.

Агайым эжекелер өткөн сабак,
Ызы-чуу балалык кез укпай калсак.
Тургузчу сурап сабак эже агайым,
Келечегиң окугула балдар дечү ынак.

Ырахмат эже агайга акыл берген,
Насаат кеби сылап пешенемден.

Ар кесиптин ээсибиз үй-бүлөлүү,
Үлүшү көп эже агайдын кеңеш берген.

Кем болбодук кыйналбай бул турмушта,
Акыл айтып балабызга көп окушка.
Миң ыракмат эже агай таазим  сизге,
Акыл ыйман адамдык бүт окушта.

## ТООБА ДЕЙМИН

Кыргыз кызы жаз көктөмдөй ачылган,
Кемзир көйнөк жарашыгы гүл ачкан.
Кызыл жашыл оймо түшкөн саймасы,
Олоң чачы белден түшүп суйкайган.

Өтүп күндөр жер айланып бул заман,
Чолок шымга айланды терс аалам.
Оймосу жок ойулдуго жарты айрык,
Олоң чачы таз баладай кыркылган.

Ыйманы бар кыз келиндер апалар,
Салам берип эңкейишип бата алар.
Ызат кылып улуу кичик баарына,
Узун көйнөк элечектүү зайыптар.

Уул-кызы билинбейт баары шымчан,
Туш келди түкүрүнөт кайда ыйман.
Наспай чегип арак ичкен жаштар канча,
Түтөтүшүп сигарет сыйлоо качкан.

Салам жок улуу-кичүү сыйлабаган,
Түкүрүнгөн палит болду жаңы заман.
Насаат берсең урушуп беттен алган,
Өз билемдик эне-атаны сыйлабаган.

## АПАКЕМДИН САНДЫГЫ

Сандыгы апакемдин үйдө турган,
Сагындырат өткөн чак бирге отурган.
Төрдө күбө баарына жүк жыйылган,
Жыйнап апам тойго деп түр матадан.

Балдарын баарын үйлөп кызды берген,
Топтолгон маталарын сандык билген.
Сандык күбө жакшы жаман бүт баарына,
Шуру мончок канча буюм сактап берген.

Жашы өткөн сандыктын түшүп төрдөн,
Эгеси жок сырт эшикте өгөйлөнгөн.
Аттиң дүйнө биз менен сандык жашап,
Биз менен ата-энемдей болгон төрдөн.

Көзүм көрсө болк дей түшөт жүрөгүм,
Эски сандык мурункудай көрөмүн.
Апам кармап жылмайганы көзүмдө,
Көргөн сайын жүрөк сыздап жүрөмүн.

## СЫРДУУ ДҮЙНӨ

Адамдар сыр дүйнө аалам кара,
Түш көрсөң алдың болот тура.
Жакшы жаман иштериң аян болот,
Жоро албайсың түшүңдү болот тура.

Сүйүнүшөт бычак алып түшкө кирсе,
Же мылтыкпы же жибек жолук берсе.
Уул кыз көрөбүз деп кубанышат,
Түшкө кирди шүгүр деп Алла берсе.

Түш акы беребиз жаман түшкө,
Кырсык болсо айтабыз көргөм түштө.
Той тамаша акча алып кубансак,
Аян болот таза суудай бир өзүңө.

Сырдуу дүйнө таң калыштуу айтса пенде,
Тиши түшүп болот капа түшкө кирсе.
Жакыны дүйнө салса болот капа,
Аян берип түшүнө ыйлайт неге.

Баш ооруса кирнелешет сылап башты,
Энелер сылап коет бычак, туз же кагазбы.
Эснешет окшуп көздөн жаш акканы,
Бир заматта баш оору жок айыкканы.

Сырдуу дүйнө таң каламын бир Аллага,
Сынап көрөт пендесин акпы кара.
Жазасы теңдеп коет бирдей гана,
Сынап сырдуу аалам берет жолду туура.

## ЖАҢЫ КЛИП

Ыр ырдашат клип тартып бир тагдырды,
Хинд кинодой окшоп кетет тартылганы.
Модасы го замандын ырдап түшкөн,
Же кырсыкпы, же сүйүүбү жыргагандан.

Ар адамда кыялдар бар өз оюнда,
Эшитесиң жаның жыргап ыр укканда.
Тагдырың өз клибиң жашооуңдан,
Өткөрөсүң өмүрүң ысыгыбы суугунда.

Жашоо кызык өзү клип жашаган,
Обон созсо бир чертилген комуздан.

Жаның жыргап бир кумардан чыгасың,
Жакшы обон жакшы ырдан ырдалган.

Тагдырың келет баары башыңа,
Тартылып көзгө ыр, уксаң канча.
Клип уксаң жаралат түрдүү тасма,
Көрөсүң түрдүү-түмөн ойлор башка.

## КАЙРАН ГАНА БАЛДАР

Туман басып көчөлөр баткакта,
Туюк ой санаада күүгүм чакта.
Санаасы санга кетип тынчыбаган,
Тунжурап эне турду кечки шамда.

Түн түнөрүп доол урган шамалга,
Кошо ыйлайт терезе да жамгырга.
Уйку жок термелип кирип чыккан,
Шорголоп үстү малма жааган суугa.

Кайнап чайы кайра-кайра караган,
Сүйлөп эне күбүр шыбыр не ызадан.
Сездиби эне жүрөк эзилип өзгө батпай,
Кабарыбы баланын жансыз жаткан.

Көр турмуш өтө берет жокпу барда,
Ай талаадан кабар келди эрте таңда.
Россиядан жансыз келди эшик кагып,
Баспай бала күлүмсүрөп уктап гана.

Эне күйдү жалын чок жерде жатты,
Жамгыр нөшөр басылбай жүрөк дарты.
Кулак бүтүп көз тумандап чагылган,
Эне ыйы эч басылгыс аалам жарды.

## ЭНЕЛЕР ААЛАМСЫҢАР

Кең аалам таза аба гүл жаздай,
Энелер силерсиңер кең ааламдай.
Канча жамгыр бороон урса дагын,
Чыгасыңар булуттан толгон айдай.

Табигаттын тосколдугун тоготпогон,
Кычыраган суукту жолотпогон.
Күндөй кучак жайышып апаларым,
Жылуулугуң мээрим менен ойготкон.

Ат көтөргүс жүк көтөргөн эч ченебей,
Теңдеши жок ааламда эне сендей.
Кайгырса да билгизбейсиң жогу барын,
Күлүмсүрөйт энелерим эч сездирбей.

Табылат баары буюм каалаганың,
Дос тууган орду башка кең ааламдын.
Жандан башка табылат бүт баарысы,
Энекедей алтын жок таба албайсың.

## ЖАЗГЫ АЙЫЛЫМ

Дарак бүрдөп кээлери гүл ачылган,
Жыпар жыты бир керемет жыттанган.
Кыз сүйүүсү назик гүлдөр аралап,
Жигит күтүп кыз күлкүсүн сагынган.

Боз уландар чуркап адыр талаага,
Энелер айдап козу, улак көк майсага.
Сыдырым жел беттен сүйүп кучактап,
Саламдашып баары менен адырда.

Күн желеси кытыгылап ысыткан,
Дыйкан тердеп талаа ишин кызыткан.

Түтүн чыгып очокто чай кайнаган,
Келгиле деп эне үнү жар салган.

Келиндер жазгы иши менен алек,
Бал аарыдай тынбаган жумуш билсек.
Жашоо кызык баары жумуш менен,
Тынбаган жан, өз өзүнчө баары керек.

## ЭНЕЛЕРДИН АЙТКАНЫ

Күн папалап ысыкта эне тердеп,
Анда жумуш оор бекен биз билбесек.
Энелер чогуу иштеп ал убакта,
Кыйналып бала менен машак терсе.

Таң азандан кетебиз ай талаалап,
Орок оруп же этектеп пахта терип.
Күүгүм кечте кайтабыз каптап печек,
Көр тирилик малга тоют жер аймалап.

Кийим кийсең болот жамап деген,
Тамакты кантесиң жок дегенден.
Ыйман ынсап бар эле ал заманда,
Келгиле деп бир нанды бөлүп жеген.

Заманыңар керемет канча тапсаң,
Ыйман таза пешене тер эмгек кылсаң.
Байлыкка, кулдай иштеп байдай жесең,
Аш болот садагалар пешене тер тапсаң.

Эне кеби насаат берген сөздөрүн,
Айтабыз балабызга көрбөгөнүн.
Энелер көрбөй кетти кыйындыкта,
Төгүн чачын бул замандын өскөнүн.

## ЖАШЫЛЧАЛАР

Пияз керек тамакка ачуу гана,
Даам болбойт пиязсыз тамак-ашта.
Керек аш  болумдуу дартка даба,
Жашылчанын баарысы дары кара.

Самса, манты пияздуу даамдууда,
Досу эт, картошка, ашкабакта.
Пиязсыз даам болбойт самсасыда,
Эт пиязсыз окшобойт мантысыда.

Бүт тамакка керектелет пияз тузда,
Окшобойт баары дос сабиз сууда.
Ачыгы калемпири душман эмес,
Ах деп, сүйүп жейбиз ачыгында.

Көркү болбойт томатсыз жеген ашта,
Помидорбу же капуста балгарыда.
Бардык тамак май болбосо даамы жок да,
Чеснок бар буркураган лагманыда.

Үзүлбөс керектелет шалгам түрпү да,
Райхан, жүсай, көк чөп аш даамында.
Баары дос ини, эже сиңдидей,
Жашычалар бир тууган ачуусу таттуусу да.

Ынтымакта бир казанда кайнап бышкан,
Даам кетпей таңдайдан таттуунан.
Жашылчада канча даам эл ырыскы,
Ынтымагы бир кайнаган жашылчадан.

## АППАЗ АГАЙГА

Кыргыз жерин данктап эрте таңда,
Аппаз агай булбул белең сайраганда.
Обонуң дил жарытып бүт ааламда,
Сулуулугу суктантты бүт ааламды.

Бүт обонуң ырдалды калбай жерде,
Ак гүлүң сүйүү берди канча элге.
Эртте ачылган бадам гүлдөй ырыңда,
Эне мээрим баласындай термеле.

Ырларың ырдагандар наам алган,
Эл артисти же таанымал боло алган.
Аппаз агай аттиң дүйнө бул арман,
Өткүн дүйнө ырың калат ырдалган.

Баарын билбей өткөрөбүз биз адамзат,
Жаралабы кайра Аппаздай асылзат.
Канча обон канча кайрык ырлары,
Ичте кетти ырдалбастан сырлары.

## АЙ ГҮЛҮМ

Эрте жазда ачылган ай гүлүм,
Төрөлгөндөй жаш ымыркай сүйүнөмүн.
Сүйүнчүлөп гүл тоюна жар салып,
Ар тараптан мейман келип көрүшкөнүн.

Желге ыргалып бий бийлеп тоо башында,
Коңгуроосу кол булгалап кулпунганда.
Күн нуру ачып кызыл сарысын,
Кечкиси тоо башында чыккан айда.

Жигит сүйүп кызын Айгүл тоодо,
Табышып эки жаш Айгүл колдо.
Сүйүү гүлү табыштырган эки жашты.
Гүлгө толсун тоолорум эгем колдо.

Жаратканым белегиби Айгүл элге,
Сүйүп гүлдү жаш карыда гүлгө келсе.
Эрте жазда ачылган Айгүл гүлүм.
Канча мээр канча сүйүү бердиң элге.

## БАТКЕНДИН ДЕВИЗИРАСЫ

Түрү көп гүрүчтүн тандаганда,
Чоң-кара, актурпакпы девизирада.
Аш бассаң титиреген колдо турбас,
Баткен гүрүч эмне сыр бар даамында.

Келин кызы шайыр келет айылда,
Азил кеби аш жеп кетиң девизирада.
Очок ашы даамы кетпейт таңдайдан,
Жеген сайын жегиң келет ашынан.

Аңкыган зире жыты палооунда,
Эти мол девизирасы кой майында.
Шакараб көк пиязын сээп берген,
Баткен палоо ат салдырбас башкасына.

Той маараке жер очок, даш казанда,
Аш демдешет казан толо бир басканда.
Берекеси канча адам ырыскысын,
Жеп кетишет ысык палоо девизирадан.

## ЭНЕ ТОЛГООСУ

Энесини сыйлабас жатты сыйлап оңобу,
Тогуз ай ичте көтөргөн энесинин толгоосу.
Ак сүт берип балага бир Алладан суранган,
Баштан сылап баласын өзү жебей кубанган.

Мүйүз чыгып балага өз энесин сүзөбү,
Доош чыгып гөрүлдөп өз энеси өгөйбү.
Он толгонуп уктай албай түндөсү,
Бул дүйнөгө алып келген энесинин күнөөсү.

Эс киргенче баланын эстен кетет энеси,
Жаманыны жашырган энесинин канткени.
Бала эмес балээни бакканыны билеби,
Жүрөк ыйлап төгүлгөн энесин ал сезеби.

Аттиң дүйнө ар балада ар кыялбы,
Ыйман берсе ичпей чекпей калабы.
Кубангандан бир жылмайса энеси,
Аалам күлүп бейиш төрүн ачабы?.

Алдей айтып балага телмиреби энеси,
Чоңойсо да бала бойдон энесине эркеси.
Жүрөгүндө алдейи, дайым эне термеген,
Жаманы жок энеге бала бирдей сүт эмген.

Эне толгоо адамдан адам жаралса,
Аалам жарып жарык дүйнө кабарласа.
Жанылык ыңаалаган наристенин добушу,
Тулку бою ийилип баласына мээр салса.

Түнү ыйлап ооруса кирпик какпай,
Эне шордуу түн күзөтүп бешик ыргай.
Түйшүгү эненин ак сүт берген,
Бала үчүн болот тура чыдамкай.

Ачпы токпу жүгү оор эне турмушун,
Өтөт жылдар кышы жазбы нөшөрүн.
Чач агарып беттен нуру саргайып,
Өчүп барат жаштык кези өткөнүн.

Башын сылап максаты чоң эненин,
Жөлөнгөнүм тирегим силер менин.
Үмүтү чоң тоодой эне тилеги канчалаган,
Улгайып чач агарып кейигенин.

Келме кезек келээр бир күн балага,
Мүйүз сынып эне тууган керек ага.
Кур намыс жүрөктү жараласа,
Аттиң арман эне жок, суусуз тар ааламда.

Суусуз калган жалгыз ай талаада,
Кыш чилдеде, ысыгы жаз саратан папаласа.
Мөндүр жамгыр чагылганы ыйлатса
Келме кезек түшүнөрсүң ошол маалда.

## АДЕП ҮЙДӨН

Балага төрөлгөндөн айтсак насаат,
Ыйман таза адеп сый кылат урмат.
Күндөй жылуу мээр  алса баласы,
Мекен үйдөн башталат дейт алса сабак.

Кызга тыйуу кырк жерден айткан адат,
Кем болбойт баары таза кылбай уят.
Уясынан көргөндү кылат кыздар,
Алкыш сөздөр энесине айтылат.

Жаман болуу бир паста уят кылат,
Жүгөнсүз тил, кете берет жаралантат.

Жаман атка конгон болсоң оңолбойсуң,
Өтө кыйын кайтуу артка сыйгаланат.

Жакшы тил жан эргитип жолуң ачык,
Тоскоолу көп ушакчылар кегин алып.
Мээр алган эне сыйлап кубантат,
Адеп сый, ыйман бар баарын утат.

## ЖАЗБАЙ КАЛГАН КАЛЕМИМ

Ой кыялым барат дүйнө кезип,
Уйгу-туйгу туманда сызам учуп.
Жүксүз кайтам таба албай курук сезим.
Адашып жол таба албай келем кезип.

Түн караңгы жылдыз учуп асманда,
Бака үнү курулдашып чардап сууда.
Чар тарабым үнсүз мени табалашып,
Караңгыда туман ойдо кусалана.

Тааранычтар жаш сезимим мен улгайып,
Айыбыбы жашоонун жылдар өтүп.
Күттүрбөй мезгил өтөт убап-чубап,
Канча ырым калды, жүрөктө жүрөм өксүп.

Кыйчылдаган арабакеч кете берген,
Токтоп турбайт бир азга кол ирмесең.
Кыш бороону, жазы-жайы келип күзү,
Өтөт күндөр таң атып түн киргени.

Алтымыш даванга аз калганда,
Калем алдым колума алсыз гана.
Кетпесинчи өзүм менен жүрөгүмдө,
Насаат ырым жазганым сабак гана.

Оргуштап оюм менен далаат кылам,
Гүлүм соолуп, ачылбай алсыз турам.
Мээнет чырмап соруп алды бүт алымды,
Моюн бербей калемим тынбай жазам.

Асманда ак булут калкып учса,
Ак сурпасын элиме Аллам жайса.
Жаштарыма ыйман ырыс берсе Аллам,
Кыйчылдаган арабакеч кете берет айлана.

Аллага шүгүр деймин канаат кылып,
Өтөт күндөр бала менен базарлап.
Тагдырдын ойку-кайкы сыноосуна,
Кээ бирде чалышамын бутум тайып.

## БАЛАЛЫККА КАЙРЫЛУУ

Күүгүм кеч мал кароолоп чаң туманда,
Маарашкан козу улак айдап жайга.
Үмүтү шамал ыргап кайрагач тал,
Кык жыты көчө ыштап буруксута.

Жарык жанып ар бир үйдүн кароосунан,
Жылдыз чыгып түн бир оокум кыбыраган.
Балалык кез кезек менен жомок айткан,
Оңбу солу чер жазышып жай талашкан.

Таң заардан кайыш өтүк так-так баскан,
Атам кетчү дабыш чыгып дарбазадан.
Сыдырым жел уктагын деп сылап чачтан,
Үнүнөн ойгончумун чырылдаган самоордон.

Өткүн жамгыр күркүрөп төгүп жашын,
Күн чыгып Асан-Үсөн тартып жаасын.

Учуп желип сыйыр байлап корукка,
Катар талдар мазар жаны чыйырынан.

Өрүк зар шагы ийип бышып кызыл,
Кызыл кырман жайылган ар бир үйдүн.
Терип өрүк челектеп таң тайлашып,
Кийим алып мектепке катар басып.

Асмандай ачык таза балалык кез,
Тердеп ойноп топуракта саратан жаз.
Кыйкырыгы апакемдин жарып оюм,
Тарачубуз балдар кыздар күүгүм талаш.

Чоң теректе шамал ыргап калонка,
Чакырчу ырлар коюп жалгыз тамга.
Апалар хинд киного барышка,
Шашып жөнөйт ошол жак бир башкача.

Каткырган апалардын чогуу чайда,
Көрбөй калса бири-бирин болот капа.
Мээрими бир туугандай сагындырган,
Апалар жок өтөт мезгил сагынычта.

Беде оргон атакемдин орок кайрап,
Чачым сылап беттен сүйүп желкем таптап.
Көпөлөк учуп конуп гүлдөн гүлгө,
Тердеп атам чогултуп беде байлап.

Күн батып кызыл тоо артына,
Чырт-чырт жанган очокто от кайнап чайы.
Бактылуу күн дасторкондо шыңгыр күлкү,
Ата-энем бир тууганым бактылуу күн баарына.

## ЖАШОО ЖүРӨТ

Таң жарып суук жел бетиң өөп,
Жаңы күн торгой үнү канат күүлөп.
Келиндер шыпырып короо жайды,
Кайталанып күндүк иши суу себелеп.

Күн желеси берип нурун эрте таңдан,
Жашоо жүрөт тыным албай сыноосунан.
Жакшы жаман арам адал жашоосунда,
Өтө берет бири ыйлап бири күлүп тагдырдан.

Дарак эгип көгөртүп короо жайга,
Тамырлап өсүп мөмө байлап жайда.
Аракети баламдын бир атадан болуп артык,
Ата журтун сыйлаган болсун казык.

Неберелер өсүп сүйлөп кыргыз тилде,
Ата мекенин коргосун сүйүп дилде.
Кем болбосун жакшыларга жанашкан,
Ата-салтын эне тилин сүйсүн бирге.

## ЧЫНДЫК БОЛСО

Жашайм мезгил өтүп жатат карайм артка,
Аркан таштайм ойлоп алды аркама.
Чызылдаган чындык ыйлап өксүсө,
Чыдай албайм көрүп туруп артыма.

Ак ийилет бирок сынбайт турат тике,
Дилиң ооруп саргаясың ийилгенде.
Санааркап оюң санга барчаланса,
Жалаа жаап жалган турат бийикте.

Шаркырап агат суулар мөлтүр кашка,
Тунуктугу көз уялтат күзгү ташта.
Доол шамал өчүн алат нөшөр жамгыр,
Сел болуп күр-күр ачып булгап сууда.

Өтөт өткүн күн чыгып жымжырт аба,
Мөлтүр суу тазарып агат кайра.
Ак, кара, бир жүрөт дейт, - дайым бирге,
Жалган сөз жамандык акты булгабаса.

## АЙДАЙ АЯЛЗАТ

Өзүңө сүйүү берип,
Жүзүнөн мээрим төгүп.
Жаратканым жаратыптыр,
Жылдыздуу аялзатты.

Көзүнөн нуру жанган,
Балага мээр салган.
Жарыны жандай сүйүп,
Мээримдүү аялзатты.

Түйшүгүң оор дайым,
Чыдамың тоодой экен.
Кудайым жаратыптыр,
Сулуу жан аялзатты.

Күлгөнүң күндөй экен,
Гүлдөсөң назик бекен.
Жадырап жайнаганда,
Кулпунган аялзатты.

Аллам өмүр берсин,
Жуп сүйүшкөн бакыт келсин.
Койнуңда бала сүйүп,
Алтынсыңар аялзаты.

Таманда бейиш деген,
Апалар асыл экен.
Көңүлүн көтөрөлү,
Энелер аялзатты.

## КОРДОЛГОН КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым чачыранды ай талаада,
Көз жашы наристенин ыйлаганда.
Кул болду бөтөн элде ач жылаңач,
Акча бербей кор кылган кожоюнда.

Документсиз келе албай канчалары,
Үй жок жатып сызда жер төлөдө.
Оорукчан болду канча жаштарыбыз,
Боз уландар тентип канча ыйлаганы.

Кабар келет Россиядан табытта,
Эне боздоп тууган урук сыздаса.
Жесир калып жаш келин боздогондо,
Жетим калды канча бала кыргызымда.

Кыздары кыргызымдын ай чырайлуу,
Кар кылды акча деп ой кыялы.
Кыргызым намыстуу парасаттуу,
Азгырдыбы акча деп көп сулууду.

Үй курган акча тапкан далайлары,
Баймын деп тоготпогон канчалары.
Көрүп туруп бири-бирин колдобостон,
Мыйык күлүп үстүнөн шылдыңдары.

Кайрымдуулук кылат көп жаштары,
Ынсап берсин ыймандуу асылдары.
Өтөт кетет бул заман өткүн дүйнө,
Жакшы болсоң адамдын адамдыгы.

Акча деп аалам кезген кыргыз элим,
Оңолоор күн келип жарк эткенин.
Жомоктой эсте калат өткөн доор,
Күн келээр кыргыз элге тентибей бөтөн жерде.

## ӨЧПӨГӨН ЫСЫМДАР

Кыргыз жерин көкөлөтүп асманда,
Акындарым таанытты го ааламга.
Алыкул, Жолон, Турар канчалары,
Эл эсинде сүйүп жазган ырларында.

Толкутуп жүрөк сезим саптарында,
Сүйүү күчү таза бакыт тапканыда.
Акындарым окурманга дем берген,
Мекендин сулуулугу тазалыгы ырларында.

Махабат сүйүү күчүн даңазалап,
Калеми жагып жатты от тутантып.
Бүт элиме таанытып жазгандарын,
Өчпөс оту жанып турат кылымдарга.

Сүйүүсүн баркын билип акындардын ырындай,
Бир жаралат Жолон, Турар, Алыкулдай.
Дайым эсте ырдап жүрөт ырларың,
Таза сүйүү эне мээрим жылыткандай.

Окуганда дем бересиң дайым мага,
Тажабай окуй берем ырларыңды.
Бир жаралган акындарды эл сүйгөн,
Эл оозунда унутубайт эч качан.

## ТАБАК АЙ ТАБАК

Барат келет табагың сыйлуу жайга,
Көтөрөбүз тапканды алыбызча.
Отурасың сый конок барган жерде,
Көтөрө албай кайтабыз напсиң кара.

Ал табагым бер табагым барды келди,
Курук барсаң уяласың  не апкелди.
Сыйың дагы сыйлоо эмес кол учунда,
Мыйык күлүп узатышат кошкун деди.

Мал көтөрүп барсаң эгер кел-кел гана,
Төрдөн орун, бетиң кызыл сыйлоо жайда.
Кучактап кол булгалап узатышып,
Табагым жакын кылган тууганды да.

Бар табагым кел табагым берекесин,
Ырыскысы каттоонун толо берсин.
Барбай калса табагым эгер балким,
Ара жолдо каттоо жок сын табагым.

Сыйы менен сыйлоо шарт пендесинде,
Жаралыппыз көңүл алып бергенине.
Напсибиз колду карап үмүт кылган,
Табагыбыз толо берсин кудай берсе.

## МЕН БАКТЫЛУУ ЭНЕМИН

Энемин мен бактылуу балдарыма,
Чырпыгым чынар болду өсүп мына.
Беш балам пешенемде байлыктарым,
Күнүм чыгып Ала-Тоодой маңдайымда.

Өттү күндөр балалык кез балдарымдын,
Келме кезек келди башка эне атанын.
Сүйүп бала тууганың өтөт доор кара,
Өрүгүнөн данеги таттуу экен баланын.

Үйүрүлсө жабышып этегиме балдары,
Толкунданып кетемин үйүм жарык чырагым.
Мен бактылуу энемин неберелер данегим,
Ооруганда айыгам бир күлгөндө балдарым.

Бала келин карашат шүгүр кылам Аллага,
Көңүлүмдү көтөрөт баласындай магада.
Дуба кылам баарына миң ырахмат балдарга,
Кадырлуу энемин мен байлыкмын балдарыма.

## КҮЙГӨН ЖҮРӨК

Жүрөгүм уйгу-туйгу эч тынбаган,
Үй жумуш чарчоо билбей тажабаган.
Мээримим балдарыма төгүп салып,
Бейкапар жашоом кызык өтүп жаткан.

Доол шамал чагылган түштү башка,
Качалбаймын тагдырдын салганына.
Ай чырактай баламды  алды өз эгеси,
Он сегизде толуп нурлуу чырайында.

Күлгүн кез кыз сүйбөйбү чачын сылап,
Апа деп эркелебей көңүл улап.
Чак түштө түштү үйүмө чагылган,
Күйүп жандым тирүү өлүп айыкпаган.

Кызыгы жок жашоонун азыр мага,
Өтөт күндөр чыйыр жол баратам арабада.

Той тамаша оюн күлкү жашоо кандай,
Түн караңгы кулак дүлөй уксам кана.

Төрт дубалды күндө карайм алсыз жаным,
Сыр бөлүшөм дартым айтып көп ыйладым.
Бир Аллам көрсөтөсүң душманга да,
Жүрөк оту өчүрө алгыс алоо жанып.

Өтөт өмүр өтө берет туман жолдо,
Эне ыйы ат көтөргүс арабада.
Кычырап бороон аяз жамгырында,
Жашап келем жүрөк күйүп аязында.

## ТАТТЫБҮБҮ ЭЖЕГЕ

Бир өткөн заманда жаралыптыр,
Бир сулуу кыз бүт элге таралыптыр.
Аккуу бекен көлдөгү калкып сүзгөн.
Асмандагы ай бекен жылдыз көргөн.

Турна моюн ак жүздүү бир жылмайса,
Күн бекен жарк эткенде нурун чачкан.
Кудайым бир жараткан бул сулуудун,
Бул заманда тең келбес кыздар чыкса.

Ырдаса жаз көктөмдөй сайрап булбул,
Кулпунуп жаз гүлүндөй назик бул гүл.
Аңдышып гүл үзүшкө далаат кылган,
Жете албай ырын угуп арман кылган.

Баркына жете албадык гүлдү коргоп,
Нур жүзүң ачылдырбай аны кордоп.
Айланчыктап тикенектер чым от басып,
Тез соолуду кызыл гүл эх арман өсө албастан.

Аллахым жаннат бактан жай берсе экен,
Шактан шакка булбул болуп сайраса экен.
Элиң сүйөт сендей сулуу бир жаралган,
Сулуу бойдон жүрөсүң унутулбай элиңден.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Төгүлөмүн жүрөктөн санаа тартып,
Сагынамын ой кыялым булут ашып.
Демигемин алып учуп туулган жерге,
Сагындырган керемет күч, кучак жайып.

Кандай сыр бар өзүңдө туулган жерим,
Адыр тооң өскөн жерим ата тегим.
Топурагың туулган жерим алтын экен,
Кучак жайган төркүнүмдүн төрүндөмүн.

Жаңыланган Баткен шаарым бир башкача,
Жаш шаарым жаштар өсүп тамыр жайса.
Тирилгендей ата-энем, бир кубанам,
Өсүп өнгөн жерим көрүп моокум кана.

Жаш шаарым талпына бер жолуң кенен,
Атың чыккан өрүк зарым мол берекең.
Ачыла бер Айгүлүндөй эл суктанган,
Конок келсин кут ээрчитип төрүң кенен.

## БЕШ КӨКҮЛ ЧАЧ

Шуру мончок тагынган беш көкүл чач,
Кызыл гүлдүү көйнөгүң көздү тартып.
Шыңгыр күлкүң кулагымды кытыгылап,
Арбап алып дене боюң багындырат.

Күмүш сөйкөң кулагыңда жаркыраса,
Көгүш гүлдүү көйнөгүң кумар жазат.
Олоң чачың белден түшүп басканда,
Сыйкырланып турам карап чырайыңа.

Үкү топуң жарашып көкүл чачка,
Сары көйнөк жарашыптыр бир башкача.
Карай берем суктанып олоң чачка,
Беш көкүл чач ашык болду сага канча.

Кызыл көгүш сары кийген олоң чачым,
Түр көйнөк жарашкан сага дайым.
Ак гүлүмө топ жигит ашык болгон,
Беш көкүл чач жаңы ачылган жоогазыным.

## АЗАМАТСЫҢ АЯЛДАР

Датка энебиз Курманжандай Алайдан,
Эл башарган даанышманы аялдан.
Депутаты сүрөтчүсү ар кесиптен,
Баатыр эне энелерим көп баладан.

Жүрөгү элим деп ырын жазган,
Даңазалап мекенин бүт тааныткан.
Эр азамат акындай көп аялдан,
Тең келип жигиттерге намыс алган.

Балбаны көп аялда баатырлары,
Жоон билек жигитке тең алгыры.
Намыс алып жеңип келген жеңиште,
Жигиттерче кармашкан чыгаандары.

Багбаны көп аялда жер көгөрткөн,
Ийип шагы мөмөдөн түр көчөттөн.

Жашылчалар кырман толуп базарда,
Берекеси элимдин  өсүп өнгөн.

Ырчысы көп аялда ырдап чыккан,
Ыр уксаң дем аласың кумар жазган.
Ала-Тоо сулуулугун шаңшыта бер,
Булбул үндүү сайраганда жашарткан.

Энесиң баатырсыңар ийип шагың,
Аялсыңар теңдеши жок мөмө алган.
Эжейлер дараксыңар ийип шагың,
Бала окутуп мээр берген сылап башын.

Аялдар күчтүүсүңөр баарынан чарчабаган,
Саанчысыбы, чабаныбы соодада базарынан.
Эл сакайткан докторубу эл сакчысы милиция,
Мекен коргоп жоокерибиз түн күзөткөн.

Азаматсың аялдар алмустактан,
Баатырсыңар жоого чыксаң жеңип салган.
Алдыга ат салдырбай шамал жиреп,
Кыргыз аял намыска бек келе жаткан.

## ОШ ШААРЫМ

Сулайман -Тоо суктантып жалгыз гана,
Шаар ичинде турасың көркүң кара.
Келишимдүү көркүңдү жазда көрдүм,
Түрлүү гүлдөр ачылып кулпунганда.

Гүл ордосу Ош шаарым түркүн гүлдөн,
Суктандым карай берем гүл түрүнөн.
Жарашып секелек кыз бантигиндей,
Топ-топ гүлү башында көгүш түстөн.

Жашыл арча күзөткөнсүп гүлдөрдү,
Күн желеси жаркырап нур көктөгү.
Таза шаарым шарпып аккан сууларың,
Сулуулугуң сулуу кыздай Акмөөрбү.

Ак бурааң агып жаткан эчен кылым,
Сулуусу кан тамыры эл ырысын.
Ар улуттан ынтымактуу катар тамдар.
Мейман достуу төрү кенен Ош шаарым.

## КӨНГӨН АДАТ КАЛАБЫ

Бир заманда жашаптыр Темир чабан,
Эрте жазда талаада мал кайтарган.
Үйү балит жыйымы жок аялдан,
Өтөт турмуш күндөр өтөт арадан.

Күндөр өтүп баласыз бул аялдан,
Ажырашат аялы кетип Темир чабан.
Үйлөнүптүр Темир чабан бир сулууга,
Кийим таза үстү бүтүн жуулгандан.

Кабагын карыш салган Темир чабан,
Эрте кетет кеч келет кабак салган.
Аялы түр даамдан аш кесмеси,
Үйү таза чайы ысык оту жанган.

Ачылбайт эч кабагы Темир чабан,
Тамак жебейт үшкүрүнүп бир аздан.
Санаасы санга кетти аялынын,
Күрүч ашпы бешбармагы умач аштан.

Кандай тамак жасайт экен бу чабанга,
Жакпадым кабак салат үнсүз гана.

Эрте кетти Темир чабан ичпей тамак,
Жактырбайтко кетсем бекен ойлуу гана.

Ойлонуп кирди кошуна Жылдыз айга,
Эч жакпады тамагым жолдошума.
Кандай тамак берчү эле кеткен аял,
Ачылбады кабагы жакпадымго мен ага.

Күлдү кошна Жылдыз сулуу, ал аялга,
Үйрөнгөн адат калабы бул адамга.
Таруу ботко жасап бер, борт-борт деген,
Казан астыга алдыргын күйүк берген.

Жасап берчү аялы таруу ботко,
Борт-борт кайнатчу араң отко.
Түйшүккө жок жалкоо аял эле,
Көнгөн адат Темир сагынганго күйүк ботко.

Келди сулуу жасады казан толо,
Борт кайнап күйүк даам таруу ботко.
Кеч күүгүм келди Темир кабак салып,
Өтүк чечип док урунуп эшик кагып.

Жайылган дасторконго койду нанын,
Чыны толо таруу ботко жасаганын.
Өңүмбү же түшүмбү деп Темир чабан,
Күлкү кирди каткырып карап ашын.

Ох ох «Эсилим ашым» ох эсилим ашым,
Бир ичет тамшанып ботко ашын.
Тердеп тепчип сагынган боткосун,
Бактылуу жашап калыптыр сулуу айым.

Ошол күндөн ушул күнгө  калган экен,
Лакап болуп деген сөз «Эсил ашым».
Ар кимдин үйрөнгөн көнгөн адатын,
«Эсил ашым» деп айтабыз азил кебин.

## КУШ КЕЛДИ НООРУЗУМ

Күн алтын нурун чачып жерге,
Жаңырды жер жашарып килемге.
Адыр тоом кучак жайып элиме,
Малы тоюп сүтү толгон челекте.

Казан толуп кайнап сүмөлөгү,
Энелерим шайыр көңүлдөрү.
Дуба берип элиме ак батасын,
Ак сакалдуу каарыларым төрдөгү.

Ноорузум ынтымагы элимдин,
Жер жаңырып кут береке келгенин.
Үрөнү өнүп чыксын деп тилек кылам,
Эл ырысы кырман толуп берекеси.

Арзанчылык болсун дайым элимде,
Ыйманы бар ырыс кешиктүү жеримде.
Ак пейилдүү таза эмгек Ала-Тоодой,
Куш келсин Ноорузум кут элиме.

## КУДАЙ КОШКОН КУДАЛАРЫМ

Кудай кошкон кудаларым жакындан,
Уул кызым багы ачылган кудалардан.
Сый коногум кудаларым төрүмдө,
Сылык сөздүү урмат кылып караган.

Кызым бердим кыз кылып Айымканга,
Мээр төктү баласындай Айсулууга.
Эки эркек бир кыздуу таттуу жашайт,
Өз үйүндөй кызы болду кудаларга.

Үч келин чырагым маңдайымда,
Апа дешип орун басты кыздарымдай.
Тагдыр экен алмашып алмустактан,
Түшкөн жерде бир шаар болот тура.

Шүгүр деймин Аллага бала кыздан,
Тукум улап өнүп өсүп болсун ынак.
Кудаларым аты улук кудай деген,
Сый көрөлү ызат урмат уул кыздан.

Он бир небере көрдүк уул кыздан,
Үйүм толгон базар азыр баладан.
Сагындырат чүрпөлөрүм бир көрбөсөм,
Бактылуубуз балдардан кудалардан.

## БААРЫБЫЗ БИРДЕЙ ПЕНДЕБИЗ

Суранабыз кудайдан Аллам берсе.
Жарык дүйнө күнү чыгып нуру тийсе.
Асман ачык булут жок күндү тоскон,
Жарык аалам күлүп күн тээ төбөдө.

Адамга жакпайт күнда жамгыр тилеп,
Булут басып нөшөрлөп жамгыр жаап.
Чагылганы чартылдап добулбас каккан,
Шамалы жини келип дарак чайпап.

Адамдар сабыры жок азгырылып шайтанга,
Түз жолдон адашабыз тез арада.
Көз ачып жумганча түшүнбөй кандайча,
Иш өткөндө өкүнөсүң баары бир пайда жок да.

Аллам айтат адамга аракеттен ал берекет,
Оңой тамак барбы изденебиз жеш бекерге.

Жараткан аба сууну бекер берген адамга,
Калганын иштеп таап жегин деген ал береке.

Алда жакпайт адамга кам сүт эмген,
Көз тойбой уурулук тономой алдамчыдан.
Бекерпозу тилемчи жеңил тамак тапканга,
Адамбыз жаралган жалмап жешке алдаган.

Жерде жатат баары байлык иштегиле,
Маңдай териң тапсаң таттуу жегенге.
Күнөөсү көп адамдын билип кылган,
Ыйлап сурайт Алладан күнөөсүн кечиргенге.

Алланын боору кең кечиримдүү пендеге,
Кечирет күнөөлөрүн жаратканым кечкенге.
Адамбыз унутабыз кайра жасап күнөөнү,
Өлүштү эч билбейбиз Аллага жооп беришти.

Жакшылар көп адамда кудай сүйгөн,
Жакшынын шарапаты сактап келген.
Ыймандуу ынсаптуу кудай тааныса,
Элим ынак балдай таттуу жашоо көрмөк.

Байлар башынан таза суудай агышса экен,
Деңиз болуп берекеси толуп ташышса экен.
Ак эмгектен кырман толуп Ала-тоодой,
Элим ток нан издебей ток жүрсө экен.

Эне сыйлап мекен сүйгөн жаштарга,
Гүлүн сүйүп мөмө байлап шактаса экен.
Эне тилин жоготпой өз тилинде,
Кыргызым кыргыз болуп жашаса экен.

Жети атасын тааныган кыргыз да бар,
Үрп-адат каада салтын билсин жаштар.

Ченебей сулуу жерди Аллам берген,
Шарпып аккан шаркыратма дарыялар.

Кадырына жетели Аллам берген баарыны,
Ачылбаган байлыгы ороп койгон тоолордо.
Кордобойлу алып сатып талааны,
Убалы койбойт бир күн өчүн алат баарыны.

Айта берем эмне дейин бул жалганда,
Таза жашап өтөлүчү ким түркүк ааламга.
Бир курсак тоет бай дагы кембагалың,
Бай оролбойт парчага бирдей пенде оролот акка.

## МАЖБУР ЖАЗГАН КАЛЕМИМ

Чыдабаймын көрүп билип жазбашка,
Чындык ыйлап жалаа алып калганга.
Акчасы жок чындык ыйлап күнөөлүү,
Мыйык күлүп жалган сүйлөп табаласа.

Көрүп угам көбүнү апыртканын,
Көрбөй туруп учуртуп ушак айткан.
Кечиремин, кечирсемда кеч урам деген Алла,
Үйрөнгөн адат калабы кайрап тили сайраган.

Курук доомат бир байкушту сыздатса,
Жүрөк сыздап муңу жетпей алсызда.
Көпкөндөргө көрсөтсө экен тез күндө,
Келме-кезек башка келип бир муңайып ыйласа.

Эл сыйлабас саткындар элде жокпу,
Намысы жок бир жанын ойлоп курсак токпу.
Мекенин ойлогон эр азамат кыргызда көп,
Окко тосуп шейит кеткен жигит өлүп.

Аалам жарык ай шооласы нур төгүлгөн,
Ай күбө жылдыздуу түн, Алла көргөн.
Уурулук тономой арам иштер канчалаган,
Кезек келер күнөө ишин жазалаган.

Аттиң арман жигит гүлү жанатта гүлдөсө,
Булбул болуп гүл шагында сайрап жүрсө.
Элиң эстеп дуба кылат баатыр балдарына,
Жигит гүлү өлбөйсүңөр элдин жүрөгүндө.

Турмуш өтө берет жер айланып,
Түн карангы жарыгы жок түнөргөн.
Таң жарытып күн нурун төккөн,
Жайнап гүлү жазда ачылып көгөргөн.

Тагдырдын  салганына башын ийип,
Энелер бала үчүн жүрөк күйгөн.
Ыйлаба энелерим балаң баатыр,
Элим деп эр азамат чыгаандарың.

Кимге кандай оорунун кадырын соо билеби,
Жетимби ач кадырын ток билеби.
Таразасы тагдырдын бирдей тартса,
Бай кембагал бирдей болуп теңдешеби.

Арман дүйнө, кимине кандай жазган,
Айткан менен пайда барбы тагдырдагы.
Ойуш - кыйыш өткөөл дүйнө апсыккан,
Жеткен алып жетпегени курук калган.

Алсызмын күч келет жаманды жазганга,
Оюм жетсе күчүм жетпейт мен арманда.
Калемим курчуп ооруларды сакайтсам,
Колдон келсе тазартмакмын жамандан.

Көңүлүн алып көтөрсөм окурманым,
Пайдам тийсе бир азга жашарамын.
Бир күндүк жакшы сөзүң жан эргитсе,
Жарык дүйнө өтөт өмүр чиркин дүйнө.

Ыйлаганды сооротсом дем күч болуп,
Баш сыласам жетимди эне болуп.
Оюм ойго жетпейт барчаланып,
Кээде жаш баладай отурам сакоо болуп.

Бакылдын багы көгөрбөйт аңдып кадам,
Оро казасың көрө албай кеселиңби оо арам.
Тагдырың казып койгон гөрүң билгин аны,
Кандай күнгө туш келерин билбейт адам.

Оңой оокат азгырык бейиш эмес,
Убактылуу жалган дүйнө түркүк эмес.
Какшатып курук доомат арам жеген,
Бул дүйнө жалган сага жеңиш эмес.

Шүгүр кыл пендеси алты саның аман,
Мунжу эмес сокурбу дудук ооруп жаткан.
Аалам кара жарык таза болгон адам,
Бир карынды кумалак сасытпаган.

Кыргыздай эл барбы бул дүйнөдө,
Кадырын билбейбиз жашап күндө.
Топ келишкен баары бар бейиш төрү,
Аллага шүгүр дейли биз жашаган өлкөгө.

Мазмуну

Акындын орошон ой-толгоолоруна пикир………….. 3
Экинчи китеп……………………………………….. 6
Автордун таржымалы…………………………….. 7
Жазгым келет………………………………………. 8
Шахан кыз…………………………………………. 8
Чогуу жашаган абысындар……………………… 9
Жакшылык кыл…………………………………….. 10
Аккан суу…………………………………………… 10
Көзүм күбө баарына……………………………… 11
Эл эмне дейт………………………………………. 11
Анделек…………………………………………….. 12
Күттүм балам күттүм…………………………….. 13
Байчечекмин………………………………………. 14
Кайнененин жаманы……………………………… 14
Насаат кеп укканга……………………………….. 15
Жакшы бол келиндер…………………………….. 15
Ынтымак үйдө бакыт бар………………………… 16
Мекеним……………………………………………. 17
Ак жоолук………………………………………….. 18
Ата-энем болсо азыр…………………………….. 18
Гүлдү сүйдүм………………………………………. 19
Баткеним…………………………………………… 20
Кең дүйнөдө……………………………………….. 20
Жаштык доор бир келген балалык…………….. 21
Айылым…………………………………………….. 21
Ыйлаган Ак- Куу…………………………………… 22
Кыз бала…………………………………………… 23
Кызыл-Кыям……………………………………….. 23
Ала – Тоо сулуулугу……………………………… 24
Болгулачы амандыкта……………………………. 25
Балалыгым…………………………………………. 25
Күзгү нөшөр……………………………………….. 26
Өлүм эскертүүчү...................................................... 27
Ичи тардык………………………………………… 27

Сагынуу бар………………………………………….. 28
Алып сатмай замана………………………….. 29
Тоо гүлүм……………………………………………… 30
Сүйүү жазы…………………………………………… 31
Бөбөктөрүм…………………………………………… 31
Көктөм сыры…………………………………………. 32
Өмүрүң………………………………………………… 33
Шыпаагер Замир……………………………….. 33
Мыскалым…………………………………………. 34
Эл ишенген азаматтар…………………………… 35
Журтум аман болсун……………………………… 35
Акча……………………………………………………. 36
Жазгы жамгыр………………………………………. 37
Баткеним алтын бешигим……………………. 38
Эне тили……………………………………………. 38
Келин келди…………………………………………… 39
Ыймандуу карылык………………………………. 40
Керегим сага айтам………………………………. 41
Бөлүнбөйлү кыргыздар…………………………… 42
7-апрель коогалаңы……………………………… 43
Күн балабыз чоңойгон…………………………… 43
Бир тууганым………………………………………… 44
Атыр гүлүм…………………………………………… 45
Кызгалдак ай кызгалдак………………………. 45
Соргок бала (бөбөктөргө)…………………….. 46
Атакем…………………………………………………. 48
Калат бары…………………………………………… 49
Ыйман берсин пендеге…………………………… 50
Көптүргү........................................................... 51
Ак жол……………………………………………….. 53
Энекем……………………………………………….. 54
Өмүр шашат………………………………………. 55
Кайын журтум………………………………………. 56
Калтырбайлы көңүлдү...................................... 57
Эгиз гүлүм…………………………………………. 57
Сүмөлөк……………………………………………. 58

Ай теректер…………………………………………… 59
Баткен жазы…………………………………………….. 60
Сабыр кылчы…………………………………………… 60
Жаз күлкүсү.............................................................. 61
Арбактарды сыйлайлы……………………………… 62
Жакшы атыбыз калсын…………………………….. 63
Неберелер кылыгы………………………………….. 63
Анар…………………………………………………….. 64
Төөк (тамсил)…………………………………………. 65
Кыргыз салтын сактаган……………………………. 66
Жаннат жерим………………………………………... 67
Өлүм шашат………………………………………….. 69
Жокчулук мүдүрткөндө……………………………… 70
Кара шоро…………………………………………….. 71
Аял зат…………………………………………………. 71
Балбан Замир……………………………………….. 72
Жараткан Алла……………………………………….. 73
Өттү балалык…………………………………………. 74
Өчпөс от……………………………………………….. 74
Баткен коогалаңы…………………………………… 75
Таң калган короз(тамсил)………………………….. 76
Табышмак сыр……………………………………… 76
Калтырбайлы көңүлдү.............................................. 77
Эшик ачам жакшыга………………………………… 78
Күн келет……………………………………………… 78
Алың жок……………………………………………… 79
Жүрөк сыры………………………………………….. 80
Жаңы күн……………………………………………… 81
Бактылуубуз бала менен…………………………… 82
Тооба кыл…………………………………………….. 83
Ар кандай…………………………………………… 83
Аял эне баарыбыз…………………………………… 84
Орозо ай……………………………………………… 85
Кызыл гилас………………………………………….. 85
Заманыбыз өзгөрдү.................................................. 86
Жазгым келет………………………………………… 87

Балдарым байлыгым………………………………….. 89
Мекен үйдөн башталат………………………………… 90
Ай, ай кыздар……………………………………….. 90
Мейман кыз………………………………………………. 91
Шүгүр дейли……………………………………………….. 92
Жакшы сөз………………………………………………. 93
Толгономун……………………………………………… 94
Тоонун сыры……………………………………………. 94
Тоолорумду сагынам…………………………………… 95
Базар башым……………………………………………… 96
Балдарым бактым…………………………………………. 97
Астра……………………………………………………… 97
Үч кыл комуз…………………………………………. 98
Уюткулуу элденбиз……………………………………. 99
Сулуу жерим…………………………………………….. 100
Жакшы бололу………………………………………….. 100
Коёнек бөбөктөргө………………………………………. 101
Өчпөс отум тутанат
«Азиз балам элесине»………………………………… 102
Адамбыз адам бололу………………………………… 103
Бир тууган жакындарым………………………………. 104
Таңкы ырыскы……………………………………….. 104
Жыргализим…………………………………………….. 105
Адамгерчилик……………………………………………. 106
Жок дебейли…………………………………………… 106
Арак ачуу шайтан дос………………………………… 107
Үйүм базар……………………………………………… 108
Апамдан алдым сабак………………………………… 109
Туура жолдо…………………………………………….. 110
Сүрөтүң……………………………………………….. 110
Бешене тагдыр…………………………………………. 111
Муңайбачы жаштыгым………………………………… 112
Тоолорум сагынганда…………………………………. 112
Мен менсинбе………………………………………… 113
Сулуу айым……………………………………………… 114
Жолоочу кыз……………………………………………. 114

Болдум кайнене………………………………………… 115
Ысcык-Көлүм………………………………………… 116
Каймактары кыргыздын……………………………….. 116
Жаз айы………………………………………………….. 117
Алтайлык кыргыздар…………………………………….. 118
Кор болгон мекендештер………………………………… 118
Дос деймин……………………………………………… 119
Аккан суу………………………………………………… 120
Ишенич…………………………………………………… 120
Жакшы окуйбуз…………………………………………. 121
Турналар………………………………………………… 121
Куу мышык……………………………………………… 122
Кара бала………………………………………………… 122
Ашкабакты коон деп……………………………………… 123
Тоолорум………………………………………………… 124
Жылуу сөзүм адамга…………………………………… 124
Туулган жер……………………………………………… 125
Турмушта боло берет…………………………………… 125
Адамбыз жаралган…………………………………….. 126
Айнурумсун……………………………………………… 127
Эки кызым чырагым…………………………………… 127
Кел деген адеп………………………………………….. 128
Аяш достор……………………………………………… 129
Ысcык токоч……………………………………………… 130
Сүйгөн сулуу…………………………………………….. 130
Аял күчтүү.......................................................... 131
Поэзия жан досум……………………………………… 132
Алтын апам……………………………………………… 132
Ат адамдын канаты……………………………………… 133
Энелер…………………………………………………… 134
Адамзат………………………………………………… 134
Адамзат (2)……………………………………………… 135
Акындары кыргыздын…………………………………… 136
Арам тамак……………………………………………… 137
Өкүнүч…………………………………………………… 137
Шыпакер иним Аширбеков Замирбек...................... 138

Кем дүйнө…………………………………………… 138
Баламдын күчүгү...................................................... 139
Лөлү кыз……………………………………………. 140
Тилемчи эне…………………………................... 140
Сагындым жаштыгым……………………………. 141
Балалыгым өскөн айылым……………………… 142
Жалгыздык……………………………………………. 143
Ырым менен сырым……………………………… 143
Бирге көрөт жер көтөрөт……………………………………. 144
Ашкабак азил чыны аралыш……………………. 145
Батпаган эне каарыганда……………………….. 145
Секелек кыз……………………………………….. 146
Азизбек……………………………………………….. 147
Агай эже…………………………………………….. 147
Тооба деймин………………………………………. 148
Апакемдин сандыгы……………………………. 149
Сырдуу дүйнө…………………………………….. 149
Жаңы клип……………………………………….. 150
Кайран гана балдар…………………………….. 151
Энелер ааламсыңар…………………………… 152
Жазгы айылым………………………………….. 152
Энелердин айтканы………………………………. 153
Жашылчалар………………………………………. 154
Аппаз агайга…………………………………….. 155
Ай гүлүм……………………………………………. 155
Баткендин девизирасы………………………… 156
Эне толгоосу……………………………………. 157
Адеп үйдөн…………………………………………. 158
Жазбай калган калемим……………………… 159
Балалыкка кайрылуу…………………………… 160
Жашоо жүрөт……………………………………. 162
Чындык болсо……………………………………. 162
Айдай аялзат………………………………………. 163
Кордолгон кыргызым…………………………… 164
Өчпөгөн ысымдар………………………………. 165

Табак ай табак…………………………………………… 166
Мен бактылуу энемин………………………………… 166
Күйгөн жүрөк……………………………………………… 167
Таттыбүбү эжеге………………………………………… 168
Туулган жер………………………………………………… 169
Беш көкүл чач……………………………………………… 169
Азаматсың аялдар……………………………………… 170
Ош шаарым………………………………………………… 171
Көнгөн адат калабы…………………………………… 172
Куш келди Ноорузум…………………………………… 174
Кудай кошкон кудаларым…………………………… 174
Баарыбыз бирдей пендебиз………………………… 175
Мажбур жазган калемим…………………………… 177

**АДЫЛОВА АЙТИЛЛА**

# ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ДИЛИМДЕГИ СЫРЫМДЫ

Редактору: Джуманазаров Айталы
Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Компьютерге салган: Шайлообек кызы Үпөл
Корректору: Атамырзаева Гүлзада

Терүүгө берилди 20.03.2017-ж. Басууга 11.06 2017-ж.
Кагаздын форматы 60x84. 1/16 14,75 б.т. Буйрутма №17. Нускасы 200.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.

Тел.: моб +996 778 50 04 88, 0552 020080